Орозбай Жакыпов

# Ааламга кучак ачамын





*Жарылгандай башталганбы дүнүйө?*
*Асман жердин кирип бардым үйүнө.*
*Жарыламын ырды окуп көңүлдөн,*
*Бекер кетпей бекер жашап өмүрдөн.*

Орозбай Жакыпов

# ААЛАМГА КУЧАК АЧАМЫН

№ 13656

Бишкек – 2013

УДК 821. 71
ББК 84 Ки 7-5
Ж 75

Ж 75 **Жакыпов Орозбай**
Ааламга кучак ачамын. Ырлар. – Б.:
«Бийиктик», 2013. – 224 б.

ISBN 978-9967- 13- 632-10

Китепке жаш акындын сүйүү, өмүр, Ата-Мекен, кыргыз жана Манас жөнүндө ой толготкон ырлары кирди.

Окурман журту өзүнчө изденүүсү бар акындын ырларына кош көңүл калбайт деген ойдобуз.

Ж 470230031-13

ISBN 978-9967- 13- 632-10

УДК 821. 71
ББК 84 Ки 7-5

© Жакыпов О,. 2013.

# *ЖЫРГАЛБЫ МАХАБАТ АЗАБЫ?*

## БИР ШИҢГИЛ

Бир шиңгил махабаттан айтайын,
Бир үзүм көңүл сырын ачайын.
Бир сулуу жүзүн көргөм мен дагын,
Бир алоо оттой күйүп жанганмын.

Бир шиңгил жүзүм эле түйүлгөн,
Бир татым көңүл шиңгил үзүлгөн.
Бир шиңгил өмүр жашоо эсимде,
Бир шиңгил ширин жүзүм кичине.

Бир насип назик сезим буюрган,
Бир чөйчөк шербет эле куюлган.
Бир ысык сезим жагып ичиме,
Бир шиңгил жүзүм эле кичине.

Бир шиңгил жүзүм эле теңи жок,
Бир оттой сырты жалын, ичи чок.
Бир жебе жүрөк тешип сайылган,
Бүт дүйнөм кол көтөрүп багынган.

Бир шиңгил кармап алып колума,
Бир ширин, шириндигиң сонун аа,

Бир шиңгил көрмөк бар да, жемек жок,
Бир шиңгил жүзүм сымак көңүл ток.

Бир шиңгил сүйгөн элем өмүрдөн,
Бир эсим сактап алды көңүлдөн.
Бир сулуу сүйүп-күйүп калганмын,
Бир жүзүм бакка сейил салганмын.

Бир шиңгил жүзүм эле мөлтүрөк,
Бүт дүйнөм толуп берген көкүрөк.
Бир шиңгил шарап десе арактай,
Бир шиңгил кармап алып мен мастай.

Бир шиңгил колго алып мас болдум,
Бир өмүр ошол күнгө жаш болдум.
Бир шиңгил махабаттан үздүмбү?
Бир шиңгил сүйүү толгон жүзүмдү.

Бир шиңгил айттым сүйүү мөлтүрөк,
Бир көңүл назик сезим өпкүлөп.
Бир шиңгил махабатпы кичине,
Бир дүйнө катып алган ичине.

*05.06.2012*

## КИМ СҮЙДҮ МЕНЧЕЛИК

Ким сүйдү? - дагын башка менчелик,
Кош сүйүү салдың беле кечмелик.
Кең жайык дайра болуп алгандай,
Кош өркөч толкун толуп аккандай.

Мен сүйдүм толкун ашкан кайыктай,
Кең өзөн аккан дайра жайыктай.
Жээк бойлой наркы өйүз тарапта,
Бир караан сендей болуп барат да.

Ал өйүз сендей болуп көрүнөт,
Бул өйүз мендей болуп бөлүнөт.
Бир дайра акты сүйүү махабат,
Бир добуш салган өңдүү шаркырап.

Бир дайра күүгө келип агыптыр,
Бир укмуш күүнү күүлөп алыптыр.
Эшит! - дейт туйгу сезим эзилип,
Жээк болуп турган мага кезигип.

Жээк белем дайра бойлой кыргакта,
Гүл өмүр жетпей калды кыр жакка.
Кыр ашып тоого чыгып барбадым,
Жээк бойлоп сени ойлоп калганмын.

Той тойлоп көңүл толгон махабат,
Бүт ойлор дайра болуп ал агат.
Бир дайра сүйүү агып биз үчүн,
Ким сүйдү? Сени мендей, сен үчүн.

Ким сүйдү? Дагын менден башкасы
Сен үчүн тунук суунун кашкасы.
Мен белем аккан дайра өзгөчө,
Бир тунук назик сезим чөкпөсө.

Жээк болуп бийик жардай калдымбы,
Жээк түптө терең сайдай бармынбы.
Сай бойлоп сансыз таштар көп жатат,
Сыр дүйнө көңүл төргө ал катат.

Жан дүйнөм көңүл тартып түбүнө,
Жөн эле жашап жүрбөй күнүгө.
Ашык жар качан келет? - деп турам,
Жар болуп, жээк болуп мен турам.

*04.06.2012*

## ЖЕТИМ СҮЙҮҮ

Келбей койдуң элесиңди жиберип,
Бопбош кучак элесиңди имерип.
Көзүм көрбөй тулку турпат боюңду,
Жолукпадым кармап алып колуңду.

Кайдасың сен? Билсем дагы дарегиң,
Кездешпестен көрө албай карегиң.
Карегиңе карегимди түшүрбөй,
Кантип анан жүрөм жүдөө үшкүрбөй.

Үшкүрүгүм ичтен сыздап жалын от,
Быкшып түтөп күйө албай алоо от.
Быкшып калдым түтөгөн түтүндөй,
Чиркин үмүт биротоло үзүлбөй.

Үмүт үзбөй элесиңди чакырам,
Күңүрт сүрөт элесиңди батырам.

Эсиңдеби, эсиңдеби кечиндеги,
Эсимдеги бир өпкөнүм эсиңдеби.

Оттой эрин, күйүп кеткен алоолоп,
Бүт эркимди кармай албай жылоолоп.
Оттой күйүп, коркпой сүйүп экөөбүз,
Аттиң арман, эми болсо төртөөбүз.

Сенде башка, менде башка жарыбыз,
Тагдыр башка, бирге калды жаныбыз.
Такыр эми арга жокпу, ылаажы,
Сүйүү кесел табылбайт ко дарыбыз.

Ката болду баскан жолдо аралык,
Менде калды сүйүү үчүн аталык.
Аталыкка жетпей калды махабат,
Сен тараптан болбой калды апалык.

Аталыкка, апалыкка жетпедик,
Сүйүп алып, сүйүү жолун эңседик.
Гүлдөй сүйүү калып кетти талаада,
Биздин сүйүү жетим калган бала да.

Жетим сүйүү калып кетти ал бизден,
Айып кетти кана айтчы, ал кимден?
Сүйүү үчүн соккон жүрөк тазабы,
Айып эмес сүйгөн жүрөк азабы.

*29.07.2012*

## АЛТЫН БАЛЫК ТУТКАН ЧАЛ

Көрдүм, көрдүм, күндөй нурлуу, гүлдөй жан,
Көрдүм, көрдүм, аппак таңдай нурлуу таң.
Жаңы дүйнө, эки көзүм ачылып,
Жамгыр өңдүү тамчы-тамчы чачылып.

Ана кызык жашыл аалам, бул дүйнө,
Кызык-кызык болуп кетти дүр-дүйнө.
Дүйнө көркөм, кызыл жоолук жалжалым,
Ана ушул менин тапкан бир жаным.

Сүйдүм аны чындап көңүл ачылып,
Аппак кардай, аппак сүйүү чачылып.
Аппак экен, аппак жоолук салынган,
Ашык болуп издеп жүргөн табылгам.

Көңүл эле шаңдуу сүйүү жасанган,
Сүйүү келчи, тармал чачын таранган.
Тармал чачы толкун болуп көрүнөт,
Толкун болуп алтын түстө өрүлөт.

Жандуу дүйнө тирик жашоо өзөгү,
Чындык сүйүү нуру жанган көздөгү.
Белги берген көзүң сенин башкача,
Жүрөк булкуп башка жакка качпаса.

Келчи-келчи махабатым ойногон,
Сүйүү баркын кайып сүйүү колдогон.
Оомат келип сүйүү берсин бактыны,
Кереги жок хан олтурган тактыны.

Жандай сүйүү, жаным толуп алсынчы,
Сүйгөн жаным, сүйүп сенде калсынчы.
Сүйдүм сени, сүйө берем түбөлүк,
Бирге жашап, турмуш куруп, күлбөдүк.

Сүйдүм эле толуп-ташып көңүлүм,
Көлдөй тунук көкмөк көлдүн өзүмүн.
Көңүл кирдеп калса мага келе бер,
Балык сымал суудан чыкпай сүзө бер.

Балык болуп сууда калсын көңүлүң,
Чумкуп чумкуп көлдө эркин чөмүлгүн.
Эрке балык, алтын балык болуп кал,
Өзүм болом алтын балык туткан чал.

*29.07.2012*

## СҮРӨТ ТАРТАМ

Бир мага бир өзүң кайра келбесиңден,
Арга жоктон сүрөт тартам элесиңден.
Элесиңди элестетип келесиңби?
Эркин мүнөз, эргүү болуп бересиңби?

Сүрөт тартам, боюң менен, толук мүчө,
Тегерегиң ороп коюп жыпжык гүлгө.
Келбетиңди окшоштуруп периштеге,
Кисти менен жеткен өңдүү жеңиштерге.

Сүрөт тартам тааныш элес караанынды,
Жандуу элес тартуу үчүн каламымды.

Учтай берем кайра-кайра түгөбөсүн,
Тарта албай калсам эгер күнөөлөсүн.

Күнөө менде тартпай калсам элесиңди,
Сүрөт болуп жаштык күнгө келесиңби?
Сен келбесең, мен келтирем эргүү менен,
Сени сүйгөн назик сезим деми менен.

Жарык нурун, көлөкөсүн тапсам болду,
Аралаштырып, түркүн түстүү боекторду.
Ойнок көзүң, оймок оозуң, кызыл жүзүң,
Чийме кашың, кырдач мурун, сенин түсүң.

Күлүп турсаң, мага карап элесиңден,
Карап турган, жарык нурлуу келбетиңден.
Сүрөт тартам көңүл ашык сырларынан,
Гүлдөй көркөм, кызгалдактуу кырларынан.

Кырдан бийик, тоолор турат, аппак карлуу,
Гүлдүү талаа, жалгыз гана сен чырайлуу.
Көкмөк асман, булут коштоп сени менен,
Сүрөт тартам бүтүн аалам кемибеген.

Ошол сүйүү, болот эле кайталангыс,
Эч бир жан бир сөзү менен айта алгыс.
Тартайынчы эргүү менен, кудай акы,
Кайталангыс сүрөт болсун, жоктой баасы.

Карап тургун, ошондо сен сүйүп тиктеп,
Махабатка болуп тургун бир чоң китеп.

Алоо оттуу көзүң менен жагып тургун,
Сүйүүгө бир топ тамчыдай токтоп тургун.

*15.07.2012*

## АППАК КАР

Айлуу түн, апапак кар таптаза,
Асмандан жааган кар жаап жатса.
Ай алыстан тегерек көрүп турат,
Ак сүйүү экөөбүзгө бөлүп турат.

Айым сен алдымда кардай таза,
Аппак кар астында изим калса.
Артымдан ээрчидиң изим басып,
Акыркы артымдан изиң салып.

Апапак сүйүүлөр аппак кардай,
Айлуу түн, ак сүйүү самагандай.
Ай жарык, ай жүзүң, кызыл гүлдөй,
Ак сүйүү чогун үйлөгөндөй.

Ак карлар, жаап жатат, бизди тосуп,
Ак сүйүү, чын эле, бизди кошуп.
Ашыгым жолуктук, жүрөк тандап,
Аяздуу кышкы түн, суукка сабап.

Асмандан аппак кар төгүлгөндөй,
Ааламдан ашык жар өтүнгөндөй.
Айлана тегерек аппак түндө,
Ашыктык сүйүүгө бизбиз күбө.

Айталбай сөздөрдөн, көңүл түптү,
Айталбас сөздөргө көзүң күлдү.
Агарган карлардан сүйүү түшүп,
Айрылып кетпестен турдук үшүп.

Ак карлуу кышкы түн, элгек элеп,
Аппак кар жаап жатса, ак себелеп.
Айрылуу барлыгын кайдан билдик,
Агарып таң атпас болсо дедик.

Айрылып коштошуп кетээр элек,
Агарган таңдардан алып белек.
Аппак кар жаап жаткан кышта калып,
Агарган таңдардан сүйүү табып.

Ачыгы сагынам кышты дале,
Ал кандай мупмуздак суук дебе.
Ашыктык сүйүү от, кыштан алгам,
Андыктан от жагып кышка барам.

*20.01.2011*

## КОШТОШТУК

Коштошсом сага таасир этеби,
Коштошпос күндөр бизге келеби.
Коштошпос элем билсең эч качан,
Коштошпой кайрадан сага барсам.

Кош! – десем, коштошпой кой десең,
Кел эртең, баш кошкон той десең.

Кой дебей, коштоштуң суз гана,
Кетээрде карадың уурдана.

Коштоштук унчукпай сөздөр калбай,
Бошоштук айтканга сөздү таппай.
Капилет буугандай кимдир бирөө,
Көздө жаш тегеренип мажирөө.

Кадалып толгон экен көздө жаш,
Карачы азыр кетем акылдаш.
Көздө жаш толуп турат төгүлбөй,
Көзүңө калсам керек көрүнбөй.

Көрүнбөй калсам сага кантейин,
Кош дебе, коштошпостон кетейин.
Көздө жаш ызааланып калбагын,
Көздө жаш аарчып салгын ардагым.

Коштошпой кетким келди жөн эле.
Коштошкон күн бир болбоду беле.
Кош дебей, калдың го өзүң менен,
Көз толо мөлтүлдөп жашың менен.

Кайыр кош, дебедик коштошоордо,
Көңүл бош, көңүлдү бошотоордо.
Кош көңүл суз тартып кала бердиң,
Капалуу тагдырды ала бердим.

*13.01.2011*

## ЖОГОТТУМ

Жоготтум ак сүйүү көрдүңөрбү?
Жоолугу кызыл гүл көрүнбөйбү?
Жоготтум бир сүйүү айткылачы,
Жоолукса өзүмө саткылачы?

Жоготуп изди таба албадым,
Жол жүргөн издерден араладым.
Жапжашыл жалбырак жашыл эле,
Жоолугуң гүлдөрү кызыл беле?

Жоготуп койдумбу жүрөгүмдү,
Жок кылбай койнумда түнөгүнү.
Жүрөгүм коңулдап бошогондой,
Жок эмес ордунда онтогондой.

Жүрөгүм издесе эмне кылам,
Жөнөймүн издешем жолго чыгам.
Жалбарып суранам айткылачы,
Жан сырым махабат табылсачы.

Жан элес, көрүнбөй койдуң мага,
Жонума артылган болдуң санаа.
Жоголгон издери махабаттын,
Жолдошун кусалык сыр сактадым.

Жол алып барамын жете албай,
Жолдорун өмүрдүн кече албай.

Жээгинен өмүрдүн аккан суудай,
Желпинген көңүлдүн ак куусундай.

Желпинип учкандай асман көккө,
Жеңилип калгандай тиктеп көпкө.
Желпиди канатын салкын гана,
Жайылган канаты калкып аба.

Жайганда канатын учкан экен,
Жаратты тырмаган кусам бекен.
Жарадар жүрөктү аймап алып,
Жан далбас үмүттү табып алып.

Жоголгон сүйүүмдү издеп жүрөм,
Жолдордон сагалап күндөп-түндөп.
Жонумда сагыныч чаңдары бар,
Чарчаңкы абалым армандыр ал.

*07.02.2011*

## ӨРҮК ГҮЛГӨ ТААЗИМ

Гүлү гүлдөп, өрүк гүлү жакшына,
Гүлдөн жоолук салып алды башына.
Гүүлөп көңүл, эргүү берди мага да,
Күлүмсүрөп, турган кыздай жакшына.

Гүлдүн жыты, аңкып сонун буркурап,
Гүлдөй сезим, асман көктөн куюлат.
Гүлдөр учуп, жерге түштү карачы,
Гүлдөй сүйүү, тынчы кетип санаасы.

Гүлдөр гүлдөп, шакта турат өйдөдө,
Гүлдөй көңүл, эргүү берип көңүлгө.
Гүлдү көрүп, сүйүп калып баарыны,
Гүлдөп турган, кармап алып шагыны.

Гүлдөй көңүл, гүлдөн обон чыккандай,
Гүлдөр ырдайт, обон созуп ак таңдай.
Гүлдөп турган, сүйүү болуп айлана,
Гүлдөп өрүк, сырын айтып каймана.

Гүлү ушул, өрүк гүлү сүйүүнүн,
Гүлдөй ыргак, тапкан көңүл күүнүн.
Гүлдөн аңкып, жыпар жыты тарады,
Гүлдөй көңүл татып алган шарабы.

Гүлдөп өрүк, күндү карап жылмаят,
Гүлгө сүйүү, кылган өңдүү зыярат.
Гүлгө таазим, сүйүү башын ийгендей,
Гүлдөп өрүк, аппак көйнөк кийгендей.

Гүлүң төкпөй, тура турчу суранам,
Гүлдөй сулуу кыздан бир аз уялам.
Гүлдүү көйнөк сага гана жарашат,
Гүлдөй көңүл сүйүү издеп таң атат.

Гүлдөй көңүл өрүк гүлгө эркелеп,
Гүлүн төгөт өрүк багым себелеп.
Гүлдөн толуп болуп турду салтанат,
Гүлдөп турат өрүк багым, чар-тарап.

Гүлдө өрүк, гүлдүү аалам болгондой,
Өрүк гүлгө, асал аары конгондой.
Өрүк гүлдөн, сүйүү даамын соргондой,
Өрүк чарбак махабатка толгондой.

*29.03.2011*

## МАХАБАТЫМ ӨРҮКЗАР

Көзүм көрүп өрүкзарды кубанат,
Көркөм өрүк ак сүйүүгө дубалап.
Күлүп сүйүп өрүкзарым тургандай,
Кабак түйгөн капалыкты куугандай.

Кабак ачып, тиктеп алып кубанам,
Кеткен сүйүү, келсечи деп суранам.
Көзүн кысып, өрүкзарга жашынып,
Бырс этти да, күлүп берди каткырып.

Күткөн үмүт, өрүк гүлгө катылып,
Күнү бүгүн, турган өңдүү ачылып.
Кучак ачып, салам айтып тургандай,
Кусам ашып деңиз толкун ургандай.

Кере жыттап, сүйүү кумар таркабай,
Кайыл болдум, өрүкзарды аралай.
Катып алып, өрүкзарым өзүндү,
Карай берип, таппай койдум көзүндү.

Кандай укмуш, өрүк гүлү апапак,
Кыргыз жигит, кийет дейби ак калпак.

Калпак кийген, кыргыз жигит сүйгөндөй,
Кандек өрүк, сүйүү сунуп күлгөндөй.

Күлсө жигит, кызы кошо күлгөндөй,
Күлгөн кезде, өрүкзарым миң гүлдөй.
Күлкү мээге, таасир берип ачылат,
Гүлдөп өрүк, сүйүү мончок тагылат.

Гүлдөй бергин, сүйүү берген өрүкзар,
Гүлдөй куунак жүрөктөрдө жалын бар.
Гүлдөп турган махабатым өрүкзар,
Гүлдү тосуп, кол кармашсын ашык жар.

Гүлдөй турмуш, өрүкзарым бергендей,
Гүлдөй жумуш, өзү гүлдөп келгендей.
Гүлдүн жыты, жашоо турмуш баштаган,
Гүлдөй сүйүү, өрүкзарым сактаган.

Гүлү гүлдөп, өрүкзарым ачылды,
Гүлүн төгүп, өрүк гүлү чачылды.
Гүлдөй сүйүү сулуу кыздар жашырды,
Гүлдөп өрүк, жыпар жыты аңкыды.

*29.03.2011*

## СҮЙҮҮ БОЛБОСО ТҮҢҮЛТ

Азгырып сүйүү башымда туман,
Агарган күнүм батканда улам.
Асманда күйдү жылдыздар миңдеп,
Армандуу көңүл өзүңдү издеп.

Астейдил көңүл өзүңдү каалап,
Азгырык сүйүү көңүлдү алдап.
Аа-на-ке деген жалганчы үмүт,
Азгырык сүйүү болбосо түңүлт.

Асманда толо жылдыздар жайнап,
Азгырык сүйүү өзүмдү алдап.
Алтын чач жылдыз учтубу көчүп,
Азгырык сүйүү кеттиби өчүп.

Асманды ээлеп алалбай өзүм,
Арзыган сүйүү таппады көзүм.
Ашыкмын жаным өзүңө жалгыз,
Алоолоп оттой сүйүүгө барбыз.

Алоолоп дене тулку бой турат,
Адашып кетпе менден узактап.
Асманда тургун жылдыздай күйүп,
Ашыкмын дечи өзүмдү сүйүп.

Ашыкмын десең угайын өзүм,
Ашыктык оту күйгөндөй көзүм.
Асманды карап жылдыздан табам,
Ашыктык оттук оттугун жагам.

Ашыкмын өзүм өзүңө гана,
Ажарлуу жүзүң көзүңдө гана.
Алоо от күйсө жалындап улуу,
Ашыгың өзүм, сүйүүнүн кулу.

Астейдил карап өзүңдү тандап,
Арзууга жарап өзүңдү баалап.
Абайлап кармап көңүлүм менен,
Анчалык кымбат өзүңсүң дегем.

Алдаба мени махабат ширин,
Арзыбас мени абайлап билсин.
Ашыктык деми сүйүүгө толо,
Ашыгым издеп барамын жолдо.

*11.04.2011*

## СҮЙӨ БЕРЕМ

Көктө бийик махабат сүйүү тамчы,
Көңүл ийип көңүлгө үмүт салчы.
Көктөн тунук жамгырдай төксөң эгер,
Көңүл күткөн тазалык болуп келээр.

Көкмөк асман махабат бойго толуп,
Көчкөн заман салтанат тойдой болуп.
Кербен ошол махабат жүгү менен,
Комуз добуш миң кайрык күүсү менен.

Көңүл тутуп шамалды айдап алып,
Кетти шамал кайдадыр изи кайып.
Качты шамал жаштыктан сурап жүрөт,
Кайып сүйүү өмүрлөр улап жүрөт.

Кеткен күндөр келбестир, аны билем,
Кимдир бирөө сүйбөстүр жаны менен.

Кимдир бирөө түшүнөөр дили менен,
Канттай ширин сүйүүлөр үмүт экен.

Каккан казык айланган сүйүү бекен,
Калган жерде сүйүүдөн ачка бекен.
Курсак эмес көңүлү тойбой калган,
Куса болгон көздөрү торлоп алган.

Көзү көрбөй башканы бөлөк бөтөн,
Көзү туман бозомук издейт көктөн.
Көктөн келбес асмандан айдай болуп,
Кырктын күнү саратан жайдай болуп.

Катар өтүп мезгилдер, көп жыл толуп,
Күндөр өтүп, сезимдер жыпжык болуп.
Кеткен күндөр келбестир өзүң менен,
Күлүп тиктеп тургандай көзүң менен.

Кайтпас күнгө акылым жетсе дагын,
Келээр күндөн издедим, издейм дагын.
Кеткен күнгө жашынып жүрө берчи,
Келбес күнгө ашыктык күбө дечи.

Капас торго кармалган сүйүү болду,
Калыс сөздөн арналган үмүт толду.
Келбес жолдон, жол карап күтө берем,
Кайран өмүр бүтпөсө, сүйө берем.

*21.04.2011*

## ӨЗҮМӨ БЕР

Сүйөмүн!!! – деп айткым келет,
Сүйгөндүгүм чын далилдеп.
Далили бар жүрөгүмдө,
Чындык сүйүү түнөгүндө.

Бардыгы ал жүрөгүмдө,
Жүрөк сүйөт күлгөнүндө.
Күлгөнүндө жарык аалам,
Махабаттан жалгыз калгам.

Асман аалам махабатчан,
Сени менден ала качкан.
Ала качкан адаштырып,
Жан дүйнөмдү чаташтырып.

Жалгыз калгам чаташканда,
Өзүм сенден адашканда.
Алмашканда күнүм түнгө,
Адаштырып мени сүйбө.

Жетпедимби, жетпедимби?...
Билбей жүрөм дагы эле.
Эч жетпедиң - мени дебе,
Араң эле жеттим эле.

Сүйүүгө мен жеткен элем,
Сүйүү менен жашай берем.

Адашпадым бир сүйүүдөн,
Өлгүчөм сүйүп үлгүрөм.

Үлгүрөмүн ишене бер,
Бир сүйүүнү өзүмө бер.
Өзүмө бер өзүм алам,
Сүйүү менен жалгыз калам.

*30.06.2013*

## СҮЙҮҮ ЖЕҢЕТ

Бир сүйүү бышыптыр жерге түшкөн,
Мен байкуш бышышын канча күткөм.
Күткөнмүн, билбепмин өзүм дагын,
Махабат бериптир сүйүү балын.

Сүйүү бал сунуптур, ширин экен,
Чаңкаган жаныма шимип ичкем.
Шимидим, жөн эле жутуп койдум,
Ай ошол күнү мен чындап тойдум.

Эзилип бышыптыр ушунчалык,
Бир ширин, бир ширин уйкучалык.
Уйку ширин, уйку махабаттан,
Уйку тарап кетип, ак таң аткан.

Аппак таң агарган күндүн нуру,
Күн санап ар дайым мезгил турду.
Мезгилден бир сүйүү ала качтым,
Бир сүйүү маанисин өзүм таптым.

Мен ачтым бир сүйүү ак барагын,
Кантип мен өзүңө бир жагамын.
Жагайын дегенмин махабатка,
Бир сүйүү келиптир алтын башка.

Жапжаңы махабат бетин ачам,
Сүйүүнү эң бийик эңсеп жатам.
Бир сүйүү бар эле кашы кара,
Сүйүүгө жетпедим мен бечара.

Бечара, бир байкуш болуп жүрөм,
Баары бир дагын бир сени сүйөм.
Сүйөмүн дедимби, сүйгүм келет,
Байкасам бардыгын сүйүү жеңет.

*30.06.2013*

## КУЛАДЫ МАХАБАТ

Сөз ыйык, сөз гана сүйлөчү,
Обу жок, түшүнбөй күлбөчү.
Күлбөчү, жым туруп, кулак сал,
Мен айтам махабат, угуп ал.

Махабат кошулган өмүрлөр,
Миң тамчы жамгырлар төгүлөөр.
Бир сөз бар көңүлдө өзгөчө,
Мен сүйөм өмүрүм бүтпөсө.

Өмүрлөр бир келет, бир кетет,
Бир өмүр махабат жетилет.

Бой жетип махабат өзгөрбөй,
Бир сезим өзүңү көргөзбөй.

Сүй! – деди жүрөгүм буюруп,
Бир кыздын ай нуру куюлуп.
Туйлады жүрөгүм, туйлады,
Бир сезим өзүнөн кулады.

Кулады махабат бой таштап,
Эки тоо учун бир аттап.
Эки тоо ортосу – дарыя,
Бир кыял агылат жайыла.

Жайылып махабат кең өзөн,
Махабат жүзүн көргөзөм.
Көргөзөм махабат ичинен,
Махабат өзүнөн тирилген.

Тирүү жан махабат түбөлүк,
Бир жашап, жан биргем сүйөлүк.
Сүйөбүз, күйөбүз от болуп,
Очокто махабат чок болуп.

*30.06.2013*

## МАХАБАТ ТАБАМ

Бир сүйүү сактагым келет,
Бир күнү сагыныч келет.
Бир куса көңүлгө үйүп,
От болуп жалындап күйүп.

Күйгөн от өчпөсүн десең,
Оттугун өзүмө берсең.
От болуп элесиң турат,
Жүрөктү туйлатып бурап.

Туйлаган көңүлдө аалам,
Он сегиз миң аалам табам.
Табамын издеген жолдон,
Махабат кетпеген ойдон.

Дүйнөм бар махабат деген,
Ак сүйүү сулуу кыз берген.
Ошол кыз жарыктык дүйнө,
Окшошкон өтө кооз гүлгө.

Кооз гүлдү искегим келди,
Ал гүлдү тиктегим келди.
Тиктесем көңүлдү ачат,
Жык толуп, махабат ашат.

Махабат чайпалып ашты,
Карачы чийилген кашты.

Көзүңдөн айланып кетем,
Канткенде өзүңө жетем.

Айланып кетейин өзүм,
Карарып тунарды көзүм.
Көзүңө көзүмдү кадап,
Сүйүүгө өзүмдү байлап.

***25.07.201***

## МАХАБАТКА АРНАЙМЫН

Көрбөдүм көп күн болду, көп болду,
Көңүлгө куса санаа көп толду.
Деги кой, эмнесин айтайын,
Мейличи, сар-санаага батайын.

Сар-санаа салып кеттиң түңүлтпөй,
Сагыныч бир өмүрдө үмүттөй.
Үмүтпү өчпөс оттой үлбүрөп,
Күйбөгөн жерди жалын күйдүрөт.

Күйдүрөт ошондуктан сүйдүрөт,
Бир жашоо өмүр аны түшүнтөт.
Түшүнгүм келди сени өмүрдө,
Бир назик сезим туйгу көңүлдө.

Эң назик сезим экен махабат,
Сар-санаа көңүлүмдү сагалап.
Сагалап элес болуп турасың,
Жок эмес бардай болуп угасың.

Угасың мен ырдаган ырларды,
Сен уксаң ошол мага жыргалбы?
Жыргалбы ырдап кетсем өмүрдөн,
Жамгырдай нөшөрлөп бир төгүлгөн.

Көңүлүм жык нөшөрлөп өйдөдөн,
Нөшөрдү жер кучактап төмөнтөн.
Өйдөнүн жер жубайы өзүммүн,
Сүйүүнүн тик караган көзүмүн.

Көз болом ак сүйүүнү самаган,
Сагынып сен жакка эч барбаган.
Баргым келет күн сайын барбаймын,
Ыр жазып махабатка арнаймын.

*22.07.2013*

## ЭКИ ТООДОЙ

Эки тоодой көрүшпөйбүз эч качан,
Эки жолдон бараткандай салт атчан.
Эки ойдо ойлогондой бир ойду,
Эки тоодой дегендерим бир тообу?

Экөөсү тең бийик тоолор кар баскан,
Эки тоонун махабатын ким ашкан?
Эки тоодой аралыктар алыскы,
Эки тоодой эки жакта калдыкпы?

Эки тоонун ылдый жагы адырлар,
Эки адам махабатты кадырлар.

Эки тоодой көрүшпөсөк мейличи,
Эки тоого махабатым элчиби?

Эки тоонун аппак кары кетпейби?
Эки тилек максатына жетпейби?
Эки тоодон суулар агып биригет,
Эгер билсең махабатым киринет.

Эки тоодон аппак карлар көрүнөт,
Эки ашык кошулбады, бөлүнөт.
Эң чокусу булут ороп оролоор,
Эки анжы махабатым чоролор.

Эки тоонун аппак кары көңүлдөр,
Эрте жазда эрип агып төгүлөөр.
Эрке суудай махабатым таарынып,
Эки жээкке ашпай турат тартынып.

Эки тоонун ылдый жакта сайлары
Эки четин коштоп турат жарлары.
Эки өйүз махабаттын жээгинде,
Эки тоонун аккан суулар белинде.

*12.01.2013*

## КҮҮНҮН СЫРЫ

Кайрылгандай издеп таппай кайрылган,
Махабаттан кимдер мендей айрылган.
Куунун сырын жүрөк кылы черткендей,
Куунун башын баштап берген Камбаркан.

Куунун сырын черткен кандай комузчу,
Көңүл калкып көккө бийик учсунчу.
Кайкып кетти ак булутту аралап,
Махабаттын канатындай сабалап.

Куунун сыры толкун толкуп толкуган,
Өрнөк өнөр комузчунун колунан.
Махабатты мактагандай көрүнөт,
Мукам үнү комузунан төгүлөт.

Кууга салып өзүн кошуп алгандай,
Ак булутту кучагына салгандай.
Комуз сүйлөп комузчунун колунда,
Бараткандай махабаттын жолунда.

Ак куу сымак түгөйүн жоготкон,
Куунун башын кайрып алып толготкон.
Көктөн издеп, көлдөн учуп бараткан,
Куунун сыры махабаты канатчан.

Көккө учуп кайра конот көлүнө,
Көңүлдөшүн издеп жүрөт көрүүгө.

Күүлөп черткен күүнүн сыры канатчан,
Күүнүн сырын сүйүп калып жараткан.

Черткен комуз добуш мукам угулат,
Сагынычтан кусалыкка бурулат.
Көккө учкан ак куу көлгө кайтпады,
Махабатка өзүн уруп таштады.

*12.01.2013*

## ЭСИМДЕ

Жаштыктын бир түнү кечинде,
Жашынган бир сүйүү эсимде.
Эсимде ошол түн кубанган,
Жүрөгүм болк этип туйлаган.

Жапжашыл бүт аалам жаз эле,
Аттиң ай! Бир көргөн ай эле.
Ай эле жаркырап төгүлгөн,
Көңүлгө махабат өрүлгөн.

Ак сүйүү ай нуру төгүлгөн,
Нур жамал ай нурга өбүлгөн.
Ай нуру талашып өзүмдөн,
Кызганыч көңүлдөн төгүлгөн.

Жаштыктын ал түнү кечинде,
Эсимде, ал менин эсимде.
Эсимде ай чыгып асмандан,
Эркимди кызгантып сынаган.

Эсимде, эсимден кеткен жок,
Жамалың жаркырап көңул ток.
Аядым өзүңдү, өппөдүм,
Ошону билбедим, эсим жок.

Жаштыктын ал түнү эсимде,
Жашырган бир сүйүү кечинде.
Ай калкып жаркырап ыраактап,
Ак сүйүү өпкөнүн ырастап.

Ай карап өзүң жок жүрөмүн,
Ай тамак махабат түгөйүм.
Ай калкыйт мактанып өпкөнүн,
Ким билет махабат көркөмүн.

*30.01.2013*

## СҮЙҮҮ БАЯНЫ

Титиреп тулку денем калтырап,
Негедир мени сага шаштырат.
Шашпа! – деп өзүң турсаң алдымда,
Шашылып дагын, шашып калдым да.

Ашыгып сага барсам жолугуп,
Айталбай, айтчу сөздөн корунуп.
Ошондой күндөр кандай жагымдуу,
Жолуккан кездер болуп бактылуу.

Бактылуу менден башка жок эле,
Алоолоп тулку дене от эле.

Туйлап бир эрке сезим махабат,
Тиктешкен көздөр көзду кайтарат.

Кол берип, кучак ачып бергенсиң,
Күлүп бир карап турган эркемсиң.
Сүйүпмүн өзүң болгон каалоону,
Кучактап бүтүн турмуш жашоону.

Түшүнүп жашоо-турмуш өмүргө,
Сүйүнөм сени көргөн бир күнгө.
Көңүлгө назик сактап сүйүүнү,
Көктөтүп жазгы сүйүү гүлүнү.

Өмүрдүн жазы болуп жашоого,
Көңүлдү көкөлөтүп мактоого.
Кызыгып жашап өмүр сүрөмүн,
Өмүрдөн бир жакшылык күтөмүн.

Күтөмүн, демек сүйүп түбөлүк,
Көңүлгө гүлдөй сезим күбөлүк.
Сагыныч кушум учсун бийиктен,
Сүйүүнүн ыры калсын тирилткен.

Тириктен кетсек бир күн өзүбүз,
Сүйүшкөн калсын биздин сөзүбүз.
«Улуу сөз» калып сүйүү баяны,
Сүйүүгө жоктур сөздүн аягы.

Толуктап айтаар дагын башкалар,
Түбөлүк улуу сүйүүү макталаар.

Жолукса тагдыр менен бактылар,
Улуу сөз сүйүү гүлү ачылаар.

*07.04.2012*

## АЖАЙЫП СҮЙӨТ ЭЛЕМ

Мен сени, чын эле сүйөт элем,
Жок! Менчи бир алоо күйөт элем.
Мен сени ажайып сүйөт элем,
Мен сени алмашып кетпес элем.

Мен сени, эч качан сүйбөс элем,
Алоо от жакпасаң күйбөс элем.
От жанып, жүрөгүм күйгөн экен,
Жок, жок, мен чын эле сүйгөн экем.

Мен сени, неге мен сүйдүм экен,
Сен мага күлбөй жөн койбойт белең.
Күлбөсөң тынч гана жүрбөйт белем,
Мен байкуш, от болуп күйбөйт элем.

Мен эми бир гана сени сүйөм,
Бир байкуш жүрөктү мен түшүнөм.
Сен үчүн арналат бүт өмүрүм,
Сен мага гүл болуп, гүл көрүндүң.

Сен мени күйдүрдүң оттой болуп,
Күлү жок кыпкызыл чоктой болуп.
Кыпкызыл ыпысык жалын эмес,
Купкурук отунун эч ким бербес.

Отунун сен өзүң берген элең,
От болуп, от жактың көзүң менен.
От алып дүрт жанып күйө берди,
От менен жүрөгүм ойной берди.

Айтчы сен, айтып кой, болду жетти,
Дүрт этип жүрөгүм күйүп кетти.
Жер огу ордунан чыкпас үчүн,
Ач бүрүн, көңүлдүн гүлүн түркүн.

Түркүн гүл, махабат гүлүн тааны,
Типтирүү жаны бар, назик жаны.
Гүлү зар, гүл дүйнө шаңдуу шаңы,
Шипширин, таптаттуу анын даамы.

Мен билсең, өксүбөй калгым келет,
Чоң сүйүү байгесин алгым келет.
Ооматтуу байгени сага берем,
Кош колдоп чын сүйүү кошуп берем.

*31.12.2011*

## ОЙЛОГУМ КЕЛЕТ

Көз мончок болуп коругум келет,
Ар күнү туруп ойлогум келет.
Тарс! – этип октой атылгым келет,
От болуп оттой жагылгым келет.

Мойнуңа толуп оролгум келет,
Мончогуң болуп ойногум келет.

Чачыңдан ар күн сылагым келет,
Сагынып жүрүп ыйлагым келет.

Чачыңдан жыттап искегим келет,
Жакындан жакын тиктегим келет.
Мен сени жаттап алганым себеп,
Бир сүйүп өзүм калганмын демек.

От менен оттой ойногум келет,
Тик учуп кайра конбогум келет.
Куш көңүл бийик учургум келет,
Өзүңө өзүм тутулдум демек.

Өзүңө көңүл койгонум себеп,
Өзүңдөн өзүң толгонум себеп.
Өзүмсүң өзүң көргөндөй көзүм,
Өзүңө өзүм толгондой сөзүм.

Өзүңмүн өзүм айтылган сөзүм,
Өзүңө ашык катылган көзүм.
Өртүндөй сезим жалындап күйгөн,
Өчүрбөй отту лавылдап күйөм.

Сагынтып койдуң айрылган күндөн,
Сагыныч көңүл кайрылган күндөн.
Гүлүн гүлдөп өмүрлөр төктү,
Көңүлдү назик жамгырлар өптү.

Көз мончок болуп коругум келет,
Жаз жамгыр төгүп жообун берет.

Жаз келген сайын ойлогум келет,
Көз мончок болуп коругум келет.

*20.11.201*

## КАЗАРМАН

Сүйүү кени болсо казамын,
Сүйүү издейм анык тазасын.
Сүйүү казган өзүм казарман,
Сүйүү барбы таза тазарган.

Сүйүү издеп болдум казарман,
Сүйүү табам таза агарган.
Сүйүү издеп бирок таппагам,
Сүйүү мени тирик алдаган.

Сүйүп калып сага таң калгам,
Сүйгөн үчүн башка жакпаган.
Сүйгөн жүрөк сени даңктаган,
Сүйүү гүлүн сезим арнагам.

Салкын тартып менден садагам,
Салкын кечти мага арнаган.
Сулуу түндө жылдыз жайнаган,
Сүргөн таңда баары тараган.

Сүйүп сени шакек такпагам,
Сүйүү издеп аны таппагам.
Сүйүү келчи? – менден качпаган,
Сүйүү казган менмин казарман.

Сүйүү кенин табып ачпагам,
Сүйгөн жүрөк сырын сактагам.
Сүйүп өбүп сени тандагам,
Сенсиң менин жалгыз садагам.

Сүйүү сырын сакта сактагын,
Сүйүү кыйын, ыйык кыйнадың.
Сүйүп алып өзүм ыйладым,
Сени дагын бир аз кыйнадым.

Сырын сактап сүйдүм жалжалым,
Салмак асып өлчө салмагын.
Салмак баспай сүйүү сыйлагын,
Сүйүү оттой менин ыйманым.

*02.08.2011*

## КОКУС ЧЫГЫП ТАБЫЛДЫҢ

Кокус эле жолукканда экөөбүз,
Көккө жетти анда неге төбөбүз?
Чагылгандай жарк дей түштү эки көз,
Угулгандай аян болуп жакшы сөз.

Кайда элең, кайдан жүрүп кабылдым,
Неге эми, кокус чыгып кабылдың?
Жалын сымак оттой күйүп денебиз,
Жол бошотуп өтүп кетчи дебейбиз.

Ошол күнү биз экөөбүз тааныштык,
Каалап алып күлүк көңүл жарыштык.

Асман менен жер да бизди коштогон,
Көңүл ачып айлуу түндө ойногон.

Эки дүйнө бирин-бири тарткандай,
Оо жараткан! – түшүнбөдүм бул кандай?
Жаратканым отту таштап ортого,
Алып кирди сүйүү шаары, ордого.

Ордо шаарда бир аз жүрдүк айланып,
Жүрөктөрдөн жүрөктөргө байланып.
Ортобуздан конуп алды көпөлөк,
Көңүлүңдү, көңүлүмдү көтөрүп.

Жолукканда көзүң күлүп жайнадың,
Асманыма жылдыз болуп тарадың.
Тандап алдым жылдыздардын тобунан,
Кармай калып назик жумшак колуңдан.

Кол кармашып көпкө жүрдүк ойлонуп,
Ичибизде, дилибизде той болуп.
Токтой калып асман жердин койнунда,
Кокус тапкан жарым, жаным болдуң да.

Мынча көркөм ошондогу жер бети,
Күндөй беле нурун чачкан келбети.
Нурга бөлөп ачык эле көк асман,
Бакыт сунуп ошондогу таң аткан.

Таңым болдуң, ойгонгондой таң аткан,
Ойлогондой өзүң болдуң бир жаккан

Ыраазылык тулку бойдон төгүлөт,
Күндүн нуру узун чачтай өрүлөт.

Өрүп бүтө элек күндүн чачыны,
Ажырадык таба албай бактыны.
Өттү мына бир топ жылдын арасы,
Ойлоруңдан өзүң чыгып карачы.

Мен да чыгам ойлорумдан топтолуп,
Ойлоруңа ороломун жок болуп.
Ойлой алсаң ойго чөккүн жалгыз сен,
Ойлоруңдан бойго толуп турам мен.

Ойлорумда ошол күнгө барамын,
Өзгөрбөгөн элесиңди табамын.
Жапжаш бойдон, ошол бойдон элесиң,
Тааный албай нары басып кетесиң.

Ойлорумдан тааный албай өтөсүң,
Издегендей көңүлдөрдүн көчөсүн.
Ошол жолдон өтө бердиң таанылбай,
Ошол жолдо калсам эмне карыбай.

Карыган мен карап турдум эзилип,
Жапжаш бойдон элесиңе кезигип.
Түшүмдө кел ушул жолдон тосоюн,
Өзүңдөй мен жапжаш бойдон болоюн.

Тилеп алып уктап калып барамын,
Түштү көрүп, түшүм менен табамын.

Түшүмдөгү жолум ошол баягы,
Баскан жолдор ошондогу каягы?

Ошол жолдон кокус чыгып табылдың,
Табылдың да кайра качып айрылдым.
Кана көзүң? Сүйгөн көзүң көрөйүн,
Көзүң көрүп, анан кийин өлөйүн.

*10.01.201*

## МАХАБАТЫМ КИМГЕ КАЛАТ?

Өмүр бою эстен чыкпай махабат,
Өзүм карып күндөр, түнөп, таң атат.
Учкан куштай сени издеп кусалык,
Алыс жакка качып кетти убакыт.

Өттү өмүр жаштык кезди аралап,
Жаштык кезди көңүл ээрчип талаалап.
Талаа кезип издеп таппай жүрөмүн,
Катып алган болсо дагы жүрөгүм.

Катып алып сени жүрөк өзүмө,
Кегиң бардай көрүнбөдүң көзүмө.
Таарындыңбы? – махабатым айтпадың,
Жүрөгүмдөн чыга калып качпадың.

Жүрөгүмдү өзүң ээлеп камалып,
Жатып алдың, мага толуп капалык.
Жаным бирге сени менен жүрөмүн,
Азап берет неге билбей жүрөгүм.

Жүрөгүмдү ээлеп алып өзүңө,
Көрүнбөдүң анда неге көзүмө.
Көзүм көрбөй калдым беле кашайып,
Сокур көзүм менде бардай көп айып.

Өмүр ашты ала белди кар баскан,
Аппак сүйүү катып койдум калпакчан.
Шөкүлөсүн кийбей калган махабат,
Аргымакты минип алып, ал качкан.

Аргымагың аарыбасын ар качан,
Гөр үмүттү жетелетип салт басам.
Өтүп кетсем гөр үмүттү жетелеп,
Махабатым кимге калат эркелеп.

*09.01.2013*

## ӨЗҮҢ КУТУМ ЖАНШЕРИК

Өмүр жарым, тагдыр туштап кошконум,
Өзүм болуп мага окшош болгонуң.
Өмүр шерик өмүр жолдон барабыз,
Өзүң кошул демден демди алабыз.

Өмүр жарым, сенсиң кымбат тагдырым,
Өзүң байка, сага кандай кадырым.
Өзүң аскан казан турмуш кайнасын,
Өзүң сунган наны-тузуң танбасмын.

Өгөй дебей, өзүм дегин мени сен,
Өчпөй тиктеп турган көзүм сен.

Өскөн гүлдөй көңүл эргип келем мен,
Өзүң үчүн турмуш отун жагам мен.

Өзүң кутум, сени туттум турмуштан,
Өзү кудай сактап турсун уруштан.
Өчпөй күйгөн үйдө жарык чырактай,
Өзүң менен жашап жүрөм ынактай.

Өзүң барда көңүл тоюп турамын,
Өзүң жокто менде болоор убалым.
Өзүң турмуш, казан ашым кайнаган,
Өзүң жумуш, сени менен баратам.

Өзүң танда, мени гана жолуңдан,
Өзүм басам, бекем кармап колуңдан.
Өзүң төрөп берген балдар үй-бүлөм,
Өзүң үчүн балдар үчүн бир жүрөм.

Өзүм сенсиң, өзүң менмин түшүнсөң,
Өзүм эгиз, көңүл тегиз сен күлсөң.
Өзүң күлсөң, өзүм күлсөм жылмайып,
Өзүң үчүн, өзүм жүрөм ыр жазып.

Өзүм жазган ырым сырым болдубу,
Өзүм айткан, ырым сага толдубу.
Өзүм сага бир гүлдесте сунайын,
Өзүң менен өмүр жолун улайын.

Өмүр жарым, өзүм сага дарбаза,
Өзүң бактым, бакыт эшик жаппаса.

Өзүм таптым, тагдыр берген турмушту,
Өзүң менен үй-бүлөлүк жумуш бу.

*03.02.2011*

## КЫЗЫЛ ГҮЛГӨ КАТЫЛГАНДАЙ

Жалгыз өзүм гана көргөн сүрөтүмдөй,
Жандай сырым сүйкүм элес күзөтүндөй.
Жаным ысык кызык жашоо ширесиндей,
Жалгыз өзүм окуп жүргөн китебимдей.

Жалгыз өзүң бирге жүрүп ойлорумда,
Жаным шерик өмүр сүргөн жолдорумда.
Жолдо сенсиң шерик болуп бөлүнбөгөн,
Жоктой болуп, бардай болуп көрүнбөгөн.

Жаздын күнү жакын келип көрүнбөдүң,
Жазгы жамгыр өзүң белең төгүлгөнүң.
Жааса жамгыр кусаам кайра жаңыргандай,
Жакын келип кайра алыс арылгандай.

Жаккан оттой алоолонуп күйгөндөймүн,
Жок, жок чындап сени сүйгөндөймүн.
Жарык нурлуу күндүн көзүн карай албай,
Жакын адам сенден бөлөк таба албай.

Жарык нуру айдын жүзү төгүлгөндөй,
Жакын санап мени жалгыз түшүнгөндөй.
Жалгыз айым өзүң кана? Таба албадым,
Жандай сырым, айга аны айта албадым.

Жылдыз сымак, жылдыз жүзүң түнкү элес,
Жылып өзүм түндөй келсем, чочуп кетпес.
Жылдыз жүзүң өзүм өпкөм эсиңдеби?
Жылдыз толгон айлуу түндө кечиндеги.

Жылдыз сансыз, асман ээлеп жымыраган,
Жаным алсыз сени эңсеп кыбыраган.
Жаным жалгыз сени гана издегендей,
Жалгыз сенден башка жанды билбегендей.

Жаным кейийт тарта албай сүрөтүңдөй,
Жандуу боек калбай калып түгөнгөндөй.
Жакын келип сүйчү ачып элесиңди,
Жандуу сүрөт өзүң басып келесиңби?...

Жандуу сүрөт, элес салып жүрөгүмө,
Жаңы үмүт, тилек кылып күлгөнүңө.
Жаңы бүчүр, кызыл гүлүм ачылгандай,
Жайнап сүйүү, кызыл гүлгө катылгандай.

*17.02.2011*

## КЫШ ЭЛЕ

Кыш эле апапак айлана,
Аппак кар жаап жатты жай гана.
Бир укмуш агарган кыш түнү,
Жөн эмес аппак кар, кар гүлү.

Кечки кыш кулактан чымчылап,
Көңүлдү махабат кымтылап.

Кар гүлү гылмыңдап жаны бар,
Алгачкы махабат назы бар.

Кар гүлүн жараткан бердиби?
Бир кудай чын сүйүү келдиби?
Гүл эле апапак жаап жаткан,
Жүрөгүм чын сүйүү таап жаткан.

Сен айттың бул биздин махабат,
Кар конгон чачыңды тазалап.
Асмандан кар гүлү төгүлөт,
Апапак сен болуп көрүнөт.

Аппак кар ак сүйүү бердиңби?
Апапак кар гүлүм сенсиңби?
Кышкы түн махабат айлана,
Бир сөздү кайталап каймана.

Кар жаады гүл болуп басылбай,
Бир назик сөз менен айталбай.
Айтамын шашпай тур өзүңө,
Өзүмө карасаң көзүмө.

Көзүмө карасаң ичине,
Өзүңдү көрөсүң кичине.
Көзүмдө өзүңдүн сүрөтүң,
Көздөрүм өзүңө күзөтчү.

Кызганып башкадан өзүңдү,
Жумбасмын эч качан көзүмдү.

Өзүңдү көзүмө батырып,
Кар гүлүн көрсөтөм чакырып.

*17.02.2013*

## БИР КЫЗ

Ал бирөө, бирөө, мен үчүн жалгыз,
Жакшынакай ошол гана кыз.
Азыр ал кыз эмес, эне болгон,
Балалуу эне, бакытка толгон.

Мен үчүн кыз болуп, бир кыз калган,
Жакшынакай кыз бир, сүйүп алган.
Ошол кыз бир өмүр мени менен,
Ошол кыз сенби, ал эне деген.

Сен кеттиң, өзүңдөн өзүң дагын,
Кыз болуп кыз бойдон калалбадың.
Сен жоксуң ошол кыз айым эле,
Мейли келбе эч качан, эч келбе.

Кайра келбе пайдасы жок эми,
Өмүр өтүп, күн батып, кеч кирди.
Көз жумуп бир күнү өмүр өтөөр,
Бир өмүр ал күнү жерге чөгөөр.

Өкүнбөймүн сени көргөн күнгө,
Сен дагын эч качан, эч өкүнбө.
Кала бер ошол кыз, ошол бойдон,
Ошол кыз, махабатым сен болгон.

Бир сүйүп, мен калдым эске катып,
Бир өмүр, бир жашоо жашап жатып.
Ошол кызды жалгыз ойлой берип,
Жакшы ой менен мен жашап келем.

Ошол кыз сен элең күлмүңдөгөн,
Эч ким эч сенчелик сүйүлбөгөн.
Мен сүйдүм сүйүпмүн сени гана,
Махабат сенсиң бир жалгыз гана.

Ал бирөө өзүңсүң жаным сүйгөн,
Ошол кыз, кыз бойдон күлмөңдөгөн.
Күлө бер, күлө бер махабатым,
Сени мен бир өмүр табалбадым.

Табалбадым, табылбасаң мейли,
Миң жолу ыраазы болгум келди.
Кетпеди эч качан ошол кыз,
Ал бирөө, бирөө мен үчүн жалгыз.

*22.02.2013*

## ГҮЛҮ ЗАР

Махабаттан аңкып бир гүлү зар,
Маңдайыма туш болгон аңы бар.
Махабатым тереӊ жар чуңкуру,
Мазарымдай гүлдөгөн гүлү зар.

Мээнетимби билбедим кыйнаган,
Мээримиңе жетпей көп ыйлаган.

Муң-кайгыны жүктөгөн сагыныч,
Маңдайыма жазгандай таарыныч.

Махабатым гүл тикен, гүл мекен,
Маанисинде жообу жок дегдеткен.
Маанилүү бир иш бүтүн жалгандай,
Мойнума бир узун жип салгандай.

Махабаттан гүл аңкып гүлү зар,
Маңдайыма бүткөн бир түрү бар.
Мээримиңе тойбодум зар болуп,
Машакаттай бир мүшкүл шор толуп.

Махабатым гүлдөй бер гүлү зар,
Мээнетиңе бүт кайыл өзүм бар.
Миң тонна жүк жүктөй бер макулмун,
Махабатка жаралган бир кулмун.

Магдыраткан махабат гүлү зар,
Милдетимдей көтөрүп алгым бар.
Миң гүлдөн бир гүлдү мен тандадым,
Мээримиңе бир жолу канбадым.

Миң тамчы мөл булактын тамчысы,
Милайым бир махабат жарчысы.
Меңи бардай супсулуу махабат,
Муз булактай суусунду кандырат.

*17.03.2013*

## ТҮШҮМДӨ

Түшүмдө ажайып жүзүңдү,
Түшүмдөн сураган үзүрбү.
Түш көрүп араң бир жеткенде,
Түш болуп жоголуп кеткенде.

Түш көрүп өзүңө жетипмин,
Түшүнүп алдыма келипсиң.
Турасың алдымда, жанымда,
Туурасы жарыңдын артында.

Тосулуп ортодо жар турат,
Томсоргон суроодой ал турат.
Тагдырдын тардыгы ушулбу?
Түш көргөн түшүмдү учурду.

Түш көрдүм ушундай бир сонун,
Түш көргөн сонунум сен болдуң.
Түшүнбөй түшүмдө турасың,
Түртүлгөн суроодон сураттың.

Түшүмдө суроону узаттың,
Талпынган кош канат тул атым.
Тул атты карадым келишкен,

Талпынып тургандай периштем.
Түшүмдө көрүпмүн жүзүңдү,
Тилеген үмүтүм үзүлдү.

Түш экен ойгонуп кетипмин,
Түш менен түшүмө келипсиң.

Түшүмдөй өмүрдүн тул аты,
Тул аттай чапкандай ал качты.
Тул атын чабамын өмүрдүн,
Түшүмдө уктатып көрүндүң.

*17.03.2013*

## КЫШ ЭЛЕ

Айланып кар аппак төгүлөт,
Апапак ак сүйүү көрүнөт.
Кар төксө жай гана себелеп,
Ак карды ким кетти тебелеп?

Из калды артында басылган,
Бир сүйүп кимдир бар айрылган.
Мен бармын аппак кар тиктеген,
Кар кечип, ак сүйүү издеген.

Кар жаады апапак гүл болуп,
Көңүлгө гүлдөгөн гүл толуп.
Апачык асмандан күн чыкты,
Сайратып түркүн куш чымчыкты.

Чымчыгым сен элең бир кезде,
Чылк карды басканы ал эсте.
Чымчыгым кар кечип кеткендей,
Чын сүйүү терезе черткендей.

Терезем муз болуп тоңуптур,
Боз чымчык четине конуптур.
Ак сүйүү издеген түрү бар,
Жонуна конуптур аппак кар.

Кыш эле айлана апапак,
Ак кийим кийгендей бак-дарак.
Кар менен сүйгөнүм келгендей,
Кар болуп агарган бир сендей.

Сен болуп кыш мезгил келсинчи,
Кар болуп тун сүйүү берсинчи.
Тун сүйүү бир кыштай агарган,
Кыштын мен кечини караган.

Кечки кыш уктап бир жаткандай,
Ак жууркан үстүнө жапкандай.
Түн койнун ачкандай махабат,
Ак кардын койнунда ай калат.

*09.08.2013*

## ЖЫЛДЫЗ ҮЗҮП БЕРЕЙИН

Колуңду тос, жылдыз үзүп берейин,
Байлыгы жок кедей экен дебегин.
Жылдызым бар, эң бийиктен нур чачкан,
Жүрөктөн чын махабатты түн каткан.

Жылдызды айт, сага жаккан, тандагын,
Караңгы түн, жылдыздар көп, жайнаган.

Үзүп берем, сен тандаган жылдызды,
Сен тандаган, бир жылдызың жалгызбы?

Жетиген топ жылдыз да бар топтолгон,
Жарык нуру мындан ашкан болбогон.
Бөлүнүп бир, турат чогуу чогулуп,
Жылдыз ат, жети жетиген коюлуп.

Жети жылдыз, кимдер аны көрбөгөн,
Жарык нурун төгүп турат төбөдөн.
Түн көркүн ачып берген жылдыздар,
Махабатты айтып берген өзүң бар.

Алакан ач, жылдыз алып берейин,
Ашыктык махабатына жетейин.
Ашык элем убаданы беремин,
Жылдыз берем ошондуктан дегенмин.

Берем дедим, ишене бер ишенгин,
Махабатчан канаттуу ат мингенмин.
Пегас дейби, учаар атты поэзия,
Махабатпы дүркүрөгөн дарыя.

Ал дарыя, ыр поэзия токтобос,
Махабатка кучагың ач, колду тос.
Огу “ось” жер айланткан тоголок шар,
Өзүң үчүн бир жылдызды бергим бар.

*13.08.20*

## АЙ КҮЛДҮ

Бир күнү күн келет, күн келет,
Көп күткөн, жол карап, түн келет.
Түн келсе, бир үмүт үзүлөт,
Эртеңки күн дагы күтүлөт.

Бир күнү эрте таң, таң келет,
Дагын да бир үмүт күч берет.
Бир үмүт менен бир кеч болот,
Бүт үмүт кеч кирсе, жок болот.

Бир күнү келеби деп күткөм,
Бир күнү келбеди жок күткөн.
Бир күндү канча күн жоготтум,
Көңүлгө кусалык орноттум.

Орноттум бир элес эстелик,
Күн келди, өзүң жок түн берип.
Түн үзүп, үмүттү акыры,
Бир үмүт аппак таң атырды.

Барам деп айтканың эсимде,
Бир баскан айлуу түн кечинде.
Кеч эле түн кирип биз баскан,
Ай калкыйт төбөдөн бир баскан.

Ай басты, тең басып кошулуп,
Бир убак булутка тосулуп.

Караңгы түн калды биз менен,
Биз калдык, туңгуюк түн менен.

Түн эле экөөбүз көрүшкөн,
Түн беле биз менен өбүшкөн.
Экөөбүз тең өптүк бул түндү,
Булуттан шарт чыгып ай күлдү.

*13.08.201*

## ООЗУН АЧТЫМ ЫР КАПТЫН

Ойнобогун от менен,
Ошол оттой от белем.
Ойлобосом жок белем?
Оттой күйгөн чок белем?

Орозбайдай ат минем,
Осол ишти бат билем.
Орой белем, корс белем,
Орто жолдо мен келем.

Ойду толгоп бир убак,
Орто өмүр жаш курак.
Ойлоп, ойлоп бир таптым,
Оозун ачтым ыр каптын.

Оозун ачсам ыр каптын,
Озгон колду бир чаптым.
Оозун ачтым ыр каптын,
Оозу толо жык алтын.

Ойлоп көрсөм бир тыйын,
Озоңдогон бир ыйым.
Оозун байлап тим койдум,
Ойлоп башка бир койдум.

Онтоп башым бир ооруп,
Осол ишти бир тооруп.
Ойнок көзүм бир ойноп,
Ойду көрдүм бир бойлоп.

Ойго боюм тең эмес,
Ойлоп көрсөм ал белес.
Опол тоодой бар элес,
Оңой эмес бир керез.

Оңой эмес бир оюм,
Ошол паста бир боюм.
Оюм жетсе бир бийик,
Оттоп кеткен бир кийик.

Ойдон качты бир кийик,
Ойго башым бир тийип.
Оозун ачтым ыр каптын
Оозу толо жык алтын.

*16.01.201*

## КАРЫЛЫК КЕЛСЕ МАГА

Карылык келсе мага арыган,
Белим ий! – деп бир ооруп, наалыган.
Колунан жөлөп төргө өткөрөм,
Калың бир төшөк салып көлдөлөң.

Карылык келсе мага чарчаган,
Жаштыгын самап абдан чаңкаган.

Жетелеп тунук ойго чөктүрөм,
Ойлонтуп махабатын өптүрөм.

Карылык келсе мага айланып,
Колуна аса таяк карманып.
Таягын алып төргө өткөрөм,
Эстетип жаштык кезин көпкөлөң.

Карылык келсе түптүз өзүмө,
Кулагын салып турса сөзүмө.
Этият кармап өзүм-өзүмдү,
Ойлонуп угам ичтен сөзүмдү.

Карылык дөөлөтү бир өмүрдүн,
Жаштыгын жашыргандай көңүлдүн.
Карылык албай турган буюмбу?
Ичкерттен бир добушум угулду.

Карылык келет узун өмүрдөн,
Ак сакалы жаагынан төгүлгөн.
Ак батасы колунда алкаган,
Көзүнө сүрткөндөй алакан.

Карылык келсе өмүр төрүнө,
Төрүнөн кийин жакын гөрүнө.
Гөрүнө бирге өтөм көмүлүп,
Суудай бир тамчы калбай төгүлүп.

*16.01.2013*

## БИР АЯЛ САКТАЙТ

Бир аял чыгат жаман тажаал,
Башы аял, куйругу жылан.
Замандай акыр жашоо күйөт,
Жалааны жабып ушак сүйлөйт.

Аял эмес, ал кара шайтан,
Куйту, узун куйрук учкашкан.
Кудай сакта, ал бир азаптан,
Жаман ушак адамды тажаткан.

Бир аял сактайт, мээрим эне,
Башы аял, куйруктуу дене.
Ал бир балык, бактылуу эне,
Унчукпай, ушак айтпайт эле.

Бактылуу аял болом десең,
Тилиңди тарт, өзүңдү билсең.
Ушакчы, ал ажыдаар жылан,
Балалаган мите курт чаян.

Мага жааган ушактан корктум,
Кудайга, бир кудайга койдум.
Кудай сакта, бөтөн тооматтан,
Кур калтырбай жакшы ооматтан.

Кара шайтан жүзүңдү кара,
Өзүңдү көр, күзгүнү кара.

Эл – күзгү, калыс, намыс барбы?
Ушагыңа тынч элдер зарбы?

Уятың жок, эч ким да укпайт,
Жакшылыкка билсең кир жукпайт.
Мезгилдер айтаар бир күн чындыкты,
Ушактан бир шайтан чач кыл чыкты.

*16.01.2013*

## ӨЛБӨГӨН ЖАНДАР АРМАНДА

Кимдер жатат тек унчукпай,
Маркумдар жатат тумчукпай.
Курман жан гөрдүн түбүндө,
Тириктер жердин үстүндө.

Тирик жан талаш салгандай,
Тирилик жашаш ар кандай.
Курмандык чалып малыны,
Агызды малдын каныны.

Гөрүстөн бей гам мемирейт,
Шашпагын, шашпай келгин дейт.
Унчукпай тымтырс жаткандай,
Уйкуга кызык баткандай.

Уйкусу аян бергендей,
Түш көрүп жаны келгендей.
Мазарлар өлүк жайкана,
Базарда бардыр чайкана.

Тирүүлүк базар талашкан,
Күрөшүп жүрүп жан баккан.
Акыры бир күн барабыз,
Унчукпай анан калабыз.

Гөрүстөн ыйык жайкана,
Талашкан ширин жан кана?
Төгүлүп сөөгүң бузулат,
Рух жаның учуп кутулат.

Маркумдар көрөт төбөдөн,
Өлбөгөн жандар өлбөгөн.
Жылдыздар жанса асманда,
Өлбөгөн жандар арманда.

*14.01.2013*

## ТҮШҮМДӨ

Түш көрөм, түшүмдө кызык иш көрөм,
Өзгөрөм, арам алып мен өлөм.
Өлүк уйку, не кызык башка дүйнө,
Ар күнү уктаймын өлүк түндө.

Бир кызык түшүм экен мен көргөн,
Уктатып тулку бойду жан көнгөн.
Түш көрүп, ойго батып калдымбы?
Чын эле айды кармап алдымбы?

Кармап ай күнгө дагы жөнөдүм,
Негедир күндүн өзүн көрбөдүм.

Көзүм көр болду нурду тиктесем,
Түш экен көздү ачып эстесем.

Көргөн түш түшүнүк мага береби,
Жан учуп жети аалам же кезеби?
Кең дүйнө сырын ачып бир эшигин,
Түш болгон ырыскылуу бир кешигим.

Кешикпи мага берген ал төбөдөн,
Көз ачып уктап туруп мен өлбөгөм.
Кудай! - деп миң бир жолу бир мертебе,
Ислам дин мусулманчылык келмеде.

Түш көрүп күндү дагы туткум келди,
Негедир кайра дагы уйкум келди.
Таң атып калган экен уйкум келди.
Ошол күн көк асманга нурун чачты.

Улуу күн! Сен уктаба нуруң чачкын,
Көк асман жердин бети менин бактым.
Тириктик жашоо турмуш нуруң менен,
Мен болсо айды кармап уктай берем.

*13.11.2012*

## АТАНЫН СӨЗҮ, АКЫЛДЫН КӨЗҮ

Атанын сөзү акылдын көзү,
Акылдын көзү, кудайбы өзү???...
Акылда кулак, башында турат,
Акылдуу адам, сүйлөбөй угат.

Атаңдан калган, бул дүйнө жомок,
Акыры адам, бул күнгө конок.
Аталар барат, алдыда баштап,
Аталар кайтат, балдарын таштап.

Аталык өмүр, балдарда көңүл,
Аманат өмүр, балдарга төгүл.
Атаңды көргүн, атаңдай өзүң,
Атаңдай өзүң, акылы көзүң.

Атанын сөзү, атылган октой,
Атаңдын өзү, апаңсыз жоктой.
Апаңды тапкан, өзүнөн өзү,
Апаңды көргөн, атаңдын көзү.

Апаңдын көзү, баласың өзүң,
Балалык сөзүң, талаада көзүң.
Апаңда мээрим, балалык зээниң,
Апапак сүтүн аймалап эмдиң.

Аталык назар, камкордук көрөр,
Алакан сылап, мээримин төгөөр.
Атадан туяк, баласы турат,
Атанын сөзүн, баласы угат.

Аталар жолун, жолдойлу балдар,
Аталар сөзүн, колдойлу балдар.
Аталар сөзү, кулакка толсун,
Акылды айткан, аталар болсун.

Атасыз бала, коргонсуз үйдөй,
Атасыз бала, тили жок гүңдөй.
Айы жок, күнү жок, ал капкара,
Аты жок, заты жок, ал маскара.

Атанын жолун, басалы балдар,
Аталык жолдо, туура багыт бар.
Атанын сөзү, акылдын көзү,
Акылдын көзү, атанын сөзү.

*06.02.2011*

## КӨРҮП ТУРАТ

Көрүп турат, тиктеп турат, тигилип,
Куду өзү, жалгыз сага, биригип.
Карап турат, назар салып, төбөңдөн,
Кара көзүң, сокур сымак, көрбөгөн.

Кана дебе, көрө албай, жалдырап,
Кокус көрсөң, эрип кетпе, магдырап.
Куду күндөй, ысык болоор, мээрими,
Күндөн чачкан, нурун бизге, бердиби.

Көрбөй көргүн, көңүл менен таанығын,
Көзүң үчүн, көңүл менен табылгын.
Көзүң көрбөй, көңүл көзүң, көкүрөк,
Көңүл суудай, жамгыр көктөн, төгүлөт.

Кандай өзү, чоңбу? Балким кичине,
Кантип анан, кирип алган ичиңе.

Кантип эле, дейсиң балким акыры,
Кулдук урган, өзүң дүйнө жакыры.

Көрбү дүйнө, малы-мүлкүң бардыгы,
Көрбөй күлбө, малың жандан артыкпы?
Кантип анан? Өлсөң калат бардыгы,
Кайыл болдуң, ошол дүйнө тардыгы.

Курук келип, курук кеттиң дүйнөдөн,
Гөрдө бейит, жалгыз жаның үзүлгөн,
Калып кетти, жыйган пулуң чачылып,
Кана пулуң? Жалган дүйнө азгырык.

Көргүн адам, көңүл менен түшүнүп,
Көрбөй калсаң, жаман экен үшкүрүк.
Көзүң тойгон, эки чымчым топурак,
Көздү тойбос, топурагың толтурат.

Көрүп турган, кудай өзү жараткан,
Көрсүн үчүн, асман жерди жараткан.
Күндүн нуру, тегиз тиет баарына,
Күндүн табы, оттой жағат жалпыга.

Кудай үчүн, иштеп жашай берели,
Кудай бүгүн, бизге өмүр бергени.
Кудай дейли, курук калбай бүгүндөн,
Кудай үмүт, эртең келсин күттүргөн.

*06.02.2011*

## ТҮШҮНӨЙҮН ОБОЛУ

Түшүнбөймүн өзүмдү өзүм неге?
Түшүнгүдөй өзү акыл жок беле.
Түшүнбөймүн өзүмдү өзүм таппай,
Түшүнбөсмүн өзүмдү өзүм ачпай.

Түшүнүксүз, мынчалык жалгыз өзүм,
Тигилгендей кайдадыр эки көзүм.
Таңыркаган өзүмдү таанып турам,
Таш күзгүдөн өзүмө көңүл бурам.

Тааныш элес, өзүммүн ушул адам,
Тааныш эмес, жан дүйнөм кана анан?
Таанып-баган жан дүйнөм көрүнбөйт ко,
Таш күзгүгө өзүмдөй бөлүнбөйт ко.

Тулку турпат денемде, башым жалгыз,
Туюк, гүңүрт жан дүйнөм көрүнбөйт ко?
Тулку турпат денемде, буту-колум,
Тагдыр куржун желкеде, өмүр жолум.

Тагдырымдан топтолоор өмүр баян,
Түндө уктап көргөн түш, болоор аян.
Түбөлүккө жашабас, өмүр кыска,
Тирүүлүктө айтылган сөзүм нуска.

Таанып алып өзүмдү көңүл менен,
Тааныштырам башкага сөзүм менен.

Тааный албай өзүмдү турсам эгер,
Тагдырымды үмүтүм алдап келеер.

Түшүнбөсөм башканы такыр болбойт,
Түшүнбөгөн өзүмдү жакыр ойлойт.
Түшүнөйүн ободу элди тиктеп,
Түшүнүксүз болбоюн эски китеп.

Талаш-тартыш туудуруп турсам эгер,
Талаш болсо туураны элдер чечээр.
Туура жолдон туурасын табып алса,
Туура чындык жаркырап күндөй жанса.

Таарынбасын жакындар, тууган урук,
Таарынычтан жарандар чындык улук.
Таарынбасын жакыным досум болсо,
Таарынычтан артыктай чындык болсо.

*06.02.2011*

## ЭКИ КӨЗҮМ

Менин көзүм экөө, көргөнү бирөө,
Бирөө көрсө экөө, көргөнүм бирөө.
Чындык болсо бирөө, акыйкат кудай,
Эки көзүм тунук мөлтүрөк суудай.

Менин көзүм, көзүм бул жарык дүйнө,
Жарык дүйнө аалам, жамандык көрбө.
Көрсүн эки көзүм жакшылык гана,
Эки көзүм ачкан өзүммүн мана.

Менин көзүм экөө, капкара көзүм,
Сырды катып, сырды ачкандай сөзүм.
Көзүм сүйлөйт, түшүн тууган дос баарын,
Көздө мээрим ысык алоо от жалын.

Менин көзүм экөө, көргөнү гана бирөө,
Чындык издеп, чындык үчүн мен бирөө.
Өзүм жалгыз, өзүм жапжалгыз эмес,
Өмүр шерик, мага кайра бир келбес.

Эки көзүм эки булактай окшош,
Эки тамчы көз жаш көңүлүм бопбош.
Эки көзүм барда дүйнөм кең аалам,
Алга карай көзүм менен мен барам.

Эки көзүм менен кучактап өмүр,
Өмүр бирөө, кайтпас мезгилдер өткүр.
Мезгил учкан куштай канатын жайган,
Кайран өмүр мезгил күүсүндө калган.

Эки көзүм нуру чачырап таңдай,
Ачкан көзүм аалам көргөнү айдай.
Айлуу түндөй жарык көкүрөк көзүм,
Өзүм аны өзүм ачкандай өзүм.

Менин көзүм экөө, көргөнү бирөө,
Жалгыз кудай өзү жараткан бирөө.
Атам, апам экөө жараткан мени,
Мага жашоо, өмүр биригип берди.

Эки көзүм атам апамбы менин,
Атам апам менен жашоого келдим.
Бала болуп жашоо баштадым өмүр,
Эки көзүм бирдей мезгилден өткүр.

*23.10.2012*

## КУТМАН КҮН АКСАКАЛ

Оп тартып кеткендей убактар,
Аз калды карап тур таң атаар.
Таң атып чыгыштан күн чыгат,
Жапжаңы өмүргө ыр ырдап.

Жашоонун бир ыры ушундай,
Мезгилдин канаттуу кушундай.
Пыр этип тутулбай качтыбы?
Бул жашоо кең койнун ачтыбы?

Ачылып бул күндүн кабагы,
Ырыскы берилген табагы.
Кутман күн аксакал төбөдө,
Жашоонун кызыгы жөнүндө.

Жөндөлүп бул турмуш катмары,
Жөнөдү жол жүрүп сапары.
Жолго чык замандаш кошулуп,
Жашоону кызыкка толтуруп.

Мезгилдин кербени жол тартат,
Жүгүн керектүү ал артат.

Артылган жонунда жүгүң бар,
Кеч кирсе түшүрүп демиң ал.

Дем алып түндөрү уктагын,
Жаман сөз эч качан укпагын.
Жакшы сөз сүйлөсөң кошулам,
Жолуңа жолдоштук мен кылам.

Жол болсун замандаш арыба,
Мезгилден шашылыш карыба.
Карысаң мейли, жан досум,
Дос болсоң, чын эле айныба.

*19.07.2019*

## ОЙ АСМАН

Ой туруп тулку бойго тарады,
Кан тамыр эки жолдон агабы?
Бир бүтүн ойлорду жараткандай,
Ой толгон бир сезим бараткандай.

Ой келип таасир берип сезимге,
Кымбаты калып калды мезгилге.
Бир мезгил кетти качып учкандай,
Ой туруп бекем байлап туткандай.

Ой тутуп кармап алып ыр жаздым,
Ой кенин тереңдетип мен каздым.
Ой эле омкорулуп казылган,
Катар сап тизмектелип жазылган.

Туура ой туш-туш тарап жөрмөлөп,
Бир оюм бараткандай өрмөлөп.
Өрмөлө, өрмөлөй бер мен тутам,
Ой ойлоп, ойлоп бүгүп, мен утам.

Ойчул бир адам болуп ойлоном,
Ой бир түртүп, анан кийин ойгоном.
Ойгоном, көздү ачып тез туруп,
Ой менен бүтүн аалам бир куруп.

Оюм бар ойго такыр келбеген,
Ошого кээде өзүм теңелем.
Ойлор көп башка такыр батпаган,
Ойду мен ичтен сыртка айдаган.

Ошол ыр болуп-толуп жазылат,
Ой бүтүп ырлар суудай агылат.
Ой көктөн жамгыр болуп себелеп,
Ой асман аалам болуп сезилет.

*18.07.201*

## ЫРЛАРДЫ АРАЛАП

Ыр жазып ырларды аралап,
Ыр кезген адырлар бир аптап.
Күн тийген аптабы куйкалап,
Ырларга көңүл уялап.

Калкалап сөздөрдүн тизмегин,
Көлөкө жай табып тиземин.

Тизилет салмактуу ойлорум,
Түзөлөт, түздөшөт бойлорун.

Бойлору канчалык билбедим,
Катарга бир катар тизгемин.
Тизилип мончоктой мойнума,
Кээ бири киргендей койнума.

Койнума кучактап жатамын,
Бир жыргал кумарга батамын.
Ыр кумар машакат ушундай,
Көңүлдөн учурган кушумдай.

Куш кылып учурам ырларды,
Кош канат жайдырып сырларды.
Сырлардан бөлүнөт ой башат,
Ойлонсом ойлордон ой качат.

Ой басат ойлордон бөлүнөт,
Алыстан ак тоолор көрүнөт.
Ак тоолор, аппак кар, ак калпак,
Кыргыздын мекени ошол жак.

Ак өргө, тегерек үйү бар,
Бир үйдө миң акыл, накыл бар.
Акылы теңири Манастан,
Бир пааша жараткан арыстан.

*04.07.2013*

## ОО ДҮЙНӨ! МЕН САМАГАН

Жарылып кетпейин деп кокустан,
Ыр жаздым, ырларымды окусаң.
Окусаң окуганчу окурман,
Ал ойлор ойлорумдан чогулган.

Оо дүйнө! Мен самаган, сагынган,
Көп жылдыз шуру мончок тагынган.
Мен ансыз жарды болуп калбайын,
Бир башка мүшкүл үйүп албайын.

Дүңк этсе, көңүл түптү оодарып,
Дүйнө тоо! Бүтүн бийик соо калып.
Ак булут оромолун оросо,
Бүт дүйнө бүтүн бойдон соо болсо.

Ой келди, башка толуп чайпалып,
Бир дүйнө жаңы аалам байкалып.
Көңүлгө кийиргиле коноктой,
Бүт баарын менден кийин жоготпой.

Бир дүйнө тапкым келди, бай дүйнө,
Жан дүйнө жаркыраган ай дүйнө.
Ай дүйнө, балким ал күн, күн дүйнө,
Күндөй бар күлүп турган ыр дүйнө.

Бүт жанымдан бир каалап,
Бир чыгарма жараткым келди.

Асман-жерди, бут элдин баарын,
Кызыктырып караткым келди.

Келди, келди, караткым келди,
Бир чыгарма жараткым келди.
Жаңы жан, бир бөбөктөй гана,
Төрөлүп келгендей ааламга.

*01.06.2013*

## АК-ТУРПАК

Ак-Турпак төбөңдөн күн нуру,
Чачырап жаркырап көп турду.
Көп турду, көп турсун, дагы көп,
Күн сулуу күн төгөрөгү төп.

Күн сулуу, сулуусуң, улуусуң,
Өмүрдүн жалтырак тувусусуң.
Тувусусун ааламдын чокусу,
Бир өмүр жашоонын окуусу.

Окуймун, өзүңдү үйрөнөм,
Өзүңдөн чыйралып күүлөнөм.
Күүлөнөм ааламга жол алып,
Айылга казыгым бек кагып.

Казыгым айылга кагылган,
Кайрылып айылга кайрылам.
Кайрылсам көркөмүң өзгөчө,
Көп жерден өзүнчө бөлөкчө.

Бөлөкчө төл сөзүм өзүмдүн,
Өзүмдүн нурубу көзүмдүн.
Көзүмө сүртөйүн турпагын,
Жашасын кийинки урпагым.

Урпагым уласын жашоону,
Үйрөнсүн алтын жер барктоону.
Баркына жетели жердештер,
Ынтымак ырыскы эрчитээр.

Кечээси жылдыздар жымыңдайт,
Ак-Турпак ырдаган ырың айт.
Ырың бар, обонун создурган,
Күрүчтөй бир узун созулган.

*04.07.2013*

## ТУУЛГАН ЖЕР

Туулган жер кымбаттын кымбаты,
Эне жер ырайы сымбаты.
Сымбаты эң сулуу энемдей,
Өзүмө миң сабыр бергендей.

Кеңдигин карачы жайылган,
Мол түшүм өзүнөн табылган.
Ырыскы суулары агылат,
Бак-дарак чачтары жайкалат.

Тоолорду карачы какайган,
Үстүндө көк асман чалкыган.

Тоолору алыстан көгөрөт,
Тоолорго көңүлүм бөлүнөт.

Туулган жер ийилем өзүңө,
Кулак сал мен айткан сөзүмө.
Сөзүмө көңүлдөн түздөлөм,
Бир жашап өмүрдө мен күлөм.

Күлгөнүм, ыраазымын жериме,
Төрөлүп бир жашап келдим, ээ.
Жериме жакшы сөз айтайын,
Суусуна тулку бой чайкайын.

Чайканып, киринип алайын,
Суу болуп, суу менен агайын.
Агайын мезгилдин өзүнөн,
Көрүнүп ааламдын көзүнөн.

Бир аалам четинде турамын,
Обондуу бир ырды угамын.
Ыр ырдап көңүлүм толдубу?
Айылым сүйгөн ыр болдубу?

## АГА БЕР

Ок болуп, шок болуп агасың,
Ток болуп, жок болуп барасың.
Ага бер, жага бер баарына,
Келипсиң чын эле табыңа.

Сен агып, мен карап турамын,
Бир көңүл өзүңө бурамын.
Балыгың түбүңдө жүргөндүр,
Жылт этип, дүмүнү түйгөндүр.

Түбүңдө таш жатат акпаган,
Көп сырды таш гана сактаган.
Бүт сырды жашырып алыптыр,
Жыпжылма таш болуп калыптыр.

Ок болуп, шок болуп ага бер,
Ырыскы насипти бере бер.
Көп жүрүп тоолордон келдиңби?
Бай турмуш жакшына бердиңби?

Желесин жел кайык мингендей,
Бүт сырды, бир өзүң билгендей.
Ким билет? Сен каткан сырыңды,
Көк мөңгү үстүндөн жыгылды.

Жыгылып мөңгүлөр үстүңдөн,
Кар болуп жаткан бир күрткүдөн.
Канча жыл акканың аккандай,
Акканың баарына жаккандай.

Түбүңдө жылма таш көп жатат,
Койнуна көп сырды бүт катат.
Сыр болуп, ыр болуп ага бер,
Упузун ааламга өмүр бер.

*29.07.2013*

## КОСМОСПУ?

Бул дүйнөнүн эң үстү космоспу,
Ал адамдын алдынан тосмокпу.
Эң бийиктен космоско байланыш,
Бир башыңа койгонуң бир балыш.

Бир балышка баш коюп уктагын,
Уктаганда түш көрүп турганың.
Жан учуруп жөн эле опоңой,
Түштү көрүп жеткениң ойгонбой.

Эч түшүнбөй калбагын нар жагын,
Аныктап бир түш жооруп бер жагын.
Аян берип түшүңдө бийиктен,
Космостон байланыш бириккен.

Ана кабар космостон алынган,
Ал космоспу үстүнөн жабылган.
Космос бийик баарынын үстүндө,
Жарытылыш табийгат күчүндө.

Адамзат бар ракета учурган,
Космоско жол издеп бир умтулган.
Бир акылы жол табып алгандай,
Илим-билим чыйыр жол салгандай.

Телефон бар космостон үн кеткен,
Бул дүйнөнүн учуна тез жеткен.

Таянган бир точкасы космосто,
Айтылган бир мурдагы жомокто.

Жомок болуп оюна бир келген,
Ошол жомок чындыкка жол берген.
Дагы башка космостон не табат,
Бүт кабарлар космостон башталат.

*11.08.2013*

## ЖАШТЫГЫМ

Бир убак кылчайып карасам,
Жаштыгым коштошуп кош айткан.
Кош дебе, дебестен коштоштум,
Жаштыктан өзүмдү бошоттум.

Бош кетти жаштыгым жол болуп,
Жаштыгым көрүнөт тоо болуп.
Тоо беле эң бийик көрүнгөн,
Өмүрдөн жамгырдай төгүлгөн.

Өмүрдүн артына карасам,
Өмүргө баа берип бааласам.
Өмүрдүн алдынан жол тоскон,
Карылык көрүнөт чал токсон.

Токсонго чыккан чал, ак чачы,
Кээ бирөө чачы жок таз башы.
Көл болгон көзү бар тамчысы,
Жаштыгы айдаган камчысы.

Ал чалдын балалык чагы бар,
Балалык баштаган жаштык ал.
Жаштыгың көрүнөт ойлордон,
Эң бийик бир өмүр тоолордон.

Карылык өмүрдүн төбөсү,
Жаштыгым өмүрдүн чөжөсү.
Чөжөсү дегеним балапан,
Жапжаш ал бир темир канатчан.

Акыры бир кезде тоо кулайт,
Бийикти бир билгин чаң булайт.
Жаштыгым жазыбы мезгилдин,
Жаштыкты мезгилге мен бердим.

*14.08.2013*

## ЖОЛ ЖҮРҮП

Жол жүрүп, мол жүрүп келебиз,
Билбейбиз эртеңге дегдейбиз.
Эртеңге шашылып өмүрлөр,
Күндөрдөн өмүрлөр төгүлөөр.

Төгүлүп күн нуру төбөдөн,
Өлбөгөн жандар бар, өлбөгөн.
Өлбөйлү адамдар күн көрүп,
Күндөрдөн өмүрдү бир өбүп.

Өбүлгөн өмүрлөр өрүлгөн,
Өмүрлөр сыртында гөрүндөн.

Гөр үмүт жетелеп шаштырат,
Тирүүлүк жол жүрүп бастырат.

Басабыз чарчабай дагын көп,
Баса бер кыймылдап дагын өт.
Өтө бер жашоодон алдыга,
Өмүрлөр артыңда калды да.

Калды да кечээги бир күнүң,
Гүл өмүр төгүлүп бир гүлүң.
Өтө бер, бул күндөн, өтүп кет,
Эртеңге эсен-соо, эсен жет.

Жол жүрүп, мол жүрүп бара бер,
Аалам бул, көрүнгөн асман жер.
Асман-жер койнунда жашайбыз,
Өмүрдү бутунан кармайбыз.

Бутунан кармабай колунан,
Баралы өмүрдүн жолунан.
Жолунда белгисиз багыты,
Өмүрлөр жашоодо агылды.

*30.07.2013*

## УШУНДАЙ ДҮНҮЙӨ

Дүйнөгө сөз толуп бүтпөйбү,
Сөз жүгүн өзүнүн жүктөйбү.
Көп жүктөбө жүгүнү көтөрбөйт,
Көтөрбөс жүктөрдү өткөрбөйт.

Өткөнүн өткөрүп көрөлү,
Тең бөлүп жарымын төгөлү.
Көнөлү ылайык сөз табып,
Бир сөздөн сөз чыкпай сөз калып.

Бир дүйнө, сөз табып, алган бар,
Көп сөздө көбүрөөк жалган бар.
Жалгандан бүт дүйнө этият,
Жалгандан табылган жети жат.

Жети кат асмандын кабаты,
Чындыкта жашоонун абаты.
Бир абат издесе жай табат,
Канткенде бир жаның жан калат.

Жети кат кара жер катмары,
Акыйкат издеген жан барбы.
Акыйкат асманда дедилер,
Асылган шатысын ким билээр.

Ким билет ушундай дүнүйө,
Адамдар издеген өмүрдө.

Акыйкат асманда турагы,
Бир өмүр жетпейби убагы.

Сөз жетпейт, негедир билбедим,
Мен дагы акыйкат издедим.
Акыйкат келгенде не болот?
Бир өмүр өлүм ак, жок болот.

*30.07.2013*

## АДАМ БОЛУП КӨРҮНӨМ

Өмүрдөн уткум келет, өмүрдү,
Өмүрлөр аккан суудай төгүлдү.
Өмүрдөн да көп кымбат максат бар,
Өмүргө жашоо турмуш өзү зар.

Зарыкпай жашай билем өмүрдө,
Оо, өмүр аккан суудай төгүлбө.
Бир тамчы мезгил өзү убак тар,
Мезгилден өтүп барып тосуп ал.

Тосуп ал өмүр турса жолунда,
Өзүңдүн өмүр баркың колунда.
Өмүрдөн кымбат дедим максатты,
Бир өмүр максаттарым аксатты.

Аксатпа, өмүр жолдон өзүмдү,
Үнчүкпа, кереги жок сөзүңдү.
Өмүрдү билбей жүрөм негедир,
Сөзүмдү айта билем бары бир.

Баары бир десем кэзде түшүнбөй,
Карап тур, деди бирөө үшкүрбөй.
Үшкүрүп көпкө чейин ойлондум,
Бир өмүр жашоо үчүн толгондум.

Толгоп бир жашап тартсам өмүрдү,
Канчалык өмүр жолдон төгүлдү.
Төгүлдүм өзүм дагын өмүрдөн,
Бир күнү адам болуп көрүнөм.

Көрүнөм, өмүр барда жашасам,
Өзүңдү менден ала качпасаң.
Келчи бир жашап бирге кетели,
Бир өмүр максат кылып жетели.

*30.07.2013*

## ТАБЕРИК

Куш келип ырларым таберик,
Куш убак окурман баа берип.
Окусун олтуруп жайланып,
Оюма жиби жок байланып.

Жо-жок эч ким байлабайт,
Бирөөнү эч бирөө кармабайт.
Баарлашып көрөлү дегеним,
Бир сөздү таберик беремин.

Бекерге убакты кетирбей,
Жаңылык байкасам эскидей.

Эскилик жалтырап түбүнөн,
Таберик көрүнөт өзүнөн.

Өзүнөн көрүнүп таберик,
Окусун окурман баа берип.
Чак түштө көлөкө түбүндө,
Өмүрдө өзүңдөн түңүлбө.

Түңүлбө түшүнбөй өзүңдү,
Түнт болуп үшкүрүп өмүрдү.
Тирүүлүк билгенге таберик,
Өмүрдү жашай бил баа берип.

Баа берип жашай бил таберик,
Өмүргө бекерге келбедик.
Келбедик бекерден бекерге,
Таң эрте кеч кирип кетээрге.

Кетээрге өмүрдөн таберик,
Өлгөндө денеден жан берип.
Тан берип таберик урпакка,
Өзүбүздү кошуп турпакка.

Турпактын өзү бир таберик,
Жараткан жасаган жан берип.
Жөн эле жөнөкөй узактан,
Жаралып келгенбиз турпактан.

Эң кымбат алтындан таберик,
Атадан калган бир туяктан.

Ойлонуп көрөлү баа берип,
Туяктан калганбыз таберик.

Таберик ырларым таберик,
Куш көрдүк өмүрдү баа берип.
Байкап көр ырларды айтамын,
Бир күнү өмүрдөн кайтамын.

Кайтамын өмүрдөн таберик,
Өзүмдөн тулку бой жан берип.
Жан берип кеткенде өмүрдөн,
Ырларым ошондо таберик.

Таберик ырлардан калсынчы,
Окурман окуган алсынчы.
Таберик тан берип окусун,
Жашаган толкундай толкусун.

Толкусун толкуган толкундар,
Толкунга таберик кошулаар.
Кошулган толкунга таберик,
Толкундай жандарга дем берип.

Дем берип ырлардан таберик,
Бир заман калганда жаа берип.
Жаа керип жибини созгондо,
Ырларым бир акыл таберик.

Таберик ырларым ажайып,
Жол болсун, өзүм жок жан кайып.

Таберик заманга ырларым,
Жер бети адырлуу кырларым.

Кырларым, ырларым таберик,
Кырларга тоолорум баа берип.
Баа берсем жашоого өмүрдө,
Таберик ырларым көңүлгө.

Көңүлдөн көңүлгө таберик,
Ойлоп көр окурман баа берип.
Пендеде бар экен каталык,
Көңүлгө таберик айталык.

Айталык таберик, айталык,
Таберик пайдасы канчалык.
Атадан балага таберик,
Баласы алсынчы баа берип.

*03.02.2013*

## ЖЕЛ БЕШИК

Жел бешик ойлорду термелтип,
Гүл көңүл термелип жел бешик.
Жел бешик термелип калкыган,
Бир көңүл көңүлдүн багынан.

Термелтип ырларды олтурам,
Ырларды багыма толтурам.
Толгондо көңүлүм термелип,
Арада ойлорго дан берип.

Термелет ырларым тербелип,
Жакшылык ойлордон ой келип.
Ой келип уктатпай түндөрдө,
Ойгонгон уйкусун өбөөрдө.

Гүл бакта ойлорум ойногон,
Уктабай уйкуга тойбогон.
Жел бешик  терметип көңүлдөн,
Жел көңүл өмүрдөн төгүлгөн.

Термелтип жел бешик убара,
Жаш тилек жел үмүт убада.
Ыр менен бир түйшүк салгандай,
Чын сырым ыр болуп алгандай.

Термелет ырларым сыр болуп,
Ойлорум топтолуп кыр болуп.
Кыр болсо тоо болсун бийиктеп,
Жел бешик көңүлдү билип кет.

Өйдөгө илинип жел бешик,
Бир өмүр ойлорум термелип.
Термелтип жел бешик көңүлдөн,
Уйкулуу өмүрдөн төгүлөм.

*05.02.2013*

## ЫР КАНАТ

Ыр канат ойлоруma сабалап,
Тик учуп ак булутту аралап.
Кең асман жер жүзүнүн үстүнөн,
Ыр канат кергим келди күүсүнөн.

Ыр токуп канаттуу ат минсемби?
Ыр менен асман айга жетсемби?
Ыр издеп көңүлүмө эркиндик,
Эркиндик табып алып берсемби.

Ыр болуп түбөлүккө калайын,
Ыр жазып канат кагып барайын.
Ыр болуп кыска өмүр өлбөсүн,
Ыр көңүл кусалыкка чөкпөсүн.

Ырдагым келген күнү жашадым,
Кең дүйнө ырга кучак ачамын.
Кучактап ырды кысып боорума,
Ыр жаным, ырда көңүл корунба.

Ырдасам ырдан кубат аламын,
Бир кучак ырдан болсун саламым.
Көп салам айтам ырдап турганда,
Калың калк чындап көңүл бурганда.

Ыр канат ойлоруma сабалап,
Тез учуп айыл-кыштак аралап.

Кыдырып кыргыз жерин көрөмүн,
Жыттап бир көңүл менен өбөмүн.

Ыр көңүл көтөрүлөт асманга,
Ыр менен жетем дагын далайга.
Тууган жер кетсем келем, кайрылып,
Бир сенден калгым келбейт айрылып.

*07.02.2013*

## ЫР ШАМАЛ

Мени бир коштогон бир шерик,
Бир эргүү, бир илхом бир берип.
Ыр келет кечиккен махабат,
Бир күлүк ой чабыт чапкан ат.

Чапкан ат, ал барат умтулган,
Ой калат сөз болуп тутулган.
Кутурган тентегим эркелеп,
Ой токтоп өзүнү чечмелеп.

Ыр канат жиреген абаны,
Коштогон айдын түз талааны,
Көкөлөп көөдөндө ыр менен,
Ырда деп шамалбы дем берген.

Ыр шамал бир күчөйт ышкырып,
Поэзия! Ыр түрмөк чакырып.

Чакырса барайын – деш кыйын,
Тобокел мен чыктым ыр кыйын.

Ыр кыйын чоң сыйым болоорбу,
Ыр менен көкүрөк толоорбу.
Ыр толот махабат ал тирик,
Жан дүйнөм өмүргө ал шерик.

Жан шерик ыр менен сүйлөшөм,
Бир шерик ыр менен түнөсөм.
Бир ырды тапкыча уктасам,
Ыр таппай эч качан турбасам.

Тур десе ыр келип ойготуп,
Ыр дүйнө жан дүйнө толготуп.
Ыр келсе ыңалап бөбөктөй,
Ыр көңүл өмүргө өрнөктөй.

*11.08.201.*

## ЗАМАНДАН ЗАМАН

Кең асман, туш тарап, кең кучак,
Мезгилден талпынып куш учат.
Куш учат мезгилге жарышып,
Калган сөз тарыхты таанышып.

Бай тарых өткөн түн кечеги,
Андай күн өткөн түн нечени.
Түн катып койнуна бай тарых,
Өткөн күн кечеги бүт качып.

Айып жок кайып бар айтылган,
Өткөн түн койнуна катылган.
Бир тамыр өзөгү өзгөчө,
Эч көрбөйт көкүрөк көрбөсө.

Көкүрөк көөдөндөн ачылат,
Эки көз, көз жашы тамчылап.
Акыйкат ак жарып көрүнөт,
Бир чындык өзүнөн төгүлөт.

Чөк түшүп көк асман тоолорго,
Көкүрөк көп толуп ойлорго.
Тоолорго чыксамбы тырмалап,
Көкмөк муз тоолорум сыйгалак.

Ой толгоп, ой чубап ойлонсом,
Ой бийик көк өйдө тоо болот.
Тоо бийик аска-зоо өйдөлөп,
Ак тоодон көк асман өйдөрөөк.

Ар мезгил заманы өзүндө,
Өткөнү көкүрөк көзүндө.
Көздөй бир туптунук көрүнөт,
Замандан заман чач өрүлөт.

*11.08.2013*

## ЧЫНДЫККА ЖОЛ БОЛОМ

Өмүргө жол алып келиппиз,
Өмүрдөн алыстап кетиппиз.
Өмүрдөн ичкен суу насибим,
Ыр жазуу акындык кесибим.

Акынмын дей албайм,
Акыйкат айтылбас сөзүмдү.
Акыйкат издеген мен болом,
Акыйкат чындыкка жол болом.

Жол болом акыйкат үчүн бир,
Көңүлдө калбасын эч бир кир.
Кирлеген көңүлдөр тазарат,
Акыйкат өзүнөн агарат.

Жалганды ким айтат билгиле,
Акыйкат жолуна киргиле.
Акыйкат эң ыйык дем алат,
Дем алып чындыкка алпарат.

Чындыкка март барат коркпогон,
Чындыкты көп ойлоп ойлоном.
Бул дүйнө чындыгы бар экен,
А бирок бул дүйнө тар экен.

Тар эмес кеңге кең бул дүйнө,
Чындыкка акыйкат ак күбө.

Акыйкат акындын жүрөгү,
Чындыкка чын карап күлгөнү.

Күлгөндүн билгени бар окшойт,
Акылдан чындыгым жоголбойт.
Акыл эс издеген жолум бар,
Бул жашоо чындыкка өтө зар.

*07.08.2013*

## АЛЬПИНИСТ АКЫН

Альпинист тоого чыгат чоку эңсеп,
Акындар ойго батат ырды эңсеп.
Альпинистке тоо турат асман тешип,
Акындарга ой турат сөздү эшип.

Альпинисттер чымыр дене күчү менен,
Акындарга ойчул ойду кудай берген.
Бийиктиктин бийик жери тоодо чоку,
Акылды табып айтса досум оку.

Альпинист жиби менен чыга билет,
Акындар калем менен жаза билет.
Альпинист карды жиреп ашып өткөн,
Акындар ойдон өтүп сөзү бүткөн.

Альпинист болгум келет ырым менен,
Ак ырды жазгым келет чындык берген.
Чын дүйнө кырын ачып ырды жазып,
Чын үйгө кирбейт уруп гөрдү казып.

Жер түбүн өлүп калган жандар билет,
Асман көк сырын учуп чыккан билет.
Асман көк акыл эсиң өйдө жакта,
Сыр толгон алтын башты жерге катпа.

Күн батып кечки түндө жылдыз көптөй,
Акындар уктай албай уйку көрбөй.
Уктабай нары-бери ой толготот,
Акындар ойду ойлоп ыр ойготот.

Таң атып жашоо баштап күнүм чыгат,
Альпинист жиби менен тоого чыгат.
Ыр айткан ар бир күндүн ыры барбы,
Альпинист жеткен жери аппак карбы?

*08.07.2013*

## ТУУРА ТААЛИМ АЛГЫЛА

Өткөн тарых кербен мисал келиптир,
Өткөн күндөр канга сиңип жетиптир.
Аккан суулар буудай көккө учуптур,
Азыр башка аккан суулар угуптур.

Өттү кечээ күндүн кызыл батканы,
Өркөч булут кызыл ала тарады.
Азыр заман башка болду жулкунуп,
Абайлачы адам өзүң кутулуп.

Өзүң урмат кылгын өткөн күндөрдү,
Өзөк ошол өчпөс тарых түндөрү.

Өмүр дүрмөт аткан октой кайкыган,
Өмүр күүлөп учкан күнү талпынган.

Бүгүн башка туура таалим алгыла,
Бүгүн ашка туура тузун салгыла.
Бүгүн бышкан аштай казан толтура,
Бүгүн силер тарбиялуу болгула.

Бүгүн таалим тартип туура алгыла,
Бүгүн кечээ өткөн күндү айткыла.
Бүгүн келген кечээ өткөн күндөрдөн,
Бүгүн чыкты капкараңгы түндөрдөн.

Бүгүн бизге жооптуу иштер өзү бар,
Бүгүн эртең келээр күндөн көзү бар.
Бүгүн заман кандай болду байкагын,
Бүгүн ушул заман доорду сактагын.

Эрте тургун эрте менен ойгонуп,
Келген заман жакшы күндөн жол болуп.
Жолуң алыс келечегиң деген бар,
Жакшы күндөр, жакшы түнду узатаар.

Жакшы күндүн жолун бурган адамдар,
Жакшы ойдон, жакшы күндөн кабар бар.
Жакшы күндөр келет ушул бүгүндөн,
Жакшы пейил жакшы күндөн түңүлгөн.

Жакшы күнүң чыккан күндүн нурунда,
Жакшы күндөр аккан суунун боюнда.

Жаңы заман көчүп барат ага да,
Жакшы күндү адам өзүң сакта да.

*16.04.2011*

## АДАМДАР

Адамдар айткылачы чыныңарды,
Арытып адамзаада кылымдарды.
Арыса өмүрлөрү бүткөндөйбү?
Алмашып бирин-бири түрткөндөйбү?

Адамдар айтпагыла чыныңарды,
Абайлап сактагыла сырыңарды.
Аздектеп сактагыла салтыңарды,
Аруулап барктагыла наркыңарды.

Абалкы тамыр тарых ата-бабаң,
Азыркы наркы-насил шакта калган.
Ашыгып бара жаткан бала-чакаң,
Абайлап кадам койгун жерди бассаң.

Айырма кайрылбаган күндөр-түндөр,
Айтылса көрбөй калган биздин көздөр.
Агылып туйгу сезим кошул-ташыл,
Ааламы ушул асман көкмөк жашыл.

Адамдар айткылачы чындык болсо,
Айкындык парасатың жыпжык толсо.
Агарган таңдар атса күнүң чыгат,
Акыйкат тирик жандын ырын ырдап.

Айныбас башың болсо ойлон бүгүн,
Алдыңда ашың турса тойгон күнүң.
Айныба айбандык бир сезим менен,
Ачуулуу шайтандык бир тезиң менен.

Адамдар жашагыла жакшы гана,
Аманат жаның бары карыз гана.
Акыйкат жаның карыз кудай үчүн,
Андыктан өзүң ойлоп, өзүң түшүн.

Адамзат абайлачы жашоо кыйын,
Аралаш элден бирөө чыгат кыйын.
Азамат ошол адам элди баштайт,
Акыйкат туура жолдо элин сактайт.

Алгалап ээрчип басса эли-журту,
Ана шол жарык нурлуу жылдыз куту.
Алтындай каккан казык ошол болот,
Ар дайым баскан жолу жарык болот.

*28.05.2011*

## КАЙРА ТОЛОМ

Күндөр келет таңы менен,
Түндүн көркү айы менен.
Жылдыз жайнап асман кенен,
Жети кабат асман деген.

Күндөр чөксө жылдар жылат,
Кылым көчсө мезгил кымбат.

Айлуу түнгө жылдыз сыйбайт,
Саман чачкан жолу кымбат.

Байлап болбойт, кармап болбойт,
Көңүл толсо жүрөк ойнойт.
Ойноп турса көңүл куса,
Кыйын экен кушуң учса.

Кушум менин кете берди,
Куштай учкан тагдыр келди.
Тагдыр десе арга барбы?
Заман деген кээде тарбы?

Тарга тардыр, барга бардыр,
Көңүл келсе жарым аздыр.
Кадыр кымбат өлчөп болбойт,
Кыйын көңүл неге толбойт.

Толбос болсо куруп калсын,
Алчуу болсо баарын алсын.
Кенен болом терең болом,
Болбош калып кайра толом.

Ырдап толом, ыйлап толом,
Куштай учуп, куштай коном.
Эркин учкан куштай болом,
Ырдап бүтсөм чекит коем.

Чекит койсом жаңы баштап,
Өзгө өмүр жашоо аттап.

Өлбөй жашап кала берем,
Өчкөн күндөр түндөр менен.

Түндү түртүп таңдар келет,
Түндү жыгып күнүм жеңет.
Улуу өмүр өтө толот,
Жаша! -деген сөздөр болот.

*15.09.2011*

## КҮНҮМ БЕКЕН?

Сапары бүткөндөй күн батты,
Сапсары боекту бүт катты.
Кеч кирди караңгы айлана,
Чачылып кеткендей асманга,
Чачырап жылдызга айланды.
Түндөрдүн кызыгы уйкуда,
Түш көргөн түшүнүк туйгуда.

Туйгулар аян белгиси,
Табышмак түшүндө келдиби.
Таппасак сыйпалап калабыз,
Тынчыбай кээ бирде санаабыз.
Жылдыздар жоголуп таң атат,
Чогулдуп алгандай күн чыгат.
Чогулган тоголок нур чачат,
Чогулуш кургандай салтанат.

Күн чыкты карачы тоо тарап,
Күлкүдөн каткырык ал салат.

Каткырса жактырып жер энем,
Жеримдин баласы мен белем?
Мага да күлгөндөй күн атам,
Күлкүңө кумарлуу мен балаң.
Балаңар ортодо ойлонот,
Күн чыкса жашоого жол болот.

Күн чыгып тоолордун учунан,
Күн сызып бүркүттөй учурган.
Туш тарап жаркырап нурлары,
Түп башат агылат суулары.
Суулардан башталган ааламда,
Күн чыкты карачы асманда.
Күн жашоо, суу жашоо баштаган,
Бүт жашоо ушулар сактаган.

Чачылып чогулган күнүм бекен?
Жүрөгүм толкуган сүйүүм бекен?
Жеримде жашаймын күндү карап,
Жылдардын ай-күнүн катар санап.
Саналган санактан күндөр чыгат,
Саналбай жылдыздуу түндөр калат.
Эсепке кирбеген түндө сабак,
Эсепсиз жылдыздар асман тарап.

*20.08.2011*

## ЖАКШЫ

Зеригип турганда сөздөр жакшы,
Көрүшүп турганда көздөр жакшы.
Көлдөлөң маселе койсо жакшы,
Колдошуп бүткөндө иштер жакшы.

Жайытка жайылса койлор жакшы,
Жыйылып айтылса ойлор жакшы.
Жыйынып той кылса тойлор жакшы,
Жыйылып эл келсе болоор жакшы.

Жакшыны жашырбай айтса жакшы,
Жаманды чыгарбай катса жакшы.
Жакшылар көбөйүп турса жакшы,
Жакшыны жакшыга кошсо жакшы.

Агарып таң атса күнүм жакшы,
Жайнаган жылдыздуу түнүм жакшы.
Ынтымак ырыстуу элим жакшы,
Тынчтыкта жыргаган пейлиң жакшы.

Жакшына көргөндө көзүң жакшы,
Жагымдуу күлгөндө өзүң жакшы.
Өзүңдөн өзгөнү көрсөң жакшы,
Өзгөгө көңүлдү бөлсөң жакшы.

Жакшылык жакшыны тапса жакшы,
Акыйкат чындыкты айтса жакшы.

Адилет калыстык болсо жакшы,
Бакытың колуңа консо жакшы.

Жакшылык жарашып турса жакшы,
Жамандык болгондо куса жакшы.
Жакшылык өзөктөн чыкса жакшы,
Жакшына үйлөрдү курса жакшы.

Чалкыган көгүлтүр асман жакшы,
Чачырап нур чачкан күнүм жакшы.
Эс алып алганга түнүм жакшы,
Агарып атканда таңым жакшы.

Наристе бөбөктүн үнү жакшы,
Назиктик көңүлгө сүйүү жакшы.
Сүйлөбөй сүзүлгөн көзүң жакшы,
Сүрөттөй көрүнгөн өзүң жакшы.

*24.08.2011*

## ЖАКШЫ СӨЗ ДЕП БИЛ

Адам зар, жакшы сөзгө зар,
Неге? – бир пейил сөзгө тар.
Кимдир бир сөзгө ичи тар,
Адамдар жакшы сөзгө зар.

Адамдар жакшы сөзгө зар,
Жакшы сөз, жакшы көздө бар.
Эй! – пенде, көздү түздө бир,
Көңүлдө таза болсун дил.

Адамзат жакшы сөзгө зар,
Ар кандай жакшы сөздөр бар.
Ошол сөз үчүн мен да зар,
Аппак кар өңдүү жаасын ал.

Таш тосуп күтүп алгым бар,
Кар кечип басып баргым бар.
Жакшы сөз айтып койчу бир,
Көңүлдө калбасын эч бир.

Зарыгып жакшы сөзгө бир,
Көөнүмө толбосунчу кир.
Керемет жакшы сөздөр бар,
Жакшы сөз издеп табып ал.

Суранам жакшы сөздү тап,
Жакшылык жакшы сөзгө бап.
Жакшы сөз айтып берчи дос,
Негедир көңүл кургур бош.

Каалаган жакшы сөздү айт,
Тескери жаман сөздөн кайт.
Тууру тур жакшы сөздө бир,
Кааласаң жакшы сөзгө кир.

Каалaдым жакшы сөздү бир,
Карындаш жакшы сөздө бил.
Бир тууган экен тилде дил,
Тилиңе шекер кантың бир.

Адам зар жакшы сөзгө зар,
Жакшы сөз жакшы ойго бай.
Ийинден жылан чыкса бир,
Карындаш, жакшы сөз деп бил.

*29.12.2011*

## ЗАМАНДАШ ТУУРА СӨЗ АЙТСАКПЫ

Тараза өлчөсө салмакты,
Калк калыс, билбеген актыкты.
Саясат саргайып баратат,
Салкын кеч, кеч кирип, таң атат.

Кеч кирсе, албетте таң атат,
Акыйкат акыры жар салат.
Кара иш, бир күнү жеңилет,
Калың эл ошондо бир билет.

Билгенде негедир кеч кирет,
Ошондо бардыгы эскирет.
Эскирип бир жаңы жаңырат,
Эскиге бүтүн эл кайрылат.

Тараза орнотуп салмактап,
Таарыныч тагдырды көп мактап.
Жакшылык ошондо айтылат,
Жамандык акыры багынат.

Жакшылык акыры табылат,
Жамандык эшиги жабылат.

Жомокту улантып башкалар,
Жакшылык жамандык алмашаар.

Жарышып күн түндөр өткөндөй,
Жарык нур көз жумуп өчкөндөй.
Жашоолор кызыгын бүткөрбөй,
Жүктөлгөн оор салмак жүктөрдөй.

Тараза өлчөсө салмакты,
Калк калыс, кайдигер калмакпы.
Замандаш, тура сөз айтсакпы,
Зарыккан ал күнгө барсакпы.

Барсакпы ал күнгө, барсакпы,
Биригип кызыкты салсакпы.
Тараза өлчөсө салмакты,
Адилет, акыйкат тапсакпы.

Тапканда албетте таң атат,
Жарык нур, жаркырап нур чачат.
Адилет, акыйкат башкарат,
Күн нуру тараза салтанат.

*03.01.2012*

## БИРӨӨНҮ БИРӨӨ

Бирөөнү бирөө аркалайт,
Бирөөнү бирөө калкалайт.
Бирөөнү бирөө жетелеп,
Бирөөнү бирөө эркелейт.

Бирөөнү бирөө мактасын,
Бирөөнү бирөө жактасын.
Бирөөнү бирөө тоспосун,
Бирөөдөн бирөө коркпосун.

Бирине бири жакпаса,
Бирини бири сатпаса.
Бирини бири оңдосун,
Бирини бири колдосун.

Мейличи кандай корс болсун,
Бирине бири дос болсун.
Биригип курган чеп болсун,
Бирине бири бек болсун.

Бирөөгө бирөө жем салат,
Бирөөдөн бирөө кем алат.
Бирөөгө бирөө ок болот,
Октолсо бир күн жок болот.

Бириңе бириң октолбо,
Бекерден бекер жок болбо.

Бекерден бекер албагын,
Балээге бир күн калбагын.

Бекердин бекер жагы бар,
Бекердин кетпес тагы бар.
Бекерди алба эч качан,
Бекерден бекем тор жайган.

Бирөөлөр берет кол менен,
Колунун кору мол экен.
Алгандын берер жообу бар,
Алдыдан баскан жолуң тар.

Жолуңду тоссо пул менен,
Өзүңсүң ага кул деген.
Кулусуң пулдун бул деген,
Акылың кетет пул менен.

*18.11.2011*

## ЭЭ, КУДАЙ!

Ээ, Кудай! өзүң жол көрсөт,
Неге күндөр түнгө көчөт.
Жол табамбы, жолду көрсөт?
Эртең мени эмне күтөт?...

Эртең дагы эртең болот,
Мен да барам болуп конок.
Эртең дагы өтүп өчөт,
Кечки түнгө мени бөлөп.

Түнү менен уктап жатам,
Түшкө кирип кезем аалам.
Түшүм берет мага аян,
Ушул баары өмүр баян.

Ээ, Кудай! өзүң жол көрсөт,
Көз жашым тамчы, жаш төгөт.
Эч нерсе көрбөй жол туман,
Ыйык бир китеп ал куран.

Курани карим дин Ислам,
Тилегеним ал бир ыйман.
Жакшылык үчүн бар кудай,
Ошондуктан кыйнады да.

Кыйнаса кайылмын өзүм,
Көрбөсө сокурдур көзүм.
Сүйгөн бир пендесин кыйнайт,
Кыйынды жеңсе бир сыйлайт.

Ээ, Кудай! өзүң жол көрсөт,
Өлүм ак, адам бир өлөт.
Жашап бир өмүр из калат,
Эркек киши бир кысталак.

Мааниси болсо бир өмүр,
Мааниси болбосо өчүр.
Узун жол түптүз бир багыт,
Үлгүдөн үлгү бир калып.

Бир калып жакшылык өзү,
Ал жалгыз кудайдын көзү.
Кудайым оңдосун жолду,
Күн чыгып, таң атса болду.

*04.01.2012*

## ОЙРОҢДОГОН ОСОЛДОР

Акыйкаттын көзүн ойгондор,
Акка кара күнөөнү койгондор.
Аппак ишти карартып боегон,
Кара мүртөз тажатып ойрондор.

Ойроңдогон ойсоке осолдор,
Одураңдап оолукма кополдор.
Чочубаган ыйманын жуткандай,
Жалжаңдаган бир кесел жуккандай.

Уяты жок кара жаак жагымсыз,
Бети жоктой ары жок намыссыз.
Аралаштырып иритип баарыны,
Коркунучтуу төккөндөй заарыны.

Ушундай бир урушчаак чаарлары,
Бети жок адамдын жыландары.
Тиктеп болбойт андайдын бетине,
Чаары түшөт көзүңдүн четине.

Абайлагын адамдар алардан,
Айбандан да пасыраак жаралган.

Айбан жакшы алардан миң эсе,
Айбан гана аларды дебесе.

Айбан андан жогору өйдөрөөк,
Айбан жакшы түшүнөт көбүрөөк.
Айбан аты болбосо адамдай,
Алмаштырып адамды салгандай.

Жалгандын отуну бир үйлөгөн,
Ушакка отту жагып сүйлөгөн.
Аңгыраса эшектей тиштенип,
Чочконун дал өзү го жинденип.

Чочко десең желмогуз болгондой,
Жүргөн жери чыр чатак толгондой.
Бир туалет экен го сасыган,
Көргөндө бүт көңүлүң айныган.

Андайга ит, ит болуп теңелбес,
Өзүнө бети жогу сезилбес.
Кудай сакта мен деле сактанам,
Теңелбей бир жамандан өч алам.

*23.05.2012*

## БЕШ ЭНЕМ

Беш энем жарык нур мандайдан,
Беш катар жолумдан саналган.
Беш манжа колумда, бармагым,
Беш энем бипбирдей салмагың.

Беш энем маңдайым жаркырап,
Бир көңүл бир өмүр айтылат.
Бир көңүл гүл өмүр арасы,
Беш колдой колумда саласы.

Беш энем тагдырга жазылган,
Бир өмүр гүлдөрдөй жайнаган.
Беш энем таптаса жонума,
Беш кетем бир өмүр жолума.

Беш энем тарбия бергендей,
Беш күнүм өмүрдү жеңгендей.
Беш эсеп бир муштай түйүлгөн,
Беш кетип бир өмүр түшүнгөм.

Беш энем бардыгы башымда,
Беш эсеп өмүрлөк жашымда.
Беш энем тагдырдын жазганы,
Беш кучак кучагын ачканы.

Бир энем ал мени төрөгөн,
Бир энем өскөн жер көгөргөн.
Бир энем Умай энем күбө,
Бир энем эне тил жан дүйнө.

Беш энем менен мен жаралдым,
Бир өмүр канча жол басамын.
Беш энем жол көрсөт, бакыт бер,
Беш кетсем беш эшик ачып бер.

Беш эшик шарт ачып, өмүр аз,
Бир өмүр жаштык кез өзү саз.
Бир гана жашаган жан барда,
Бир өмүр беш энем маңдайда.

Беш энем асман, жер жуп белги,
Беш энем бир кошкон бир мени.
Беш энем жуп кара көзүмдө,
Беш энем бир жаным өзүмдө.

*06.06.2012*

## САЛКЫН ЖЕЛ

Ак булут асманда сүзгөндөй,
Булуттан чыккан күн күлгөндөй.
Жүргөн жел кыдырып жүгүрөт,
Бак-дарак термелип көйкөлөт.

Асман-жер ааламы айланып,
Бирине-бири бир байланып.
Баары бир дүнүйө керемет,
Эрке жел, эркелеп секелек.

Жел жүрсө, желпиген бетинден,
Жол жүрүп келгендей теңирден.
Теңири көк асман чалкыган,
Суулуу жер, боз турпак чөп чыккан.

Салкын жел, сааркы таң абасы,
Таптаза тазанын тазасы.

Көз булак тамчысы жашыган,
Болбосун кайгыдан агылган.

Геримсел, үп ыссык, шабада,
Кургак жер, купкурук талаада.
Азапка бир жанды салгандай,
Дүйнөнүн ысыгы бул кандай???

Салкын кеч, кеч кирсе, күн батып,
Асманга жылдызды жык чачып.
Түн кызык асманда болгондой,
Ой келип башыма толгондой.

Түн салкын жылдыздар коштогон,
Адамдын жүзүнө окшогон.
Жүзүнөн сылады салкын жел,
Сыласаң тыптынч бир уйку бер.

Уйку бер, уйкуга кошуп бер,
Жакшына бир ширин түштү бер.
Түшүмдө бүт жаным жыргасын,
Салкын жел башымдан сыласын.

Салкын жел ойготсо эрте таң,
Тирүүлүк колдогон мен аман.
Амандык тирүүлүк өмүрүм,
Салкын жел сылаган көңүлүм.

*12.10.2012*

## ШҮГҮР КЫЛАМ

Шүгүр кылам көзүм көрүп турганга,
Анан дагын эки кулак укканга.
Шүгүр кылам эки колум дагы бар,
Анан дагын эки бутум кадамдаар.

Шүгүр деймин асман жерди тиктесем,
Карап турсам асман жерим кең экен.
Жерде жашап жүргөн өзү жакшы го,
Жерде жашоо өзү бир чоң бакты го.

Шүгүр дейин башка сөздү айтпайын,
Шүгүр кылып бул жашоону мактайын.
Шүгүр десем жакшы күндөр жетелеп,
Жакшы күнгө өзүм жүрөм эркелеп.

Шүгүрчүлүк көңүл пейил токтугу,
Токтоо мүнөз, сабыр канат оболу.
Болсун, болсун сабыр күткөн күндөрүм,
Бейпил түндө уйку келген түндөрүм.

Түндө уктап уйкум канып ойгоном,
Ойгон деген гүрүң-бараң таң болгон.
Таң агарып күнүм чыгат нур чачып,
Өзүм турам күнгө кошо көз ачып.

Шүгүр кылам көздү ачып турганда,
Өмүр берип, жаңы жашоо сунганда.

Шүгүр кылып асман жерди кучактап,
Өмүр жашым мезгил убак учкашат.

Чапкан аттай мезгил күлүк алгалап,
Өмүр аарып бир күн калат кары ат.
Шүгүр дейин, ошол күнгө жеткенге,
Секин жүрүп, жетип барсам сексенге.

Шүгүр кылып жетип барсам токсонго,
Көңүл буруп, карайт белем тоолорго.
Аппак кардай, аппак сакал жарашып,
Асман алкак өмүрлөргө жанашып.

Жүзгө жетсем, шүгүр деймин ошондо,
Асман жерди өмүр жашка кошкондо.
Жүздө жүздү кошуп алып беттешем,
Андан кийин ажал менен кездешем.

*12.05.2012*

## АЙЫМДАР – АПАЛАР ЭМЕСПИ

Жакшы бир сөз тапсам айтмакмын,
Апама бир арнап жакмакмын.
Апама сөз таппай жакшыраак,
Жакшы сөз ал неге жашынат?...

Жакшы бир сөз табам акыры,
Жашоонун ал апам баатыры.
Толгоо бир, бир тартып төрөгөн,
Апам ал, эч качан өлбөгөн.

Апамдын жуп көзү өзүмдө,
Акыбет акыйкат сөзүмдө.
Жакшы бир сөз таптым ушундай,
Ааламдын бир учкан кушундай.

Ааламды кыдырган өрдөгүм,
Өзүңдөй ыйыкты көрбөдүм.
Океан толкуну ашкандай,
Ааламды бүтүндөй жапкандай.

Ааламды жаппастан ачкандай,
Өмүрдү улантып тарткандай.
Жаратып баланы кардына,
Толготуп көзүнү жарды да.

Жарылган көздөрү тунарып,
Адамзат туягы уланып.
Төрөгөн апама ыракмат,
Келгенмин ошондо ыңалап.

Ак сүтүн эмизген тойгозуп,
Алпештеп өмүргө ойготуп.
Ыйласам ыңалап токтобой,
Эмизген тойгозуп сооротуп.

Апамды айттым мен адамдар,
Апамдан артык бир эмне бар?
Апалар эмгеги түбөлүк,
Жакшы сөз тапсак биз макталаар.

Макталаар апалар ар дайым,
Асмандан чыккандай бир айым.
Айымдар – апалар эмеспи,
Ааламда эч бир жок теңдеши.

*01.05.2012*

## АПАМДЫ САГЫНДЫМ

Апамдын үнүн сагындым,
Сагынган көңүлдөн агылдым.
Агылдым кусага чөмүлүп,
Мээрими жамгырдай төгүлүп.

Сагынып караанын издесем,
Аа-а-набу келаткан сиз десем.
Сиз эмес, ал башка эне экен,
Мени бир башкача дегдеткен.

Ак жоолук ал сизге жарашкан,
Колуна таянган таякчан.
Караанды карап бир мен калдым,
Кемпирди көрсөм бир таякчан.

Жол жүрсөм, кезип бир ааламды,
Таппадым апамдай адамды.
Кез-кезде түшкө бир киресиз,
Маңдайдан өбүп бир кетесиз.

Маңдайым жаркырап эркелеп,
Өзүңүз жок болуп жетелек.

Түшүмдөн ойгонуп жоготуп,
Эркелик сезимди ойготуп.

Арманда калдымбы бир туулуп,
Сагыныч толкунга урунуп.
Мээримдүү көзүңүз ачылып,
Эркелик сезимге агылып.

Мээримге кубаныч толтуруп,
Келсеңиз жаныма олтуруп.
Башымды сыласа алакан,
Мээримиң сагынган мен балаң.

Тай-тайлап тургандай көрүнүп,
Көзүнөн мээрими төгүлүп.
Уулуну күткөндөй бир эстеп,
Тургансыйт көзүмө элестеп.

Апамды сагындым адамдар,
Апамды жоготуп арман бар.
Арманым аттын бир башындай,
Апалар жүрсө экен карыбай.

*27.04.2012*

## ЭНЕГЕ КУБАНЫЧ БЕРСЕҢЕР

Тогуз ай көтөрүп боюна,
Тогуз тоонун белин ашканда.
Тогуз айдын толуп эсеби,
Толгоо тартып төрөп сен мени.

Көз жарып бир жашоо бергени,
Көр дүйнө ачылып келгени.
Көз мончок өңдөнүп мен келдим,
Өзүңдөй өмүрдү сен бердиң.

Өмүрүм кымбатпы өзүңдөй,
Бул дүйнө эненин көзүңдөй.
Ааламды баштаган энелер,
Эмгеги эмнеге тең келээр?

Эмгегин бааласак алтынга,
Тең келбей калабы акылга.
Алтындан кымбат го энелер,
Өмүрдүн баасына тең келээр.

Жеримдин кеңдиги энедей,
Кучагын кең ачып бергендей.
Энекем менин бир берекем,
Эмгегиң ааламга тең экен.

Улуу сөз табалбай адамдар,
Энеге түбөлүк карыздар.

Эненин сүтүн эмгендер,
Энеге кубаныч берсеңер.

Карызмын бир өмүр өзүңө,
Тигилип караган көзүңө.
Көзүңдөн мээримиң төгүлөт,
Ак сүтүң ырыскым бөлүнөт.

Ырыскы бергенби энекем,
Ак сүтү жан азык берекем.
Эненин көлкүлдөп мээрими,
Ааламды балага бердиби?

Ааламды бергендер энелер,
Эмгеги эмнеге тең келээр?
Эрдиги толгоонун күчүндө,
Тең келээр баланын үнүнө.

*27.01.2012*

## АК-ТУРПАГЫМ

Ак-Турпагым – сенсиң кымбатым,
Айдай сулуу көркөм сымбатым.
Аккан суулар шокпу дарыяң,
Алакан жай улуу карыям.

Ак-Турпагым карап тургандай,
Жакшы күнүм сайран кургандай.
Ак-Турпагым ачаар эшигим,
Туулган жерим алтын бешигим.

Ак-Турпагым – сайда шалысы,
Ырыскылуу картаң карысы.
Акжувазда шалы актайбыз,
Ак-Турпакта жыргап жашайбыз.

Ак-Турпагым – алтын чачыңдан,
Сылап турсам өзүм салаадан.
Ак-Турпагым күмүш чачыңдан,
Алыс кеткен күнү сагынам.

Ак-Турпагым – аккан суулары,
Көңүлүмдү таза жууганы.
Ак-Турпагым тунук асманы,
Өзү мени колдоп жатканы.

Ак-Турпагым, үчүн кубанам,
Бир өзүңдү басып айланам.
Ак-Турпагым жашар көктөмдөй,
Жакшынасын эч бир өзгөрбөй.

Ак-Турпагым, ырдап беремин,
Куунак көңүл сенсиң себебим.
Ак-Турпак деп обон созомун,
Кең кучагым кенен тосомун.

Ак-Турпагым, мени тосуп ал,
Кучагыңа мени кошуп ал.
Кучагыңда эрке balaңмын,
Сени менен жоктур арманым.

Арманым жок өзүм төрөлүп,
Ак бешикке аппак бөлөнүп.
Арманым жок такыр арманым,
Өзүңдө бир жыргап жашадым.

*25.12.2011*

## ОН СЕГИЗ МИҢ ААЛАМ

Жараткан өзү жалгыз жараткан,
Жалгыз бир нурду тегиз тараткан.
Көк асман көкмөк чексиз бийиктик,
Жеримде жашоо өмүр тириктик.

Жаратса адам үчүн жаратты,
Адамга көздү берип каратты.
Көзүндө нуру ысык мээрими,
Парасат акыл эси теңиби?...

Жараткан берди баарын адамга,
Түшүнүк он сегиз миң ааламга.
Он сегиз миң аалам сыр табышмак,
Адамдын аты менен табылмак.

Адамды жасап койду керемет,
Ааламга адам өзү бет келет.
Адамды адам неге ойлобойт?
Адамды адам өзү кордобойт.

Эч качан адам кылба кыянат,
Адамды адам гана тыялат.

Тыйылгын, жаман иштен ар качан,
Адамды жакшы ишке жараткан.

Ойлогун жакшы ойду оболу,
Акылга жакшы ойду топтойлу.
Акылда калчап жакшы ниетти,
Жараткан берип турсун тилекти.

Асмандан күндү-айды көрсөтүп,
Күндөрдү түнгө кошуп өзгөртүп.
Уктатып кайра турат ойготуп,
Бир күндү түнгө бурат жоготуп.

Жаңы таң атат дайым күн чыгып,
Жарыктын көлөкөсү бүт жылып.
Батат күнаарып чарчап жаткандай,
Кеч кирип көккө жылдыз чачкандай.

Жык жылдыз саны санак жетпеген,
Тирик жан, жаны анда тиктеген.
Жылдыздар түндө жайнап көрүнгөн,
Он сегиз миң бир аалам бөлүнгөн.

*08.04.2012*

## АК-ТУРПАК БАРЫМСЫҢ

Көзүмдүн нурусуң – Ак-Турпак,
Көңүлдүн туувусуң – Ак-Турпак.
Канымдын агымы – Ак-Турпак,
Жанымдын баарысы – Ак-Турпак.

Көзүмдө жаркырайт нурларың,
Көңүлдү тазалайт сууларың.
Киндигим кандары тамчылап,
Көңүлгө көркөмүң катылат.

Кеткенде кыдырып ааламды,
Кеңири коемун кадамды.
Кеткендей келемин кайрылып,
Келгенде кусалык басылып.

Кел дейсиң өзүмдү тоскондой,
Кайрадан жүрөгүм сокконой.
Кучагым кеңири толгондой,
Кусалык баары жок болгондой.

Кусаадан бошоном көрүшүп,
Капилет көңүлдөн өбүшүп.
Карааным өзүңө кошулуп,
Кайрадан көргөндө сен улук.

Кымбатым туулган бир жеримсиң,
Кеңири алгандай демимсиң.
Кубанган кубаныч койнумда,
Кыймылдуу өмүрдүн жолунда.

Канатын сабалап убактар,
Көзүмө сүрткөнгө турпак бар.
Колума кармаган алтындай,
Кагылып жалынып апамдай.

Кабатыр болгондой Ак-Турпак
Кубарган чачтары ак бубак.
Кеч кирсе жол карайт Ак-Турпак
Күттүрбөй келемин – Ак-Турпак.

Күткөндө өзүмдү Ак-Турпак,
Күттүрбөй шашамын ар убак.
Күткөндө билесиң жол узак,
Күтө тур келемин – Ак-Турпак.

*19.04.2011*

## БИР ЖАРЫЛЫП ЫРДАЙЫН

Эргүү менен бир жарылып ырдайын,
Жарылганды кулак салып тыңдагын.
Жарылгандан айландымбы дүйнөгө,
Эки кулак өтүп берсе күбөгө.

Эки кулак угуш үчүн жараткан,
Эки көздү көрүш үчүн караткан.
Эки колум кызмат кылсын көңүлгө,
Эки бутум басып берсин өмүргө.

Жарыламын ырды окуп көңүлдөн,
Бекер кетпей бекер жашап өмүрдөн.
Жарылгандай башталганбы дүнүйө?
Асман жердин кирип бардым үйүнө.

Жерде бешик, асман эшик ачкандай,
Асман жакка миң-миң аалам каткандай.

Адамзаттын оюу менен пикири,
Жаратканым өлчөп ченеп бердиби?

Ашып кетсем кечир мени жараткан,
Асман жерди өзүң берип караткан.
Кызыккандын кызык иши күнөөбү?
Кызык дүйнө жылдыздарың түндөгү.

Ойлоп алып ойдон күлүк минемин,
Жакшы ойдо жакшы менин тилегим.
Жакшылыктан жакшылыкты тапсамбы?
Бир жарылып жаңырыкты салсамбы?

Жаңырыкты аска-тоолор коштосун,
Жаңы дүйнө болуп берет коркпосун.
Аа, бирок мен тыйылгандан тыйылам,
Акыр түбү жакшылыкка жыйылам.

*13.012013*

## МИҢ ЖЫЛДА

Миң жылың жаратканга бир ирмем,
Миң жылды сураштырып ким билген?
Билген жок эч ким көрүп келген жок,
Миң жылды жашабастыр жан бирок.

Миң жылың өткөн күндөй кечээги,
Миң жылдык кургап калган тезеги.
Бок дүйнө өткөн күндө калыптыр,
Ичээр суу өмүр напси агыптыр.

Миң жылдык тарых сабак бир узун,
Миң жылдык күнүң-түнүң бир куржун.
Бир куржун эки көздүү бир кабың,
Бир өмүр бир куржун болот дагын.

Миң жылдай мурда өткөн бир адам,
Миң жылың жаратканга бир кадам.
Миң жылды эсептеген улама,
Миң жылдык тарых курак курама.

Миң жылды жомок айткан жомокчу,
Миң жылың жомок гана болмокпу.
Бир бүтүн эки эсеп күн-түнүң,
Миң жылдын уландысы шул бүгүн.

Миң жылда он түлөп жер өзгөрөт,
Жүз жылдан бөлүп-бөлүп көргөзөт.
Бир кылым жүз жылыңдын эсеби,
Жүз жылда жериң жаңы дегени.

Миң жылың жаратканга бир үзүм,
Көрбөйсүң жараткандын нур жүзүн.
Миң жылдай жашайт дешет кузгундар,
Миң жылда бир карга кузгун туулар.

Канча миң жылдар өтөөр дагы да,
Миң жылдар дагы күтөөр алдыда.
Миң жылда кара кузгун тууганча,
Миң жылың ачып көздү жумганча.

Миң жылдык карга тукум басабы,
Миң жылда карга тукум ачабы?
Миң жылда карга ачса балапан,
Миң жылың бир ирмеми жараткан.

*28.06.2012*

## КОНУП БИР УЧПАЙБЫ

Мезгилдер сабалап учуптур,
Токточу бир азга туруп тур.
Дегенди таптакыр укпайбы,
Конуп бир, конуп бир учпайбы.

Укпайбы учкан куш мезгилдер,
Катар сап учкандай кеттилер.
Кеттилер ак кептер тынчтыгы,
Учкандай асманда чымчыгы.

Чымчык куш канаты талыбай,
Калбады өмүрлөр карыбай.
Өмүрдү коштогон өзүбүз,
Жаш чакка учкандай көзүбүз.

Өткөрүп күндөрдү калтырып,
Өмүрдүн бар жүгүн артынып.
Өмүрлөр кош айтаар ааламга,
Акыйкат бул жашоо жалганга.

Көп өтпөй бул күндөр кетчүүдөй,
Күн-түндөр өмүр күү чертчүүдөй,

Куулөрдүн күндөрү сезилбей,
Жаш өмүр кетиптир билинбей.

Сездирбей бир ууру алгандай,
Кол булгап бир өмүр калгандай.
Барабыз өткөнгө өкүнүп,
Ойлорго тулку бой чөмүлүп.

Жалганбы чындыгы өмүрлөр,
Бир тамчы бир өмүр төгүлөөр.
Төгүлөөр бул жашоо ааламы,
Издерде калгандай кадамы.

Кадамдар адамдар тай-тайлап,
Акылы менен бир абайлап.
Карачы мезгилдер учкандай,
Мезгилдер өмүрдү туткандай.

Мезгилдер баратат сабалап,
Өмүрдүн өткөнү катар сап.
Катар сап тизилип мончоктой,
Уча бер сабынды жоготпой.

*11.10.2012*

## БАТКЕН ДЕЙМИН

Баткен деймин, кайра-кайра кайталап,
Баткен десем, жашоо кызык салтанат.
Баткен десем, ушул сөздөн башталат,
Булут көктө ырыс кешик чачылат.

Баткен десем, көңүл кургур ийилет,
Баткен десем, көңүл көккө илинет.
Баткен дебей кантип анан турамын,
Баткен деген сөзгө көңүл бурамын.

Баткен экен өрүкзарлуу Мекеним,
Баткен өзү улуу сөзбү дегеним.
Башка өрүк өлбөс өмүр жегениң,
Баткен үчүн көтөр башты дегеним.

Баткен деген, баткенчилер ыйыгың,
[illegible] байла Баткен үчүн кыйыгың.
Баткен үчүн башта таштап кадамды,
Баткен үчүн келтирбегин жаманды.

Баткен үчүн гүлдөй берсин өрүкзар,
Баткен күчү согуп турган жүрөк бар.
[illegible] көнүл ооруп турган көңүл бар,
[illegible] өтүдө шыпаа болоор өрүкзар.

Баткен үчүн оорубайлы адамдар,
[illegible] ишеничтүү кадамдар.

Багыт табып барар жолдо үмүт бар,
Төшүн тосуп, күтүп алаар өрүкзар.

Баткен сөзү – туудай бийик желбиреп,
Баткен өзү – жетчү жерге жеткирет.
Баткен дейбиз, биздин ураан ушундай,
Баткен деген – илек-илек кушундай.

Байыр алсын кадам баскан Кадамжай,
Басып барар максат алган адам ай!
Баткен дегин, туш тарабың кеңейсин,
Баткен десең, куштай уча бересиң.

Баткан кенге айткан сөздө – Баткеним,
Баткен деген – көңүл толгон жаткебим.
Баткен үчүн алга кадам койгула,
Баткен барда, сак-саламат болгула.

*12.02.2011*

## НАРКЫМ БАР

Бааланып наркымды билбедим,
Көңүлдү калтырып издедим.
Соодагер бир наркты сурады,
Бир тыйын берем – деп турабы.

Бир тыйын эмес – деп мен турам,
Наркымды жакшыраак сиз сураң.
Наркы бар кадырым билгенге,
Чыдадым жиниме тийгенге.

Бир өмүр бир көңүл кымбаты,
Бир өмүр бир келет ыраспы?
Баасы жок сатылбайт накказга,
Келишпейт сиз айткан аз-мазга.

Өмүрдү баалабайт алаарман,
Өмүрдү мен эмес сатаарман.
Кадырым канчалык издедим,
Өзүмдүн наркымды билбедим.

Баркым бар билгенге түшүнгөн,
Кыска сөз айтайын түшүнсөң.
Түшүнбөс мерезге сөзүм жок,
Мерезге атылган өзүм ок.

Ок болом, жок болом бир күнү,
Муш болом, таш болом ар күнү.
Таш болуп каткандай эстелик,
Бир жашап бекерге келбедик.

Бекерден бекерге кетпесин,
Мен жашап жөн эле кетпесмин?
Жашаймын бир өмүр бүткүчө,
Жакшылык өзүмдү күткүчө.

*12.05.2013*

## БИР КҮЛКҮ

Бир күлкү – ден соолуктун ал мүлкү,
Күл, күлүп койчу, дагын бир күлчү.
Күлө бер, ден соолугуң чоң байлык,
Сен күлсөң бул дүйнө жапжарык.

Күндөй күл, бүт ааламга нурданып,
Ар бир күн күндөн күнгө уланып.
Айдай күл, түндүн сырын ачкандай,
Жылдызды көк асманга чачкандай.

Бир күлкү жакшылыкты баштаган,
Бир күлкү бул дүйнөнү сактаган.
Күлүп кой, булуттан бир чыккандай,
Ден соолук күтүп алсаң, сен эң бай.

Бай болгуң келеби сен, күлүп кой,
Күлкүдөн бой эмес, ой өсөт, ой.
Күлүп кой, бай болгур, сен жашасаң,
Күлкүңдү адамдардан катпасаң.

Бай адам күлөт экен каткырып,
Бир өмүр бул жашоону жактырып.
Күл, каткыр, күлүп жайна ачылып,
Бүт өмүр бакыт гүлү чачылып.

Адамга адам кымбат билгенге,
Жан дүйнө эшик ачып киргенге.

Күлүп кой жан дүйнөнү сергитип,
Бакытка алып кирсин ээрчитип.

Күн күлөт, күндөй болгун чайыттай,
Бул өмүр өтөт экен кайыптай.
Күлүп жүр өмүр барда жаркырап,
Бир күлкү ден соолукту чакырат.

*28.05.2013*

## АЯЛ

Аял киши жол баштабайт,
Кыз бала арык аттабайт.
Адеп ушул нарк салты бар,
Ар бир иштин жол башы бар.

Аял эрин пир туткандар,
Акыл адеп түз туткан бар.
Аял ыйык, эр бийикте,
Аял жолун таап кирип кел.

Аял сырдуу эч түгөнбөс,
Азап жыргал эч өзгөрбөс.
Ал махабат жан жыргаган,
Аял дүйнө бүт жыйнаган.

Аял аалам эч аарыбас,
Аял сулуу эч табылбас.
Аял эне бүт ааламга,
Аял шерик бул жалганга.

Аял көп сөз эч бүтпөгөн,
Аял сыр эч ким күтпөгөн.
Аял жарым жан өзүнчө,
Аял мүрөк суу төгүлсө.

Аял төрөп жан улаган,
Аял сулуу сен каалаган.
Ал махабат гүл гүлдөгөн,
Аны эркек жок сүйбөгөн.

Аял эркек бир уютку,
Аны бизге эс туюнтту.
Акыл эсиң бүт туюнтат,
Аял эркек «КУТ» уютат.

*11.05.2013*

## КУУ ТУРМУШ

Куу турмуш, куу тумшук чокуба,
Керексиз баш оору токуба.
Каршылык жолума коротуп,
Көңүлдү койдуңбу оорутуп.

Көңүлүм ооруса ооруптур,
Кыйындык сениби карап тур.
Кыйындан кыйынмын мен дагын,
Кыйынга чыдаган бар жаным.

Кара жан, жан багаар жеңилбей,
Каттыкмын кээде мен темирдей.

Күнөөм жок! Куу турмуш сүйлөшөм,
Кайгырып олтурбай күрөшөм.

Куу турмуш жашоону атадым,
Ким билет? Негедир капамын.
Капалык тагдырга жазганбы,
Ким билет, бул жашоо жалганбы?

Ким айтты! Жалган деп жашоону,
Кимди ким? каалады мактоону.
Кымпыйган Куу турмуш бир жумуш,
Керекпи какайып тик туруш.

Калп айтпа, куу турмуш алдаба,
Колтуктан колтуктап кармаба.
Кытыгым келбесин, ачуум бар,
Кең пейил сабырда акыл бар.

Катыгың беремин колуңа,
Куу турмуш тосулба жолума.
Кыйынды жеңемин баарыи бир,
Акылга келбесең, өзүң бил.

*11.05.2013*

## ЖАН ДОСУМ

Айтчы дос! Дос болсоң чыныңды,
Чын эле, бул жашоо кыйынбы?
Неге мен жашоодо кыйналам?
Көп жолу өмүрдө ыйлагам.

Ыйладым көп жолу турмушта,
Сени да кыйнасам, бир мушта.
Бир мушта аябай тепкиле,
Чын эле сеники жетти де.

Жан досум, кан досум сен болсоң,
Көзүмө көгөртө бир койсоң.
Жалбарып Кудайга барайын,
Бүт баарын мойнума алайын.

Кудайым көргөндө көзүмдү,
Аяйбы, а балким өзүмдү.
Көр болуп көр дүйнө калдыбы?
Шайтанга бир өмүр салдыбы?

Шайтанга бербестир жараткан,
Кыйындык мойнума ал арткан.
Сынайбы ушинтип өзүмдү,
Көр дүйнө көрбөгөн көзүмдү.

Көзүмдү тазалап караармын,
Чындыкты акыры табаармын.

Тапканда той болот көңүлдө,
Табылып акыйкат өмүрдө.

Акыйкат ак болсо агарган,
Мен болом бир күнү табалган.
Үмүтүм жетелеп жеткирет,
Акыйкат акыры бир келет.

*12.05.2013*

## АРТЫҢДА ӨМҮР КАЛАТ

Артыңда өмүр калат көрбөйсүң,
Ким айтты сени эч - деп өлбөйсүң.
Өлөсүң акырында бир күнү,
Мына ошол жашоонун көп түнү.

Артыңда бала-чака калсын деп,
Негизи ошол гана жакшы кеп.
Атадан балага кан куюлган,
Бул жашоо ушундай ал уюган.

Артыңда кылган ишиң жумуштар,
Мезгилдер ал канаттуу учкучтар.
Адамзат акылы ой өскөндөй,
Жай жылып бул замана көчкөндөй.

Артында калат асман жериң да,
Ошондуктан бул дүйнө жалган да.
Чын жашап жаның барда тирилип,
Бул дүйнө акыл менен билинип.

Артында баары калат акыры,
Бир жаның өз ордуну таптыбы?
Эгерде тапкан болсоң каякта?...
Өлбөстүк өнөрүңдү сен ташта.

Өнөрдүн алды болот кызыл тил,
Өлбөстүк сөз экенин жакшы бил.
Сөз калат адамдан бир сүйлөгөн,
Эң алгач эне тилиң үйрөткөн.

Эне тил кыргыз тили санжыра,
Катар сап санжырасы ал ата.
Кан атаң кыргыз болот улутуң,
Кыргыз бол! Кыргыз болуп уюдуң.

*28.05.2013*

## УЙПАЛАБАЧЫ

Уйпалабачы турмуш мени мынчалык,
Эч кимге менин зыяным жок кылчалык.
Түшүнө албай турмуш сырын эч качан,
Табышмактатып анын жообун ким каткан?

Тоскоолдуктарды аттап өтүп кетсемби?
Турмушту курдум, кыйындыкты жеңсемби?
Жеңсемби, жеңиш үчүн мен да төрөлгөм,
Кыйынчылыктарды жеңген күн өлбөсөм.

Кыйынчылык эмне? Билэермин турмушта,
Кыйнай берчи көк ала койдой бир мушта.

Мушундан көрдүм турмуш жашоо азабын,
Акыры түшүн зыяным жок, тазамын.

Азабым көппү? Жашоо турмуш кыйнаган,
Андыктан чындык издеп таппай ыйлагам.
Ыйлагам чындык үчүн миң бир өкүнүп,
Он эки мүчө тулку бойдон сөгүлүп.

Кайгырбайынчы, жашоо өмүр бир келет,
Ал бир өмүрдү ойлоп көрчү ким берет.
Ал канча урмат кайталангыс эң кымбат,
Бул жашоо өмүр кымбат, тагдыр жол салат.

Кайталанбайт ал күндөр түндөр кайтарат,
Кайсы жалган ким бөлүп-бөлүп айталат.
Айталбайт эч ким, эч бир киши эч качан,
Бул табышмакты жараткан өзү каткан.

Кайталанбайт бир өмүр жашоо эч качан,
Бардыгы түгөйт, аалам калат ар качан.
Асман, аалам, жер, тоолор, түздөр бар болсун,
Жашап кеткен бир өмүр өткөн жан болсун.

*27.05.2013*

## АЙ КӨРДҮМ

Ай көрдүм, тырнактай жаңырган,
Ай аалам тамгадай таанылган.
Ай көрдүм, исламдын дининдей,
Ай көрдүм, баланын тилиндей.

Ай бөбөк төрөлүп көрүндү,
Асмандан тырнактай бөлүндү.
Ай көрдүм, тырнагым өскөндөй,
Ал мезгил эрте баар көктөмдөй.

Ай көрдүм, шам болоор мезгилде,
Ак шамдуу түн кирээр кечинде.
Ааламды толготуп төрөгөн,
Асманга өзүнү бөлөгөн.

Ай көрдүм, тырнакты кырккандай,
Ай болуп жаңырып чыккандай.
Айлыгым колума тийгендей,
Ай тырнак акымды бергендей.

Ай көрдүм, амандык элимде,
Ай аалам тынччылык жеримде.
Ай көргөн көзүмө кубанам,
Ай аман, эл аман мен турам.

Ай көрүп кубанып турамын,
Ай эсеп мезгилде убагым.

Ай көрүп амандык тиледим,
Ай көрүп жер баскан килемим.

Ай чыкты, асманды карачы,
Ай эсеп эсебин саначы.
Аралык отуз күн өткөргөн,
Антарып, оодарып көмкөргөн.

Ай көрдүм, көп эле кайрадан,
Ай тырнак өскөндөй адамдан.
Колдо бар, бутта бар тырнагың,
Билбедик тырнактын сырларын.

Ай көрүп жашайлы өмүрдө,
Ай тырнак тырмалып көңүлгө.
Ай тырнак ислам дин эсеби,
Шамбала төрөлгөн кечээби?

Шам окуп намазга өткүлө,
[illegible]ден динине көчкүлө.
[illegible]аты пакиза оңунда,
[illegible] ислам тазалык жолунда.

[illegible]дан көрүнгөн жаңы ай,
[illegible] батып эс алган ошол жай.
[illegible] мезгилде табылат,
[illegible] намаз салынып ибадат.

[illegible] калбасын пенделер,
[illegible] алынып келмелер.

Шүгүрлөр болсунки ыймандан,
Жай намаз салынган намаздан.

Ай көрдүм, кувладан күн баткан,
Ааламды бүтүндөй нурданткан.
Ай көрдүм, исламдын дининдей,
Ай көрдүм, чеги жок илимдей.

*20.01.2013*

## БИР ААЛАМ КАНЧАЛЫК

Жан дүйнө көкүрөк тушунда,
Көңүлдүн учкан бир кушунда.
Куш көңүл учуруп бир адам,
Көңүлгө толтуруп миң аалам.

Миң аалам, бир аалам канчалык,
Карачы бир жолу баш багып.
Баш багып көрбөсөң билбейсиң,
Билбесең, айла жок ким дейсиң?

Ким экен, билбеген бей тааныш,
Тобокел бир ишке бир барыш.
Кыйындын кыйыны эмеспи,
Ким? – десең, өзүң ким? – дебеспи.

Өзүңдү таанысаң оболу,
Өмүрдүн татаалдай жолдору.
Ким элең, ким болдуң? Билип кой,
Көңүлдү батырган тулку бой.

Тулку бой өмүрдүн бир гүлү,
Балдарың коштогон бүрлөрү.
Бүрдөгөн гүлдөрү өмүрдүн,
Балдарың көп жашап күлгөнүң.

Күлкүңдү балдарың уласын,
Өмүрдөн көңүлүң узарсын.
Узарсын өмүрүң көңүлдөн,
Жан дүйнө көкүрөк көрүнгөн.

Көкүрөк ачылып жан дүйнө,
Түшүнбөй көңүлдү сен күлбө.
Кой күлбө түшүнбөй өмүрдү,
Түшүнгүн түшүнүп көңүлдү.

Көңүлдү түшүнгөн жан болсо,
Көңүлгө өмүрдө бир толсо.
Бир толсо жан дүйнө бир жыргап,
Чын эле акыйкат бир ырдап.

Бир ырдап, жан дүйнө толтуруп,
Жаныңа бүт жаның жык толуп.
Жык болуп бүт өмүр көңүлүң,
Бир толуп өтөбү өмүрүң.

*01.04.2013*

## БӨТӨН ТООМАТ КЫЯМАТ

Акка кара сүртүп койсо гуйбулар,
Кантип ушул жакшы болсун адамдар?
Заман айнып кетеби деп коркомун,
Акыйкатты кимден сурап жоктоймун.

Жалган, чындык калат экен кармашып,
Акка кара неге түшөт тармашып?
Акты кара жалмап-жулмап койбосун,
Ушакчынын кара карды тойбосун.

Кайраштырган ушак анын курчтугу,
Акыйкаттын жерге тийип тумшугу.
Акыйкаттын аймап алып бетини,
Гуйбу-куйту чочко болуп кеттиби?

Куркулдаган доңуз чыкса дөбөгө,
Акыйкаттын орду андан өйдөдө.
Кандай болот туйлап турса камандар,
Адам эмес, чочко болгон айбандар.

Чочко пейил ушак сүйлөп семирген,
Чектен чыгып токтоп калбай элирген.
Кутургандай өзүнүкүн өзү жеп,
Башкалардын баардыгынын мээсин жеп.

Иттей пейил күтпөй жүрчү адамдар,
Иттей пейил кармап жүрөт жамандар.

Жаман экен ушак гуйбу арада,
Ушакчылар калып кетсин талаада.

Тынчтык заман, кимдер аны сүйбөгөн,
Акылсызга акылдуулар күлбөгөн.
Акмактардын ары болбойт турбайбы,
Ушакчынын учуп турса камгагы.

Бөтөн тоомат жаман экен арамдык,
Курук бекер курмандыкка чалбайлык.
Кудай сакта мындай иштен адамды,
Адам ата пайгамбары балаңды.

Адам ата напсин тыйбай алданып,
Бейиш жайдан чыккан экен айдалып.
Жашоо үчүн күрөш чындап түбөлүк,
Напсин тыйып бейгам жашап жүрөлүк.

Напсин ашса башка балаа үйбөсүн,
Напсиң тыйсаң аман-эсен жүрөсүң.
Напси талаш жашап жүрүп билбесең,
Напси алдап дозок үйгө кирбесин.

Дозок деген күйүп кеткен жалын от,
Акыретти ойлоп жүрсөң андан корк.
Кудай десең туура багыт табылат,
Жакшылыктан дозок эшик жабылат.

Жакшылыктын жакшы ниет баласы,
Жакшы ниет күндүн, түндүн арасы.

Өмүр жолдон оңго, солго садага,
Абайлагын айланайын жан бала.

Бөтөн тоомат адамзатка кыянат,
Напси жаман өзүн кантип тыялат.
Арам ниет арамдыгы өзүнөн,
Кыяматты баштаганы сөзүнөн.

Бузук сөздү кыйшык ниет күүлөгөн,
Акыйкаттын адилети түгөгөн.
Оңолбосоң оңко кетип кулаарсың,
Акыйкатты өлүп калып сураарсың.

Акыйкатка өлө элек көнгүлө,
Текеберлик кылбай эле жөнгүлө.
Жаман адат өлсөң калат турбайбы,
Тирик жаман өлүп калып ыйлайбы.

Кыяматта жообун берет кыянат,
Тирик кезде кылбай койсо зыярат.
Зыяратың ибадатың өзүңдө,
Жакшылыктан жаман болуп бөлүнбө.

*11.01.2013*

## ЫР БУЛАК

Ыр булак болгум келет өмүрдө,
Бир убак мезгилдердин төрүндө.
Төр-төрлөп аккым келет ылдыйга,
Жыл, кылым өтсө дагын бир кыйла.

Ыр дүйнө болгум келет сүйүүгө,
Чын сүйгөн бүтүн өмүр күлкүгө.
Гүл өмүр гүлдөй болгон махабат,
Кош жүрөк ырдап турса башталат.

Ыр дайра болгум келет көңүлгө,
Жан дүйнөм жамгыр төгүп өмүргө.
Шок дайрам аккан өңдүү күнү-түн,
Ыр болуп жашай берсин үмүтүм.

Ыр үмүт болгум келет үмүткө,
Гөр үмүт гөрдө жатып түңүлтпө.
Ыр болуп ырым калса сагынган,
Ыр өмүр өлбөстүккө багынам.

Көк асман болгум келет ырыма,
Сыр дүйнө толгум келет сырына.
Ыр болгон максат менин тилегим,
Тар дүйнө ичи тарлык билемин.

Кен дүйнө асман аалам бардыгы,
Тар дүйнө пейил куйту тардыгы.
Кучак ач! Кеңий түшсүн ырларым,
Ыр булак көзүн ачсын суу алгын.

[illegible] ыр булак көзүн тазалап,
Жан дүйнөм суудай агып ал барат.
[illegible] тоо! ылдый жакка шылдырап,
Булак ыр жаза берем ыр ырдап.

Булак ыр жаңы жаздым агылат,
Жан дүйнөм өмүр аздай таарынат.
Ыр булак көзүн ачтым карачы,
Аз өмүр көздүн жашы бет арчы.

Күн чубак күндүн нуру төгүлөт,
Бой тартып кыздын чачы өрүлөт.
Түн сулуу жылдыз жоолук салгандай,
Ай бетин сууга жувуп алгандай.

Ыр болуп өзүм ойдой бөлүндүм,
Жан дүйнөм арык бойлой төгүлдүм.
Ичип көр махабаттай наз кылат,
Кумар көз карай берсең мас кылат.

Аз ичкин, тартып ичкин ошону,
Ыр булак насип этсин оболу.
Жан дүйнөм жамгыр болуп төбөдөн,
Жок күбө менден башка өппөгөн.

Мен өптүм, төрөп алган энедей,
Кызганыч кимге гана келбегей.
Мен өптүм, эркелеткен атадай,
Ак тилек берген өңдүү батадай.

Өбө бер, сен да мейли өпкүлөп,
Ыр булак мөлтүр-мөлтүр төгүлөт.
Жан дүйнөм ырдан бүткөн тагдырлар,
Сыр дүйнө сырлуу эшик ачылаар.

Сыр дүйнө сырын ачып береттир,
Жан дүйнө жабык сыры керектир.
Сен дагы балким мендей тагдырың,
Бир тыйын болуп калса кадырың.

Бир тыйын эмес, билсең өмүрүң,
Жан дүйнөң бар байлыгың көңүлүң.
Эң кымбат өмүр деген өзүбү?
Ыр булак ушул сөздүн көзүбү?

Ыр дүйнө сени сүйдүм өмүрдө,
Жан дүйнөм батпай ашып көңүлдө.
Оо, ырлар! Көңүл толгон ырларым,
Тоолордон ылдый жакта кырдамын.

Тоолор ак, аппак карлар чокусу,
Ыр дүйнөм ырлар келет учкусу.
Ыр дүйнөм асман ээлеп айланат,
Жан дүйнөм курган өңдүү салтанат.

Ыр майрам жайып салдым дасторкон,
Коноктой ырлар келди дос болгон.
Досум бар ырлуу дүйнө уйкашкан,
Ыр булак көзүн ачты «КУТ» чачкан.

*06.01.2013*

## ЖЕТИ КИТЕП

Бир китептин аты чыкпай калабы?
Канча экен, анын канча барагы.

Балким аны адамзатым окубай,
Бирин-бири калат бекен корубай.

Түшкөн китеп саны анын жетиде,
Алты китеп атын адам билди де.
Веда, Авеста, Забур, Тоорат, Инжил,
Алтынчысы Куран болгон аны бил.

Жетинчисинин аты жок, айтылбай,
Калган экен ачык айтып катылбай.
Аты бардай, заты жоктой окулбай,
Жайдак тулпар калган сымак токулбай.

Көк асмандан түшкөн беле жетиси,
Сырлуу дүйнө ошондодур белгиси.
Белги койгон жети күндөй кайталап,
Балким аны шайтан гана жашырат.

Шайтан душман адамзатка пендеси,
Жетинчиси жетпей калган эмнеси.
Балким шайтан катып алган койнуна,
Тоскоол тосуп адамзаттын жолуна.

Шайтан сымак жашап жаткан адам бар,
Жаман иште ошол адам колу бар.
Шайтан болбо адамзатым пенделер,
Ыйык куран мусулманда келмелер.

Келме келтир, шайтан жолдон урбасын,
Кесир жолдо кудай бир күн урбасын.

Тооба дегин, кудай сени куткарат,
Эрте таңдан жакшы күнүң уланат.

Балким, балким жетинчиси кудайда,
Кудай аны көрүп-билип турар да.
Керек күнү берер бир күн жараткан,
Ошол күнү болоор мезгил таң аткан.

Жаңы күндөр аткан таңдай башталат,
Ошол күндүн барактары ачылат.
Эртең деген үмүт өзү эмеспи,
Аткан таңдар жетинчиси эмеспи.

*06.01.2013*

## ЫР ТОКУСАМ

Ыр токусам, аргымактай алкынган,
Ызгырыгы буркураган чаң баскан.
Учкан куштай канаты бар куйругу,
Ыр жазганым жараткандын буйругу.

Ыр токусам, күлүк атка жапкандай,
Күлүк тулпар шамал болуп чапкандай.
Күлүктүгү көзгө түшпөй илешпей,
Бурганагы калып кетсин чаң жетпей.

Ыр токусам, чебер уста колундай,
Үнчүкпаган дудук сымал момундай.
Сүйлөтпөстөн түшүнгөндөй болсунчу,
Түшүнбөгөн түшүнбөстөн койсунчу.

Ыр токусам, махабаттан атылып,
Тоо боорунан мөлтүр булак агылып.
Фонтан болуп жүрөктөргө чачылган,
Сүйгөн жанды өрүкзарга жашырган.

Ыр токусам, асман жерден көрүнгөн,
Кусалыктар махабатка бөлөнгөн.
Сүйгөн жандар эсин жыйып, дем алып,
Сүйгөндөргө ырым менен мен табып.

Ыр токусам, чебер колдой бир килем,
Ыр кадырын өзүм токуп мен биллем.
Учат килем асман аалам кезгендей,
Ыр токумун жаратканым бергендей.

Ыр токусам, жалгыз гана башымдан,
Сүйгөнүмдүн керме сулуу кашынан.
Бактым экен, ырдан токум токуган,
Калып кеткен жаштык кезде боз улан.

*12.01.2013*

## ОЮМ УЧТУ ТООЛОРДОН

Ойлоп-ойлоп, оюм учту жылдызга,
Ошол оюм, керек болсун кыргызга.
Ойдун бою, жетээр бекен Чыңгызга,
Ошол оюм, нуру тийсин кыргызга.

Ойлоп-ойлоп, оюм учту тоолордон,
Ошол оюм, багыт табып жогортон.

Ойдо маани, жетээр бекен Жолонго,
Ошол оюм, бийиктиги тоолордо.

Ойлоп-ойлоп, оюм учту ааламга,
Ошол оюм, керек болсун адамга.
Ой парасат, жетеби Алыкулга,
Ошол оюм, толобу жарык нурга.

Ойлоп-ойлоп, оюм учту асманга,
Ошол оюм, керек болсун жалпыга.
Ойдо канат шилтеп жетсе бийикке,
Ошол канат керек болсун тирикке.

Ойлоп-ойлоп, оюм учту далайга,
Ойлоп көрсөм бардыгына бар айла.
Ой парасат, акыл эсим жайында,
Ойлоп көргүн, тууган-урук таарынба.

Ойлоп-ойлоп, оюм учту шамалга,
Ошол оюм, жетти окшойт далайга.
Ой арасат калса эгер жайында,
Ойлоп көрүп, досу-жарым таарынба.

Ойлоп-ойлоп, оюм учту көзүмдөн,
Ошол оюм, чыгып берди сөзүмдөн.
Ойлоп турган менин боюм кичине,
Ойлоп сүйлөп, тилим тийди тишиме.

Ойлоп-ойлоп, тилим тийди тишиме,
Ошол оюм керек болсун элиме.

Ой кыргызым, кыргыз үчүн айтамын,
Кыргыз үчүн, ойду айтып жатамын.

Ойлоп-ойлоп, кыргыз үчүн барамын,
Ойлор бийик, тоодон өйдө карагын.
Ошол тоого, жылдыз түшүп дегендей,
Ошол нурду кудай өзү бергендей.

*01.03.2011*

## СӨЗ БҮТПӨЙТ

Козголду эң ободу бир сөз,
Көрбөдү азыркы эч бир көз.
Тарады ааламга чачырап,
Он сегиз миң аалам жаркырап.

Сөздөн бир келген дейт башталып,
Чындыгы бул сөздүн канчалык.
Ким билет акылын жеткирип,
Калганды тээ алыс эскирип.

Сөзүн жоготпой калың эл,
Эскинин жомогун айтып бер.
Эзелки аталар жомогу,
Адамзат бул дүйнө коногу.

Коноктой бир конуп кетебиз,
Көмүлүп эскирип денебиз.
Сөз калат өлбөгөн далайга,
Кулусуң сөзүңдүн абайла.

Сөздөргө кулдук бир дегиле,
Кудурет күчүн сезгиле.
Сөз болсо ким айтты, ким билет?
Тилин пикирге ким илет?

Илбеди тилдеги сөзүн,
Дилдеби, диндеби өзүн.
Таппады, сөз айткан адамбы?
Башталган алгачкы кадамбы?

Оболу сөз болсо сөз бүтпөйт,
Учкандай убакыт ал күтпөйт.
Агылган дүнүйө жаны бар,
Жеткирбей бараткан жагы бар.

*14.01.2013*

## ЫРЫМ-ЖЫРЫМ

Ырым-жырым эстен чыкпай сакталат,
Эсил энем айтып кеткен кайталап.
Нарктуу, шактуу өсүп келген бак-дарак,
Түркүн түстүү жашыл-сары жалбырак.

Ырым-жырым сырым толо ичимде,
Толгон сырды айткан жокмун эч кимге.
Ырым кылып, жаман дедим кээде мен,
Жамандарым жакшы болсун дегем мен.

Ырымы бар ар бир иштин жолунда,
Ырымданган ак ниети оңунда.

Ырымдап кой, көз тийбесин түкүрүп,
Ап-чи-хи! – дейт туура деген чүчкүрүк.

Ырымдап кой, баласын атасы,
Ата-назар тийсин десе батасы.
Алакан жай көктөн сурап тилегин,
Бала баатыр хан болоорун тилегин.

Ырымдап кой, баласын энеси,
Аман болсун эртесинин эртеси.
Алас-алас ар-балээге ысырык,
Болбосун! деп, болбочу де эч кырсык.

Ырыс-кешик аксакалдын калдыгы,
Берекеси калган аштын барлыгы.
Ынтымактуу үйдө болот ырыскы,
Талап кылат бир-бирине сылыкты.

Карысы бар, ырысы бар билгиле,
Ырымданып ырым кыла билгиле.
Ырым-жырым калың элде сакталат,
Жакшы иштер ырым менен башталат.

*30.01.2013*

## МОНЧОКТОЙ

Мончоктой күндү кара тизилгенин,
Уурдалып өткөн мезгил билинбедиң.
Моюнга мончок сымал оролдуңбу?
Өткөн күн ошол жайда торолдуңбу?

Таспидей күндү кара тизилгенин,
Ташпиштей өткөн күнүм кете бердиң.
Таспини терип, санап колго кармап,
Көңүлгө салып алып ала жамак.

Мончогу сулуу кызга жарашкандай,
Моймолжуп турса аны карашкандай.
Катар сап күндү түндөр ээрчигендей,
Өмүр жаш ысып кетип чечингендей.

Мойнуңа мончок тагып өткөн өмүр,
Уурулук кылган өңдүү мезгил өткүр.
Өмүрдүн өткөн күндө таржымалы,
Мончоктой күндү өмүр тагынганы.

Сопулар таспи терип олтургандай,
Күнөөнү ойлоп калып чочугандай.
Чочубай күнөөлөрдөн тыйылалы,
Мончоктой жакшылыкка жыйылалы.

Мончокту сүйгөн жарга такса болоор,
Мактанган сүйгөн жардын мойну толоор.
Моймолжуп асыл жарың көзү жайнап,
Мээрими жанган күндүн нуру болоор.

Ыйманын таспи берип болтургандай,
Жакшы күн ыйман менен толтургандай.
Ырыскы жакшы ниет боло берсин,
Таспини тоголотуп тере берсин.

Таспилер дагы мончок бекен, мончок,
Колдорго кармап алып тоголотсок.
Жакшылык өткөн күнгө жыйнай берип,
Таспилер колдо сылык тизмектелип.

Мончоктой өткөн күндөр өмүр экен,
Өмүргө өмүр жашың мончок бекен?
Уурудай өткөн мезгил билинбедиң,
Оңгондой өмүр менин кийимдерим.

*17.05.2012*

## ЖОЛ

Жол, жол, көңүлгө жол бергиле,
Көңүлдүн төрүнө ой бергиле.
Ой, ой көңүл ой төрүндө,
Ой, бүт көңүлүң ой жөнүндө.

Жол, жол, өмүргө жол бергиле,
Жашоо өмүрлүк жол белгиде.
Белгиси өмүрдөн из калганы,
Тулку денеңе ат калганы.

Эй дос! Жолдошуң жол болсун,
Оң жол жолуңду оңдосун.
Жолдун пири бар, жол аман,
Бассын жолуңда тең кадам.

Жол, жол, жол болсун замандаш,
Жолдон жол менен аман бас.

Жолдо жолоочу көп болот,
Жолдон жолдоштор топтолот.

Жар, жар, өмүрлүк жол шерик,
Жаша, турмушта кол берип.
Бала-чаканы тапкандар,
Анан аны бир баккандар.

Өмүр шерикке жол шерик,
Жашоо турмушка кол берип.
Бүлө күткөнүң жакшыдыр,
Бала-чакалар бактыдыр.

Жолду улаган балдарың,
Аарып калганда дарманың.
Дарман кубатың ошолор,
Жолду ошолор коштошоор.

Жол жок аркага кайтканга,
Кайра жаштыкка барганга.
Кайтпас өмүр жол кайрылып,
Жолдон бир өмүр айрылып.

Жол, жол көңүлгө жол бергиле,
Көңүл төрүнө ой бергиле.
Бир жол көңүлдүн ой төрүндө,
Ошол өмүрүң жол жөнүндө.

*18.05.2012*

## ТОКТО ДЕБЕЙМ

Токтой турчу десем дагы токтобос,
Шашкан мезгил аны бирок жоктобос.
Заман менен кучак ачып кучакташ,
Өткөн күндө калса керек көздө жаш.

Токтой турчу, дегим келет суранып,
Сулуу кыздай кетип калсаң, суу алып.
Өмүр бойлоп, сууну кечип чөмүлсөм,
Чаңды жууп, суудай жерге төгүлсөм.

Токто десем, секин кармап колуңдан,
Өмүр досум, сенин баскан жолуңдан.
Тездеп кеттиң, андан бетер ылдамдап,
Шашкан жолдун чаңы калды тумандап.

Токтобосоң, камчы салам камчылап,
Күлүк аттай таскактагын чабып бат.
Мага десең учуп кеткин асманга,
Чабармандай мен да барам далайга.

Токтой турчу, дегенимдин себеби,
Жашоо кызык өмүр таттуу немеби?
Өмүр арып, өтсө күндөр токтобой,
Өмүр сызып жолдо барат кодо бой.

Өмүр жолдон изим табып келгиле,
Ойдон калган сөзгө конок бергиле.
Бир күн жүрүп өмүр жолдон кетемин,
Жетчү жерге кеч киргенде жетемин.

Күнүм болбос, айым болбос ошондо,
Жүрөк токтоп себеп болбос коркконго.
Тулку денем калып кетсе жан чыгып,
Башы көзүм, элес сүрөт ал ыйык.

Ыйык сүрөт, өзүм элем тартылган,
Келбет түспөл ошол болуп жаралган.
Сүрөтүмдү бир күн таштап кетээрмин,
Эстеликти өзүм жасап берээрмин.

Эстелигим турса мени эскерип,
Таңдар атса дагын кайра кеч кирип.
Токто дебейм, анан дагы таң атсын,
Кандай атса кайра дагы күн батсын.

*17.05.2012*

# *АСМАН КҮНДҮН НУРУНАН ЖАРАЛГАНСЫҢ КЫРГЫЗЫМ*

## КЫРГЫЗ БАР

Кыйла басып тоого чыксаң кыргыз бар,
Кандай сонун чаңкап турсаң кымыз бал.
Кылдат басып тоого чыксаң кыргыз бар,
Кызыл гүлдөй жандуу гүлү кызы ал.

Аста басып тоого чыксаң кыргыз бар,
Аска зоого тийип турган булут ал.
Адыр ашып тоого жетсең кыргыз бар,
Асман жиреп учуп чыккан бүркүт ал.

Секин-секин тоого чыксаң кыргыз бар,
Сайды жиреп шок-шок аккан суусу ал.
Сайды бойлоп тоого чыксаң кыргыз бар,
Санак жетпес тоо текеси кийик ал.

Кыйыр салып тоого чыксаң кыргыз бар,
Калпак кийген кырдач мурун кыргыз ал.
Кырдан ашып тоого чыксаң кыргыз бар,
Каада кармап конок тоскон кыргыз ал.

Кыймыл жасап тоого чыксаң кыргыз бар,
Кандай сонун аппак карлуу тоосу ал.

Кайыл келип тоого чыксаң кыргыз бар,
Кайрат күчкө толуп турган жигит ал.

Катуу чуркап тоого чыксаң кыргыз бар,
Калың карлуу суунун кени тоосу ал.
Атка минип тоого чыксаң кыргыз бар,
Кыркы-кырка учтуу тоолор чеби ал.

Кадам коюп тоого чыксаң кыргыз бар,
Тоонун учу тийип турган теңир ал.
Жерди кезип тоого чыксаң кыргыз бар,
Жымжырт түндө тоого жакын жылдыздар.

*02.12.2009*

## КЕЛ-КЕЛ

Кел-кел кыргыз деген, кыргыз кел,
Кел-кел, аты-заты болгон кел.
Жаны-дили кыргыз кел,
Чептей эрдин беги кел.
Элин түштө көргөн кел,
Элин эске түйгөн кел.
Баатыр жүрөк айкөл кел,
Кудай сүйгөн пенде кел,
Асман жердей болгон кел.

Кел-кел, Ала-Тоодой коргон кел,
Кел-кел, кыргыз тилин сүйгөн кел.
Чыны дилден күлгөн кел,

Жерин сүйгөн жигит кел,
Элин сүйгөн эркек кел.
Акыл эси болгон кел,
Сүрү күчү толгон кел,
Сабыр салмак койгон кел,
Өңдүү түстүү жылдыз кел.

Кел-кел, суудай тунук аккан кел,
Кел-кел, сөзү улуу улук кел.
Сөзүн тапкан чечен кел,
Туура жолду тапкан кел.
Калкы-журтун баккан кел,
Эли-журтун жыйган кел,
Жанын курман кылган кел,
Калкы урмат кылган кел,
Элин ойлоп турган кел.

Кел-кел, күндөй нурун чачкан кел,
Кел-кел, айдай нурун төккөн кел.
Күндү түнгө кошкон кел,
Түндү күнгө кошкон кел,
Тоону тоого кошкон кел,
Көлдү чөлгө кошкон кел,
Жылдыз нурун чачкан кел,
Бийик бийлик курган кел,
Билим жолун ачкан кел.

Кел-кел, алыс жолду көргөн кел,
Кел-кел, тарых тамыр өргөн кел.

Парасаты толгон кел,
Барал сааты болгон кел,
Ооматында оңгон кел,
Төгөрөгү толгон кел,
Кара кашы болгон кел,
Ата башы болгон кел.

Кел-кел, жаңы заман алып кел,
Кел-кел, жаңы ырды ырдап кел.
Туура ойду озуп кел,
Колду кармап кошуп кел,
Сырды сактап катып кел,
Туудай бийик турган кел,
Кеңешип сөз кылган кел,
Кулак салып уккан кел,
Акыйкатты туйган кел.

Кел-кел, алдын алып сезген кел,
Кел-кел, чындап кудай берген кел.
Ойлоп сүйлөй билген кел,
Тартип мыйзам курган кел,
Аны баалайт кымбат эл.
Манас руху өзүң кел,
Манас ордо куруп бер.
Манас ордо куттуу төр,
Асман-ата ыйык-жер.

*04.05.2010*

## КЫРГЫЗЫМ

Асман күндүн нурунан,
жаралгансың кыргызым,
Түнкү жылдыз нурунан,
тарагансың кыргызым.
Тоонун койнун ээлеген,
турак ордуң кыргызым,
Тоодо ташка жазылган,
тарыхың бар кыргызым.
Туура окуу илими,
туура сезим далили,
Тилде сүйлөп айтылган,
аталыштар ар бири.
Туура тарых сөздөрдө,
заман жашоо өзгөрсө,
Туура жашап келгендей,
сөздөн аткан мергендей.
Аалам жашоо баштаган,
сөздү айткан жараткан,
Эң оболу сөз болгон,
сүйлөй турган тил болгон.
Тилиң чыккан дилиңден,
дилден кийин билинген,
Динин тапкан адамдар,
аны жазган пайгамбар.
Диндин жолу тазалык,
туура жолдон баралык
Диндин тулку шариат,

анын жолу тарикат,
Туура жолду табалы,
Илим-билим таабы.
Илим-билим марафат,
Илим деген сабак кат.
Сабак каттын жолунда,
барар жолу акыйкат,
Калыс чечим акыйкат,
күндөй болуп жаркырайт.
Туура сөздө тууган жок,
туура сөзүң аткан ок.
Тууган энең мекениң,
бир тууган өз элиң,
Каны тамган киндигиң,
мекен деген өз жериң.
Атаң сенин асманың
аалам жашоо алкагың,
Атаң сенин башыңда
каның менен жаныңда.
Башка кийген калпагың
анын билгин аппагын,
Ак элечек оролгон
үлгү алган тоолордон.
Башка кийген кийимден
улуктугу билинген.
Асман күндүн нурунан
жаралгансың кыргызым
Түнкү жылдыз тобунан
тарагансың кыргызым.

*09.04.2009*

## МАНАСТА КЫРГЫЗДЫН ЫРЫСЫ

Кыр ашып, кыргызым баратат,
Кеч кирип, кайрадан таң атат.
Кызыл кеч, түндөрү караңгы,
Капырай жолуну табабы?

Тапсакен жолуну адашпай,
Талдырып журтуну сандалтпай.
Таанылгыс жолдогу издери,
Тарыхын кыргызым билеби?

Тарыхың өзүңдө, сөзүңдө,
Тамыры тартылган көзүңдө.
Таанылгыс элестер көңүлдө,
Тарыхы Манастай өзүндө.

Маанилүү маселе Манаста,
Мекени ордолуу Таласта.
Манасты билбесең талашпа,
Маселе чечпестен адашпа.

Кыргыздын Манаста жылдызы,
Манаста кыргыздын ырысы.
Манаста катылган сөздөрү,
Манастан ачылган көздөрү.

Сай кезип, суу кечсе кыргызым,
Сай боюу, сексен таш ыргытып.

Сексеңдеп секин өт кыдырып,
Сaресеп, акыл ой жылдырып.

Тоолордон тоолорду ашкандай,
Кызыкка аябай баткандай.
Кызыкты Манасың салгандай,
Кызырды кош колдоп алгандай.

Кызышып алганда кыргыздар,
Коштолуп асманда жылдыздар.
Коштолуп бүтөлүп биригет,
Кыргыздар жылдыздай тигилет.

Тигилип карасаң кыргызды,
Тим эле сансыз көп жылдызбы?
Түндөсү толгондой жылдызым,
Түшүнүп ойлонгун кыргызым.

*27.02.2011*

## КЫРГЫЗ ЭКЕН

Кыргыз экен, кушту таптап алдырган,
Кызык экен, андан моокум кандырган.
Кызык экен, кылган иши аңчылык,
Кызык экен, кыргыз элде барчылык.

Кыргыз экен, көчүп конуп жашаган,
Кылым жылдар, кыргыз үйүн сактаган.
Кашка тоолор, кары кетпей чокудан,
Катар ылдый, суусу аккан коктудан.

Кенен жайлоо, малы айдоо, тоолордо,
Кези менен, жылкы байлоо, тушоодо.
Кымыз салган, келин-кызы гүймөнүп,
Кымыз сабаа, толо чанач, күүлөнүп.

Кымыз ичип кызыл жүзү албырат,
Кызып алып, казы карта салдырат.
Казан толо, эти бышып кайнаган,
Кайың арча, тоодо өсүп жайнаган.

Калкып булут, көчсө төгөт жамгырды,
Кокту-колот, чөбү өскөн адыры.
Кыргыз үйдө, комуз чертип олтурат,
Күүлөр угуп, көңүлүнү толтурат.

Коломтого отту жагып өчүрбөй,
Көргөн көзү оттун эле өзүндөй.
Көлкүп-балкып, Манас айтат төгүлүп,
Кыска жерде, арада бир сөгүнүп.

Кайра жашоо, улам жакшы көрүнүп,
Таңы атса, күндүн нуру төгүлүп.
Аккан суунун, өткөн сымал агымы,
Аккан сууда, эркин сүзгөн балыгы.

Кайран тоолор, кыргыз элдин Мекени,
Калыс болоор, жылдыз нурун бергени.
Кыргыз жылдыз, түндө келет кезигип,
Сокон жүрөк, махабатка эзилип.

Кызык, сүйүү, тоодо булут айланган,
Кандай аппак, махабатка байланган.
Кайран тоолор, булут чалып башына,
Кандай бийик, Улуу тоолор жакшына.

*04.02.2011*

## КАНА КЫРГЫЗ?

Кана кыргыз, бүркүт таптап, колго алган,
Кана кыргыз, күлүк таптап, тойдо чапкан.
Кана кыргыз, кеңеш куруп, сөзүн айткан,
Кана кыргыз, малын жайып, жанын бакан.

Кана кыргыз, жолго чыгып, ашуу ашкан,
Кана кыргыз, ойду табып, көзүн ачкан.
Кыргыз орус сөздү кошуп, чала айткан,
Кана кыргыз, кыргыз тилин, сүйлөп жаткан.

Кыргыз тилиң, башка менен аралашып,
Кыргыз тилин, айта албай, татаалдашып.
Кара басып, онтоп калды, сүйлөй албай,
Кыргыз тилди, калдык жакшы уга албай.

Тилди сакта, дилди карма, туура сүйлө,
Туура эмес, башка дилде бура күлбө.
Туура эмес, эне сүтүн эмгенсиң,
Тилди билбей, маңкурт болгон сен кимсиң?

Кыргыз тилиң, аппак эне сүтүндөй,
Кыргыз тилиң, турат бүгүн түңүлбөй.

Кыргыз тилиң, байлык мурас, сөзүң бар,
Кыргыз тилди, дилге кошуп, түйүп ал.

Кыргыз калпак, аппак кардай, кийип ал,
Калпак аппак, кийип тоодон үлгү ал.
Калпак кийсең, кандай сага жарашат,
Кызык көрүп, дүйнө эли карашат.

Кандай сонун, сайма сайып оймодон,
Кат-кат салып, ак элечек оролгон.
Кайран энем, аппак сүтү келгендей,
Кыргыз тилин, кудай өзү бергендей.

Канда атам, сүттө энем, болдубу,
Кубат күчүм, кыргыз тилге толдубу.
Кыргыз тилди, көтөр сүйлөп кыргызым,
Кыргыз тилде, кыргыз сенин ырыскың.

*03.02.2011*

## МАҢКУРТ, ЗОМБИ БИР ТУУГАН

Экстремист деп, коркунучтуу ат чыкты,
Эртелиги жок, күйүп турган от чыкты.
Экстремист ал, сакал койгон адамзат,
Ислам динин бетке жапкан, арамзат.

Ислам дини, акыркы дин, тазасы,
Ыйман берген, тарбиянын каанасы.
Бөтөн тоомат, көөнү сүртүп, салды да,
Күндө салып, жайнамазын алдына.

Ислам дини, жакшылыктын белгиси,
Аккан суунун, таза болгон энчиси.
Беш убак, ар бир күн, окуп намазды,
Эрте таңдан, айтып турган азанды.

Эрте таңдан, укса кулак чакырык,
Эрте туруп, таарат алгын тазарып.
Эзги ниет, кылып жакшы ойлорду,
Тулку дене, ойготолу бойлорду.

Экстремист ким?! Ислам динин жамынган,
Сакалы бар, автоматын асынган.
Маңкурт ал, бир мээсинен айныган,
Зомби ал, ачык көрдөн табылган.

Экстремистти ойлоп чыккан саясат,
Бийлик үчүн, күйүп бышкан арамзат.
Дүйнө эле, таба албай убара,
Шайтан оту, жагып турган чуу бала.

Сакал коюп, кары өңдүү жаш бала,
Кызыл көздүү, бала эмес ал балаа.
Саясаттын сасык иши токтолсун,
Сакал койгон, экстремисттер жок болсун.

Ислам динин, айыптабайт адамзат,
Ислам дини, ак дилиңди тазартат.
Ислам дини, туура жолу тарикат,
Мыйзамы бар, эң туруктуу шариат.

Экстремист, сен койбо сакал өзүңө,
Көз айнекти такпа такыр көзүңө.
Көз айнегиң көзүң тосуп калыптыр,
Таза жүздү сакал басып алыптыр.

*02.02.2011*

## БАШТА СӨЗДҮ МАНАСТАН

Болсо күндөр таң аткан,
Башта сөздү Манастан.
Кыргыз элим байыркы,
Терең тамыр тарыхы.

Өлкөм менин Кыргызстан,
Өрнөк алган Манастан.
Манасты айтат манасчы,
Болсоң кыргыз баласы.

Кыргыз нуру жылдыздан,
Куттуу өлкөм Кыргызстан.
Тоолуу бийик жерибиз,
Тоодой жүрөк элибиз.

Ала-Тоодон күн чыгат,
Жылуу сезим кур чубап.
Суудай тунук сезимдер,
Тоодой кубат демиң бер.

Жаша, жаша Кыргызстан!
Тоодой бийик кең асман.

Шамал айдап булутту,
Кыргыз айкөл улут бу.

Айтып күндө саламды,
Алга койгун кадамды.
Багыт алып аныктап,
Барар жолго жарык тап.

Каным кыргыз ойногон,
Кызыр атам колдогон.
Манас десе ойлоном,
Толкун толкуп толгоном.

Максат көздөп барамын,
Өтө күчтүү талабым.
Манас рухун табамын,
Алоо оттой жанамын.

Манас дегин кыргызым,
Ошол сөздө ырысым.
Манас укса кулагым,
Токтоп турар убагым.

*04.09.2011*

## ЭСТЕЛИК

Эстелик курсам өзүмө өзүм,
Эскерип турган өзүмдү сөзүм.
Эстелик жасап сөзүм менен,
Эстелик курган өзүм белем.

Эстелик курсам ойлонуп турган,
Эртеңки күнгө жол болуп турган.
Эстелик жасап тулку бой менен,
Эстелик курам өз оюм менен.

Эстелик жасап өзүмө таштай,
Эргүүгө көлкүп сөзүмө батпай.
Окуган өңдүү колумда китеп,
Заманды дайым тургандай тиктеп.

Эстелик койсом өзүмө бийик,
Оролуп тоого булуттар тийип.
Тоолору бийик тиреген асман,
Эстелик болот сөзүмдө калган.

Кылымдар өтсө өмүрүм калып,
Кылымды тешип өзүмдү айтып.
Өзүмө жеткен сөзүмдү табып,
Эстелик үчүн көзүмө салып.

Эстелик курсам олтурган ойлоп,
Эзгилик ниет өзүмдү колдоп.
Аз гана изим артымда калса,
Колумдан келген иштерим калса.

Түбөлүк куруп эстелик койдум,
Тирүүлүк заман эскерип койсун.
Акынбы? – дешсе түшүнүп карап,
Акыркы заман ошондо сабак.

Сабагын окуп өмүрлөр үчүн,
Сабатың жоюп көңүлдө түшүн.
Эстелик курдум кең заман үчүн,
Адамдар жашап кубанып күлсүн.

Кубанып күлсүн өзүмдү карап,
Кубаныч күлкү болгондой талап.
Эстелик тиктеп караса көздөр,
Унчукпай! Тим тур сүйлөсүн көздөр.

*03.09.2011*

## КЫРГЫЗ БОЛСОҢ

Кыргыз болсоң, кыйын кезде жарап кой,
Кыргыз болсоң, намыс белге байлап кой.
Кыргыз болсоң, тоону бийик эңсеп кой,
Кыргыз болсоң, кыргызча ой ойлоп кой.

Кыргыз болсоң, кыргызча сөз сүйлөп кой,
Кыргыз болсоң, кулак түрүп угуп кой.
Кыргыз болсоң, сөз баштадым угуп кой,
Кыргыз болсоң, көңүлүңө түйүп кой.

Кыргыз болсоң, Манас уккун олтуруп,
Кыргыз рухун, көңүлүңө толтуруп.
Кыргыз көчү, тоодон булут өткөндөй,
[illegible] жылдар Манас өзү көчкөндөй.

[illegible] өзү, кыргыз көчүн баштаган,
[illegible] карлар, тоонун бетин каптаган.

Асман ээлеп, булут көчөт чалкалап,
Тоого булут, кээде-кээде такалат.

Кырк күн, кырк түн кыргыз үйдө олтуруп,
Кыргыз үйдү Манас ойго толтуруп.
Кыргыз жери, тоолор болгон түнөгү,
Кулак салып, толгон кыргыз жүрөгү.

Айлуу түндө, көктө жылдыз жымыңдайт,
Айтып бүткүс, узун жомок, чынды айтат.
Ырың беле, сырын катып толгонткон,
Чындык издеп, Манас айтып ойготкон.

Манас айтып тоодон түшүп келебиз,
Манас колдоп намыс күчтүү жеңебиз.
Манас арбак колдоп келээр рухубуз,
Манас! – деген ураалаган туубуз.

Аккан суудай, шок дарыя шоктонот,
Ай ааламга, толкун толкуп топтолот.
Деңиз эмес, океандай чалкыган,
Манас болот, топон суудай каптаган.

Манас руху, кыргыз элдин бактысы,
Манас ордо, тоолор анын тактысы.
Манас баары, уңкур-чукур коктулар,
Манас тоодой, бийик аска чокулар.

Кыргыз болсоң, жаман дебе кыргызды,
Кыргыз болсоң, карап жаша жылдызды.

Кыргыз болсоң, намыс үчүн жашагын,
Кыргыз болсоң, элди таштап качпагын.

Таштап салып, качпа элден безгендей,
Тааный албай, кудай жаза бергендей.
Жаның кымбат, элиң арзан болдубу,
Суудай жүрөк, эки көзүң ойдубу.

Четке бардың, элди таштап жетимдей,
Кыздыгы жок, жаңы түшкөн келиндей.
Жоолук башка салып алып олтурбай,
Ичиң күйүп, башың тырмап котурдай.

Качты катын, куувунду баатыр кубалап,
Элиң калды, чувду салып ураалап.
Качпай өлсөң, элиң ыйлап калмакпы,
Кайран элиң, узун кошок салмакпы.

Кошок кошуп, кайран акын ыйламак,
Кандай сөздү, айтса болот кысталак.
Баска таштап, өтө бийик намысты,
Табып алдың, жаның аман калышты.

Жаның аман, кана намыс? Канаке!?
Намыс тапсаң, ошол жактан алаке.
Намыс өлүп, жерге чукур көмүлдү,
Көрбөй калдың, өзүң гана көрүндү.

[illegible] тоолор, көтөр өзүң көңүлдү,
[illegible] - десең, аппак намыс төгүлдү.

Сөзгө сындык, эки жолу кайталап,
Качкан күнгө, элиң айтат миң наалат.

Азыр эми, аялзаты башкарат,
Башка салса, байтал жорго чапкан ат.
Алтын апа! Сизден үмүт кылабыз,
Намыс катуу, аны эмне кылабыз.

Намыс керек, качпаң эже сиз дагын,
Намыс керек, тажап кеттик биз дагын.
Жалпы кыргыз, намыс үчүн турабыз,
Жакшы иштең, сизди бүгүн угабыз.

Кыргыз болсоң, сакта намыс оболу,
Кыргыз үчүн, тоолор бийик коргону.
Манас руху, Манас өзү колдосун,
Манас ордо, табийгаты тоо болсун.

Кыргыз болсоң, ойлон толгон миң жолу,
Кыргыз болсоң, көтөр бийик оң колду.
Кыргыз болсоң, намыс үчүн өлүп бер,
Кыргыз болсоң, же болбосо жеңип бер.

Кыргыз болсоң, Манас билсең айтып бер,
Кыргыз болсоң, намыс кетсе алып бер.
Кыргыз болсоң, намыс үчүн жарап бер,
Кыргыз болсоң, тоого бийик чыгып кел.

*30.01.2011*

## КУЛАК САЛГЫН

Кулак салгын кыргыз болсоң азамат,
Кыйын турмуш кыргыз көчү баратат.
Кыргыз көчү, тоолор өркөч кербени,
Кымбат наркы, тоодо алтын кендери.

Көзүңдү ач, жылдыз көктө, жымыңдайт,
Кандай кыйын, жашоодо көп ыйыңдайт.
Капкан иттей, тиштеп алган кабанаак,
Кантип анан, заман болду сугалак.

Заман жакшы, кимде айып, билбедик,
Заман айып, элдер айнып, жиндедик.
Заман жакты, уяты жок, кимгедир,
Заман бакты, адамдар көп, кайдигер.

Заманга бак, эгер заман бакпаса,
Заманга бап, жаша тууган алдаса.
Заманда эч, айыбы жок туура түшүн,
Туура эмес, жөнү жок бир жүрүшүң.

Заман келди, бизге жакын жакындап,
Зарыл иштер, зарыл ишти такымдап.
Заман жакшы, табийгатты карачы,
Зарыктырган, жалкоолуктар арачы.

Иште бүгүн, бекер турбай азамат,
Ишкер адам, алга озуп баратат.
Иште досум, бекер карап олтурбай,
Ишке кошул, алоо отко отундай.

Иште, иште, бекер карап олтурбай,
Иштеп жеткин, ишке жарап корунбай.
Иштеп тердеп, үзүр тапкын акыры,
Иштен качпай, өткөн өмүр баатыры.

*23.01.2011*

## МЕН МАНАСТЫН БАЛАСЫ

Туугандар, мен Манастын баласы,
Туурадыр асман жердин арасы.
Туурабы? Калп болбосун карачы,
Анткени, Жакыптын ал баласы.

Фамилиям Жакыпов, туурабы?
Калп дегендин оюн бурабы?
Калп эмес, туура сөздү айттымбы?
Жакыптын небереси, жактымбы?

Туугандар, мен Манаска чоң ата,
Бурадар мында эч бир жок ката.
Манастын чоң атасы Орозду,
Таң атса кыйкырган корозбу?

Туугандар, ким түшүнөт, ушуну?
Туурадыр кыска өмүр, узуну.
Туура сөздө, туура болсо сүйүнөм,
Туура эмес, ката сөзгө күбүнөм.

Туура сөз, туура жолдон жол жүрөм,
Туура көз, көзүм менен мен күлөм.

Туура сөз, айтып койдум кечиргин,
Туура жооп, болсо эгер чечилгин.

Туугандар, мен Манастын баласы,
Туурабы өзүң ойлоп карачы.
Акыры туура түшүн ойлонуп,
Мен кыргыз, кыргызымдын баласы.

Манаска менин атым чоң ата,
Бул сөздө чындыгында жок ката.
Атыма Ороз деген ишенип,
Ал атка өзүм гана минемин.

Манас атам, атымды койгондур,
Андыктан Ороз атым болгондур.
Арыбай бара берем алдыга,
Артымда өткөн өмүр калды да.

Өттүбү? Бир аз өмүр тамаша,
Өмүрлөр чындыкка бир жанаша.
Өмүрлөр кетти агып карачы,
Туугандар, мен Манастын баласы.

*05.03.2011*

## КИМ БАЙ???

Бай, бай дейбиз, бай болсо өзү, ким бай?
Америка, Кытай, Россия эң бай.
Жок, жок, тууган, кыргыз эли бай,
Манас руху, жан дүйнөсү бай.

Манас айтса, толкуган толкун,
Уккан кулак, кандырган моокум,
Манас айтпайт, эч бир эл башка,
Манас батпайт, ал бөтөн башка.

Бай, бай дейбиз, бай болсо өзү, ким бай?
Манас айткан, күн-түн кыргыз эң бай.
Кыргызым бай, тоолордой бийик,
Асман турат, тоого баш ийип.

Түндө түшүп, келгендей жылдыздар,
Анткени ал тоолордо кыргыз бар.
Асман ийсе башын, ким бай экен?
Ишендиңби, кыргыз чындап бай бекен?

Кантип айтам, башкача өзүң ойлон,
Кыргыз болсоң, көзүңдү ач, бир толгон.
Толгон кыргыз, ойлон ойгон, уйкудан,
Кутул бүгүн, жакыр пикир туткундан.

Кыргызча ой, кандай сонун тоолордо,
Эрте таңда учту аска-зоолордо.
Бийик тоого бүркүт курат уясын,
Байлык ошол, кыргыз болсоң туясың.

Жазбай эле, сактап келдик Манасты,
Манас, кыргыз, жубу менен талашпы.
Манас, кыргыз, жаны бирге билгиле,
Манас уксаң, кыргыз үйгө киргиле.

Батпай кетсең, кенен жайлоо, тоолор бар,
Башы бийик, учтуу аска-зоолор бар.
Башын ийген, асман толо булуттар,
Башты ийип, Манас уксаң туюп ал.

Манас айтса, Манас өзү колдогон,
Манас болуп, Манас сөзү жол болгон.
Манас ошол, Манас алтын башыңда,
Толгон тамчы, көздөн аккан жашында.

Акты тамчы, жүзүн чайып көз жашы,
Аман болсун, анын бир алтын башы.
Шамал аарчып, жүзүн жувду тазалап,
Манас уксаң, бети башың агарат.

Манас күлсө, кыргыз кошо күлгөндүр,
Манас менен кыргыз жашап жүргөндүр.
Манас бабаң, атка минди, тур, кыргыз!
Манас менен кошо жүрөт чоң ырыс.

Манас десең, кыргыз күлөт сүйүнүп,
Манас дешип, этек жеңин түрүнүп.
Манас менен, толуп турат теңирге,
Манас үчүн, кыргыз чыгат жеңишке!

Теңир кудай, улуу күчү асманда,
Теңир жерде, теңир асты таманда.
Таманы баскан Актурпагым, жер өзү,
Аман табып, көрө турган бир көзү.

Манас дегин, кыргыз болсоң, тууганым,
Манас дебей, калсаң болот убалың.
Манас дедим, Манас дегин сен дагын,
Манас десең, Манас берет калганын.

Манас дейли, кыргыз болсок, туугандар,
Манас деген, кыргыз айткан ураан бар.
Ислам дини, мусулманда куран бар,
Кыргыз элди, колдоп жүргөн Манас бар.

Жаны барга, тирүү жүрсөк каза бар,
Жаны жокко, өлүп кетсе аза бар.
Жарык нурдай, көктөн берген китеби,
Жалпы журтка, жаңы китеп келеби?

Кырдан жыйып, сайдан жыйып кыргызды,
Кыраан Манас, кыргыз элди жыйдырды.
Кыргыз үчүн, жанын тиштеп оозуна,
Манас бабаң, карап турат ишиңе.

Манас келет, демди берип кыргызга,
Манас руху, түндө толгон жылдызда.
Манас асман, таңың аткан, күн чыккан,
Манас руху, күндөй жарык, нур чачкан.

*03.03.2011*

МАЗМУНУ

ЖЫРГАЛБЫ МАХАБАТ АЗАБЫ? ............3

БИР ШИҢГИЛ.................................. 3
КИМ СҮЙДҮ МЕНЧЕЛИК ....................... 4
ЖЕТИМ СҮЙҮҮ.................................. 6
АЛТЫН БАЛЫК ТУТКАН ЧАЛ .................. 8
СҮРӨТ ТАРТАМ................................. 9
АППАК КАР.................................... 11
КОШТОШТУК................................... 12
ЖОГОТТУМ..................................... 14
ӨРҮК ГҮЛГӨ ТААЗИМ ........................ 15
МАХАБАТЫМ ӨРҮКЗАР......................... 17
СҮЙҮҮ БОЛБОСО ТҮҢҮЛТ.................... 18
СҮЙӨ БЕРЕМ .................................. 20
ӨЗҮМӨ БЕР .................................... 22
СҮЙҮҮ ЖЕҢЕТ ................................. 23
КУЛАДЫ МАХАБАТ............................. 24
МАХАБАТ ТАБАМ.............................. 26
МАХАБАТКА АРНАЙМЫН ..................... 27
ЭКИ ТООДОЙ.................................. 28
КҮҮНҮН СЫРЫ ................................ 30
ЭСИМДЕ......................................... 31
СҮЙҮҮ БАЯНЫ ................................. 32
АЖАЙЫП СҮЙӨТ ЭЛЕМ ....................... 34
ОЙЛОГУМ КЕЛЕТ ............................. 35
КАЗАРМАН...................................... 37
КОКУС ЧЫГЫП ТАБЫЛДЫҢ.................. 38
МАХАБАТЫМ КИМГЕ КАЛАТ? ............... 41
ӨЗҮН КУТУМ ЖАНШЕРИК .................... 42
КЫЗЫЛ ГҮЛГӨ КАТЫЛГАНДАЙ.............. 44
КЫШ ЭЛЕ ....................................... 45
БИР КЫЗ ........................................ 47
ГҮЛҮ ЗАР ...................................... 48
ТҮШҮМДӨ ...................................... 50
КЫШ ЭЛЕ ....................................... 51
ЖЫЛДЫЗ ҮЗҮП БЕРЕЙИН...................... 52
АЙ КҮЛДҮ ...................................... 54

**ААЛАМГА КУЧАК АЧАМЫН....................56**

ООЗУН АЧТЫМ ЫР КАПТЫН ................ 56
КАРЫЛЫК КЕЛСЕ МАГА ....................... 57
БИР АЯЛ САКТАЙТ.................................. 59
ӨЛБӨГӨН ЖАНДАР АРМАНДА.............. 60
ТҮШҮМДӨ ................................................. 61
АТАНЫН СӨЗҮ, АКЫЛДЫН КӨЗҮ ......... 62
КӨРҮП ТУРАТ.......................................... 64
ТҮШҮНӨЙҮН ОБОЛУ .............................. 66
ЭКИ КӨЗҮМ ............................................... 67
КУТМАН КҮН АКСАКАЛ........................ 69
ОЙ АСМАН................................................. 70
ЫРЛАРДЫ АРАЛАП.................................. 71
ОО ДҮЙНӨ! МЕН САМАГАН .................. 73
АК-ТУРПАК ............................................... 74
ТУУЛГАН ЖЕР ......................................... 75
АГА БЕР .................................................... 76
КОСМОСПУ?............................................. 78
ЖАШТЫГЫМ............................................. 79
ЖОЛ ЖҮРҮП ............................................. 80
УШУНДАЙ ДҮНҮЙӨ ................................ 82
АДАМ БОЛУП КӨРҮНӨМ........................ 83
ТАБЕРИК.................................................... 84
ЖЕЛ БЕШИК ............................................. 87
ЫР КАНАТ.................................................. 89
ЫР ШАМАЛ............................................... 90
ЗАМАНДАН ЗАМАН ................................ 91
ЧЫНДЫККА ЖОЛ БОЛОМ........................ 93
АЛЬПИНИСТ АКЫН .................................. 94
ТУУРА ТААЛИМ АЛГЫЛА ...................... 95
АДАМДАР.................................................. 97
КАЙРА ТОЛОМ.......................................... 98
КҮНҮМ БЕКЕН?........................................ 100
ЖАКШЫ...................................................... 102
ЖАКШЫ СӨЗ ДЕП БИЛ............................. 103
ЗАМАНДАШ ТУУРА СӨЗ АЙТСАКПЫ .... 105
БИРӨӨНҮ БИРӨӨ ..................................... 107
ЭЭ, КУДАЙ!................................................. 108
ОЙРОНДОГОН ОСОЛДОР ........................ 110

БЕШ ЭНЕМ .......................................... 111
САЛКЫН ЖЕЛ .......................................... 113
ШҮГҮР КЫЛАМ .......................................... 115
АЙЫМДАР – АПАЛАР ЭМЕСПИ .......................................... 116
АПАМДЫ САГЫНДЫМ .......................................... 118
ЭНЕГЕ КУБАНЫЧ БЕРСЕҢЕР .......................................... 120
АК-ТУРПАГЫМ .......................................... 121
ОН СЕГИЗ МИҢ ААЛАМ .......................................... 123
АК-ТУРПАК БАРЫМСЫҢ .......................................... 124
БИР ЖАРЫЛЫП ЫРДАЙЫН .......................................... 126
МИҢ ЖЫЛДА .......................................... 127
КОНУП БИР УЧПАЙБЫ .......................................... 129
БАТКЕН ДЕЙМИН .......................................... 131
НАРКЫМ БАР .......................................... 132
БИР КҮЛКҮ .......................................... 134
АЯЛ .......................................... 135
КУУ ТУРМУШ .......................................... 136
ЖАН ДОСУМ .......................................... 138
АРТЫҢДА ӨМҮР КАЛАТ .......................................... 139
УЙПАЛАБАЧЫ .......................................... 140
АЙ КӨРДҮМ .......................................... 142
БИР ААЛАМ КАНЧАЛЫК .......................................... 144
БӨТӨН ТООМАТ КЫЯМАТ .......................................... 146
ЫР БУЛАК .......................................... 148
ЖЕТИ КИТЕП .......................................... 151
ЫР ТОКУСАМ .......................................... 153
[illegible]ЮМ УЧТУ ТООЛОРДОН .......................................... 154
СӨЗ БҮТПӨЙТ .......................................... 156
ЫРЫМ-ЖЫРЫМ .......................................... 157
МӨНЧОКТОЙ .......................................... 158
[illegible]Л .......................................... 160
[illegible]ТО ДЕБЕЙМ .......................................... 162

**АСМАН КҮНДҮН НУРУНАН ЖАРАЛГАНСЫҢ КЫРГЫЗЫМ .......................................... 164**

КЫРГЫЗ БАР .......................................... 164
КЕЛ-КЕЛ .......................................... 165
КЫРГЫЗЫМ .......................................... 168
[illegible]АСТА КЫРГЫЗДЫН ЫРЫСЫ .......................................... 170

КЫРГЫЗ ЭКЕН.............................. 171
КАНА КЫРГЫЗ? ............................ 173
МАҢКУРТ, ЗОМБИ БИР ТУУГАН ........... 174
БАШТА СӨЗДҮ МАНАСТАН.................. 176
ЭСТЕЛИК .................................... 177
КЫРГЫЗ БОЛСОҢ ............................ 179
КУЛАК САЛГЫН.............................. 183
МЕН МАНАСТЫН БАЛАСЫ ................. 184
КИМ БАЙ??? ................................. 185

*Көркөм-адабий басылма*

ЖАКЫПОВ ОРОЗБАЙ

**ААЛАМГА КУЧАК АЧАМЫН**

Ырлар

Компьютердик калыпка
салган *Кадыров М.*

Форматы 70х90 1/32.
Көлөмү 12 б.т. Заказ № 81
Нускасы 500 даана.

«Бийиктик» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Ю. Абдырахманов көчөсү 170а,
Тел. 62–12–13.